К97

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК КОДЕКСИ

# ГРАЖДАНСКИЙ ПРОЦЕССУАЛЬНЫЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК КОДЕКСИ

# ГРАЖДАНСКИЙ ПРОЦЕССУАЛЬНЫЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

ФРУНЗЕ «КЫРГЫЗСТАН» 1984

67.99(2)92
К 97

Кыргыз ССРинин граждандык-процессуалдык ко-
К 97 декси.— Ф.: Кыргызстан, 1984.— 384 бет.

К $\frac{1203130000-272}{М 451 (17)-84}$

34 С64
ББК 67.99(2)92

*Бардык өлкөлөрдүн пролетарлары, бириккиле!*

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК КОДЕКСИ

*(1983-жылдын 1-январына карата өзгөрүүлөр жана толуктоолор менен үчүнчү басылышы)*

Кырг
34 + Х629.2-324.9 (2Ки)
К97

655565

Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Кирг. ССР

# КЫРГЫЗ СОВЕТТИК СОЦИАЛИСТТИК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЗАКОНУ

## КЫРГЫЗ ССРнин ГРАЖДАНДЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК КОДЕКСИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

1-статья. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын Граждандык-процессуалдык кодекси бекитилсин жана ал 1965-жылдын 1-январынан тартып колдонулсун.

2-статья. Кыргыз ССРнин Граждандык-процессуалдык кодексин колдонуу тартибин белгилөө жана Кыргыз ССРнин закондорун ушул Кодекске ылайык келтирүү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумуна тапшырылсын.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин
Президиумунун Председатели

Кыргыз ССР Жогорку Советинин
Президиумунун Секретары

*1964-жыл 30-июль.*
*Фрунзе шаары.*

# КЫРГЫЗ ССРинин ГРАЖДАНДЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК КОДЕКСИ

## I БӨЛҮМ

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1-ГЛАВА

### НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

**1-статья. Граждандык сот өндүрүшү жөнүндө закондор**

Кыргыз ССРинин бардык сотторунда граждандык иштер боюнча өндүрүштүн тартиби ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздери жана аларга ылайык чыгарылуучу ССР Союзунун башка закондору жана Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодекси менен аныкталат.

Граждандык сот өндүрүшү жөнүндөгү закондор граждандык, үй-бүлөлүк, эмгектик жана колхоздук укук мамилелеринен келип чыккан талаштар боюнча иштерди, административдик-укук мамилелеринен келип чыгуучу иштерди жана өзгөчө өндүрүштөгү иштерди кароонун тартибин белгилейт. Административдик-укук мамилелеринен келип чыгуучу иштер жана өзгөчө өндүрүштөгү иштер сот өндүрүшүнүн жалпы эрежелери боюнча ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунда белгиленген айрымдарын алып таштоо менен каралат.

**2-статья. Граждандык сот өндүрүшүнүн милдеттери**

Советтик граждандык сот өндүрүшүнүн милдеттери СССРдин коомдук түзүлүшүн, чарбанын социалисттик системасын жана социалисттик менчикти, СССР Конституциясы, Кыргыз ССР Конституциясы жана советтик закондор тарабынан гарантияланган граждандардын социалдык-экономикалык, саясий жана өздүк укуктары менен эркиндиктерин коргоо жана граждандардын закон тарабынан сакталуучу таламдарын, ошондой эле мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу таламдарын коргоо максатында граждандык иштерди туура жана тез карап чыгуу жана чечүү болуп саналат.

Граждандык сот өндүрүшү социалисттик закондуулукту чыңдоого, укук бузууну алдын ала эскертүүгө, граждандарды советтик закондорду кыйшаюусуз аткаруунун жана социалисттик бириктеш жашоо эрежелерин урматтоонун духунда тарбиялоого көмөк көрсөтүшү тийиш.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**3-статья. Граждандык иштер боюнча өндүрүштүн тартиби**

Кыргыз ССРинин сотторунда граждандык иштер боюнча өндүрүш, ишти кароо, айрым процессуалдык аракеттерди жасоо же соттун чечимин аткаруу убагында аракетте болгон ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык закондору боюнча жүргүзүлөт.

**4-статья. Соттун коргошу үчүн сотко кайрылуу укугу**

Таламы бар ар бир жак, закон тарабынан белгиленген тартипте өзүнүн бузулган же талашта турган укугун же закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыгын коргоо үчүн сотко кайрылууга акылуу.

Сотко кайрылуу укугунан отказ кылуу анык эмес болот.

**5-статья. Сотто граждандык ишти козгоо**

Сот граждандык ишти төмөндөгү учурларда кароого киришет:

1) өзүнүн укугун же закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыгын коргоо үчүн кайрылган жактын арызы боюнча;

2) прокурордун арызы боюнча;

3) закон боюнча башка жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылууга акылуу болгон учурларда мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын же айрым граждандардын арызы боюнча.

Доо өндүрүшүнүн иштери боюнча доо арыздары, административдик — укук мамилелеринен келип чыгуучу иштер боюнча жана өзгөчө өндүрүштөгү иштер боюнча даттануулар жана арыздар берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**6-статья. Сот адилеттиги граждандардын закон жана сот алдында теңдигинин негизинде сот тарабынан гана ишке ашырылышы**

Граждандык иштер боюнча сот адилеттиги бардык граждандардын закон жана сот алдында теңдигинин негизинде алардын тегине, социалдык жана мүлк абалына, расасына жана улутуна, жынысына, билимине, тилине, динге мамилесине, ишинин түрүнө жана мүнөзүнө, жашаган жерине жана башка жагдайларга карабастан сот тарабынан гана ишке ашырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**7-статья. Иштерди кароодо эл заседателдеринин катышуусу жана коллегиалдуулук**

Бардык соттордо граждандык иштер закондо белгиленген тартипте шайланган судьялар жана эл заседателдери тарабынан каралат.

Биринчи инстанциядагы бардык соттордо граждандык иштерди кароо судьянын жана эки эл заседателдеринин составында жүргүзүлөт.

Эл заседателдери сот адилеттигин ишке ашыруу кезинде судьянын бардык укуктарынан пайдаланат. Ишти кароодо жана чечим чыгарууда келип чыккан бардык маселелерди чечүүдө эл заседателдери соттук заседаниеде председателдик кылуучу менен бирдей укуктардан пайдаланышат.

Ишти кассациялык тартипте кароо соттор тарабынан соттун үч мүчөсүнүн составында, ал эми соттук надзор иретинде кароо — соттун үч мүчөсүнөн кем эмес составда ишке ашырылат.

(3-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**8-статья. Судьялардын көз каранды эместиги жана алардын законго гана баш ийиши**

Граждандык иштер боюнча сот адилеттигин иш жүзүнө ашырууда судьялар менен эл заседателдери көз каранды эмес жана законго гана баш ийишет. Судьялар менен эл заседателдери граждандык иштерди закондун негизинде, социалисттик укук сезимине ылайык, судьяларга башка бирөөнүн таасири тийбеген шарттарда чечишет.



**9-статья. Сот өндүрүшү жүргүзүлө турган тил**

Граждандык иштер боюнча сот өндүрүшү кыргыз тилинде же ошол жердеги калктын көпчүлүгүнүн тилинде жүргүзүлөт.

Сот өндүрүшү жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген адамдарга өз эне тилинде арыздарын айтуу, түшүнүктөр жана көрсөтүүлөр берүү, сотто чыгып сүйлөө жана өтүнүч кылуу, ошондой эле ушул Кодексте белгиленген тартипте котормочунун жардамынан пайдалануу укугу камсыз кылынат.

Соттук документтер закон тарабынан белгиленген тартипке ылайык, ишке катышкан адамдарга, алардын эне тилинде же алар билген башка тилге которулган түрүндө тапшырылат.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**10-статья. Соттук кароонун ачыктыгы**

Мамлекеттик жашыруун сырды сактоонун кызыкчылыгына каршы келген учурлардан тышкары убактарда, бардык соттордо иштерди кароо ачык жүргүзүлөт.

Жабык соттук кароого мындан тышкары соттун мотивделген аныктамасы боюнча ишке катышып жаткан адамдардын турмуштук жашыруун жактары жөнүндөгү маалыматтардын таралышына жол бербөө, ошондой эле бала асырап алуунун жашыруундугун камсыз кылуу максаттарында жол берилет.

Иштерди соттук жабык заседаниеде караган кезде, ишке катышуучу жактар, алардын өкүлдөрү, эгерде соттук кароого катышууга жол берилген болсо коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрү, ал эми зарыл болгон учурларда, ошондой эле күбөлөр, эксперттер жана котормочулар катышышат.

Жашы он алтыдан төмөн болгон граждандар, эгерде алар ишке катышуучу жактар же күбө болуп саналбаса, соттук заседаниенин залына жиберилбейт.

Соттук жабык заседаниеде ишти угуу сот өндүрүшүнүн бардык эрежелерин сактоо менен жүргүзүлөт. Соттордун чечимдери бардык учурларда көпчүлүк алдында жарыяланат.

(2, 3 жана 5-бөлүктөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**11-статья. Иштерди аракеттеги закондордун негизинде чечүү**

Сот, иштерди ССР Союзунун, союздук жана автономиялуу республикалардын закондорунун, СССР Жогорку Советинин Президиумунун, союздук жана автономиялуу республикалардын Жогорку Советтеринин Президиумдарынын указдарынын, ССР Союзунун, союздук жана автономиялуу республикалардын мамлекеттик жогорку башкаруу органдарынын токтомдорунун негизинде чечүүгө милдеттүү. Сот, ошондой эле мамлекеттик бийлик жана башкаруу башка органдары тарабынан, аларга берилген компетенциялардын чектеринде чыгарылган актыларды да колдонот.

Сот законго ылайык чет өлкөлүк укук нормаларын колдонот.

Талаш мамилелерди жөнгө салуучу закон жок болгон учурда сот окшош мамилелерди жөнгө салуучу законду колдонот, ал эми мындай закон жок болгон кезде сот советтик закондордун жалпы негиздери менен маанисин жетекчиликке алат.

**12-статья. Жогору турган соттордун соттук иштерге надзор кылышы**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 13-статьясына ылайык Кыргыз ССРинин сотторунун соттук иштерине надзор кылууну закондо белгиленген чектерде ССР Союзунун Жогорку Соту ишке ашырат.

Кыргыз ССР Жогорку Соту Кыргыз ССРинин бардык сотторунун соттук иштерине надзор кылууну ишке ашырат.

Областтык сот ошол областтын территориясында болгон райондук (шаардык) эл сотторунун соттук иштерине надзор кылууну ишке ашырат.

Фрунзе шаардык соту Фрунзе шаарынын райондук эл сотторунун соттук иштерине надзор кылууну ишке ашырат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-марттагы жана 1981-жыл 22-апрелдеги Указдарынын редакциясында).

**13-статья. Граждандык сот өндүрүшүндө прокурордук надзор**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 14-статьясына ылайык ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондорунун так жана бир түрдүү аткарылышына надзор кылуу СССРдин Генеральный Прокурору жана ага баш ийген Кыргыз ССРинин Прокурору жана төмөн турган прокурорлор тарабынан ишке ашырылат.

Граждандык сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында прокурор закондун ар кандай бузулушун, ал бузуулар ким тарабынан жасалгандыгына карабастан аны четтетүүгө карата закон тарабынан каралган чараларды өз убагында көрүүгө милдеттүү.

Граждандык сот өндүрүшүндө прокурор өзүнүн полномочиелерин эч кандай органдарга жана кызмат адамдарына көз каранды болбостон, законго гана баш ийип, СССРдин Генеральный Прокурорунун көрсөтмөлөрүн жетекчиликке алуу менен ишке ашырат.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**14-статья. Соттун чечиминин, аныктамасынын жана токтомунун милдеттүүлүгү**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 15-статьясына ылайык соттун закондуу күчүнө кирген чечими, аныктамасы жана токтому бардык мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар кызмат адамдары жана граждандар үчүн милдеттүү болот жана СССРдин бардык территориясында аткарылууга жатат.

Чечимдин, аныктаманын жана токтомдун милдеттүүлүгү, укуктары жана закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыктары жөнүндөгү талаш сот тарабынан каралбаган жана чечилбеген кызыкчылыгы бар жактарды, аларды коргоо үчүн сотко кайрылуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратпайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**15-статья. Сот тарабынан иштин чыныгы жагдайларынын жана тараптардын укуктары менен милдеттеринин аныкталышы**

Сот, келтирилген материалдар жана түшүнүктөр менен чектелбестен иштин чыныгы жагдайларын, тараптардын укуктары менен милдеттерин ар тараптан толук жана объективдүү аныктоо үчүн закон тарабынан каралган бардык чараларды көрүүгө милдеттүү.

Сот, ишке катышуучу жактарга алардын укуктары менен милдеттерин түшүндүрүүгө, процессуалдык аракеттер-

ди жасашынын же жасабай коюшунун натыйжалары жөнүндө эскертүүгө жана ишке катышуучу жактарга, алардын укуктарынын жүзөгө ашырылышына көмөк көрсөтүүгө тийиш.

## 2-ГЛАВА

## СОТТУН СОСТАВЫ, ОТВОДДОР

**16-статья. Граждандык иштерди кароонун коллегиалдуулугу**

Граждандык иштер бардык соттордо коллегиалдуу түрдө каралат: биринчи инстанциядагы сотто — судьянын жана эл заседателдеринин составында, кассациялык жана надзордук инстанцияларда — председателдик кылуучу жана соттун мүчөлөрүнүн составында каралат.

Ушул Кодекс менен судьяга айрым маселелерди жеке өзү чечүүгө укук берилген учурларда, ал соттун атынан аракет жасайт.

Судья жеке өзү чечүүгө укуктуу болгон маселелер сот тарабынан, ошондой эле коллегиалдуу болгон составда чечилиши мүмкүн.

**17-статья. Сот тарабынан маселелерди чечүү тартиби**

Ишти караган кезде пайда болуучу бардык маселелер судьялардын көпчүлүк добушу менен чечилет. Ар бир маселени чечкен кезде добуш берүүдөн тартынууга судьялардын эч кимиси акылуу эмес. Председателдик кылуучу добушун акырында берет.

Көпчүлүктүн чечимине макул болбогон судья, же эл заседатели өзүнүн өзгөчө пикирин кат түрүндө жазып билдириши мүмкүн. Өзгөчө пикир ишке тиркелет, бирок соттук заседание залында жарыяланбайт.

Эгерде өзгөчө пикир болгон иш, экинчи инстанциядагы сотто каралбаган болсо, чечим закондуу күчүнө киргенден кийин, иш менен кошо өзгөчө пикир чечимге протест келтирүү жөнүндөгү маселени чечүү үчүн жогору турган соттун председателине жиберилүүгө тийиш.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында)

**18-статья. Судьяны, прокурордун жана процесстин башка катышуучуларын отвод кылуу**

Судья, эл заседатели, прокурор, соттук заседаниенин секретары, эксперт жана котормочу, эгерде алар иштин чечилишинде өзүлөрүнүн түз же кыйыр кызыкчылыктары болгондо же алардын адилеттүү болушуна шек келтирүүчү башка жагдайлар болгондо, ишти кароого катыша алышпайт жана отвод кылынууга жатышат.

**19-статья. Судьяны отвод кылуу үчүн негиздер**

Судья же эл заседатели төмөнкү учурларда ишти кароого катыша албайт:

1) эгерде ал ушул иштин мурунку каралышында күбө, эксперт, котормочу, өкүл, прокурор, соттук заседаниенин секретары катарында катышкан болсо;

2) эгерде ал тараптардын, ишке катышкан башка жактардын же өкүлдөрдүн тууганы болуп саналса;

3) эгерде ал иштин чечилишине өзү түз же кыйыр кызыккан болсо же анын адилетүү болушуна шек келтирүүчү башка жагдайлар болсо.

Граждандык ишти карап жаткан соттун составында өз ара тууган болгон адамдардын болушу мүмкүн эмес.

**20-статья. Ишти кароого судьянын экинчи жолу катышуусуна жол берилбестиги**

Биринчи инстанциядагы сотто граждандык ишти кароого катышкан судья же эл заседатели, бул ишти кассациялык инстанциядагы сотто же соттук надзор тартибинде кароодо катыша албайт.

Кассациялык инстанциядагы сотто ишти кароого катышкан судья, бул ишти биринчи инстанциядагы сотто же соттук надзор тартибинде кароодо катыша албайт.

Соттук надзор тартибинде ишти кароого катышкан судья, ошол эле ишти биринчи инстанциядагы сотто жана кассациялык инстанцияда кароодо катыша албайт.

Кыргыз ССР Жогорку Сотунун Граждандык иштер боюнча соттук коллегиясында жана Президиумунда ишти кароого судьянын катышуусу, Кыргыз ССР Жогорку Сотунун Пленумунун заседаниесинде ошол эле ишти кароо боюнча анын катышуусу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Кыргыз ССР Жогорку Сотунун Пленумунда ишти кароого катышуусу, Кыргыз ССР Жогорку Сотунун Граждандык иштер боюнча соттук коллегиясынын составында ишти кароого судьянын катышуусу үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

**21-статья. Прокурорду, экспертти, котормочуну, соттук заседаниенин секретарын отвод кылуу үчүн негиздер**

Отвод кылуу үчүн ушул Кодекстин 19-статьясында көрсөтүлгөн негиздер, ошондой эле прокурорго, экспертке, котормочуга жана соттук заседаниенин секретарына да колдонулат.

Эксперт, мындан тышкары, төмөнкү учурларда ишти кароого катыша албайт:

1) эгерде ал тараптарга, ишке катышкан башка жактарга же өкүлдөргө кызматтык же дагы башкача көз карандылыкта турса же турган болсо;

2) эгерде ал ревизия жүргүзүп, анын материалдары ушул граждандык ишти козгоого карата негиз болгон болсо;

3) качан анын компетенттүү эмес экендиги билинген учурда.

Прокурордун, эксперттин, котормочунун жана соттук заседаниенин секретарынын ушул ишти мурунку кароодо тийиштүүлүгүнө жараша прокурор, эксперт, котормочу, соттук заседаниенин секретары катарында катышуусу аларды отвод кылуу үчүн негиз болуп саналбайт.

**22-статья. Коомдук уюмдардын же эмгек коллективдеринин өкүлдөрүн отвод кылуу үчүн негиздер**

Коомдук уюмдардын же эмгек коллективинин өкүлү эгерде ал иштин чечилишинде өзү түз же кыйыр кызыккан болсо же анын адилеттүү болушуна шек келтирүүчү башка жагдайлар болгондо отвод кылынышы мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**23-статья. Отводдор жөнүндө билдирүүлөр**

Ушул Кодекстин 19—22-статьяларында көрсөтүлгөн жагдайлар болгон кезде, судья, эл заседатели, прокурор, коомдук уюмдун же эмгек коллективинин өкүлү, эксперт, котормочу, соттук заседаниенин секретары өзүн өзү отвод кылгандыгын билдирүүгө милдеттүү. Ошол эле негиздер боюнча ишке катышкан адамдар тарабынан да отвод билдирилиши мүмкүн.

Отвод кылуу мотивделген жана иштин мазмуну боюнча кароону баштаганга чейин билдирилген болууга тийиш. Отвод кылууну кечирээк билдирүү, качан ал үчүн негиз отвод кылууну билдирген адамга ишти кароо башталгандан кийин белгилүү болгон учурларда гана жол берилет.



Эгерде сотко отвод кылуу үчүн негиз ишти кароо башталгандан кийин белгилүү болсо, анда сот отвод кылуу жөнүндөгү маселени чечүү максатында ал жөнүндө соттук заседаниеде билдирүүгө милдеттүү.

(1-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**24-статья. Билдирилген отводду чечүүнүн тартиби**

Отвод билдирилген учурда сот ишке катышкан жактардын пикирин угууга, ошондой эле отвод кылынган адамды да, эгерде ал түшүнүк берүүнү кааласа, угууга тийиш. Отвод жөнүндөгү маселе сот тарабынан кеңешүү бөлмөсүндө чечилет.

Судьяны же эл заседателин отвод кылуу жөнүндөгү маселе калган судьялар тарабынан, отвод кылынуучу катыштырылбай туруп чечилет. Отвод кылуу үчүн жана отвод кылууга каршы берилген добуштардын саны тең болгон кезде, судья же эл заседатели отвод кылынган болуп эсептелет.

Бир нече судьяларга же соттун бардык составына билдирилген отвод, ошол эле сот тарабынан, анын толук составында жөнөкөй көпчүлүк добуш менен чечилет.

Прокурорду, коомдук уюмдун же эмгек коллективинин өкүлүн, экспертти, котормочуну жана соттук заседаниенин секретарын отвод кылуу жөнүндөгү маселе ишти карап жаткан сот тарабынан чечилет.

(2, 4-бөлүктөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**25-статья. Отвод жөнүндөгү арыздарды канааттандыруунун натыйжалары**

Райондук (шаардык) эл сотунда ишти караган кезде, эл судьясы, эл заседатели же соттун бардык составы отвод кылынган учурда, иш ошол эле сотто, бирок судьялардын башка составында каралат, же болбосо иш каралып жаткан райондук (шаардык) эл сотунда судьяларды алмаштырууга мүмкүнчүлүк болбосо, башка райондук (шаардык) эл сотунун кароосуна өткөрүлүп берилет.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунда, областтык, Фрунзе шаардык сотторунда ишти караган кезде соттун мүчөсүн, эл заседателин же соттун бардык составын отвод кылган учурда иш ошол эле сотто, бирок судьялардын башка составында каралат.

Эгерде областтык сотто отвод кылууларды канааттан-

дыргандан кийин же ушул Кодекстин 20-статьясында көр-
сөтүлгөн себептер боюнча ушул иштн кароо үчүн судья-
лардын жаңы составын түзүүгө мүмкүнчүлүк болбосо, иш
Кыргыз ССР Жогорку Сотуна өткөрүлүп берилүүгө тийиш
(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиу-
мунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 3-ГЛАВА

## КАРАШТУУЛУК

**26-статья. Граждандык иштердин сотторго караш-туулугу**

Сотторго төмөндөгү иштер караштуу:

1) граждандык, үй-бүлөлүк, эмгектик жана колхоздук укук мамилелеринен келип чыгуучу, талаштар боюнча эгерде талаштагы тараптардын бири эле граждандын, кол-хоз, колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук ишкана, уюм же алардын бирикмеси болсо, качан мындай талаштарды чечүү закон тарабынан административдик же башка орган-дардын карамагына берилген учурлардан тышкары иштер;

2) тийиштүү эл аралык договорлордон пайда болуучу, бир жактан, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдик уюмдар, алардын бирикмелери, коомду[к] башка уюмдар, экинчи жактан, темир жол же аба тран-спорт органдарынын ортосунда эл аралык тике темир жол жана аба менен жүк ташууну жүргүзүүдө жүк ташуу до-говорлорунан келип чыгуучу талаштар боюнча иште[р;]

3) ушул Кодекстин 233-статьясында айтылган адми[ни]-стративдик укук мамилелеринен келип чыгуучу иште[р;]

4) ушул Кодекстин 247-статьясында айтылган өзгө[чө] өндүрүштөгү иштер.

Закон тарабынан алардын компетенциясына берилге[н] башка иштер да соттордун кароосуна жатат.

Соттор ошондой эле чет өлкөлүк граждандар, граждан-дыгы жок адамдар, чет өлкөлүк ишканалар жана уюмда[р] катышкан иштерди да карашат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумуну[н] 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**27-статья. Граждандык иштердин жолдоштук сотто[р]-го караштуулугу**

Закон тарабынан каралган учурларда, граждандык иш-тер, Кыргыз ССРинин жолдоштук соттору жөнүндөгү Ж-



бодо белгиленген тартипте, жолдоштук соттор тарабынан каралышы мүмкүн.

**28-статья. Талаштарды третей сотторунун чечүүсүнө өткөрүп берүү**

Закондо же эл аралык договордо каралган учурларда, граждандык укук мамилелеринен келип чыккан талаштар тараптардын макулдугу боюнча третей сотунун, Деңиздик арбитраждык комиссиянын же СССРдин Соода-өнөр жай палатасынын алдындагы тышкы сооданын арбитраждык комиссиясынын кароосуна өткөрүп берилиши мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**29-статья. Өз ара байланыштуу болгон бир нече талаптардын караштуулугу**

Өз ара байланыштуу болгон бир нече талаптар бириктирилген кезде алардын бири сотко, ал эми экинчилери — арбитраж органдарына караштуу болсо, анда бардык талаптар сотто каралууга тийиш.

## 4-ГЛАВА

## ИШКЕ КАТЫШУУЧУ ЖАКТАР

**30-статья. Ишке катышуучу жактардын составы**

Ишке катышуучу жактардан болуп төмөнкүлөр таанылат: тараптар, үчүнчү жактар, прокурор, ушул Кодекстин 5-жана 43-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча процесске катышуучу мамлекеттик башкаруу органдары, профсоюздар, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же айрым граждандар; ушул Колекстин 233-жана 247-статьяларында айтылган иштер боюнча арыз берүүчүлөр, кызыкчылыгы бар граждандар, мамлекеттик башкаруу органдары, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**31-статья. Ишке катышуучу жактардын укуктары жана милдеттери**

Ишке катышуучу жактардын иштеги материалдар менен таанышууга, алардан [illegible] кылууга, копияларын



Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР
555768

алуута, отвод билдирүүгө далилдер келтирүүгө, далилдерди изилдөөгө катышууга, ишке катышып жаткан башка жактарга, күбөлөргө жана эксперттерге суроолор берүүгө, өтүнүч коюуга, сотко оозеки жана кат түрүндө түшүнүк берүүгө, соттук кароонун жүрүшүндө келип чыгуучу бардык маселелер боюнча өзүнүн доводдорун келтирүүгө жана пикирлерин айтууга, ишке катышуучу башка адамдардын өтүнүчтөрүнө, доводдоруна, пикирлерине каршы чыгууга, соттун чечимдерине жана аныктамаларына даттануу келтирүүгө жана аларга ушул Кодекс менен берилген башка процессуалдык укуктарды пайдаланууга укугу бар.

Ишке катышуучу жактар, өзүлөрүнө тиешелүү болгон бардык процессуалдык укуктарды ак ниеттүүлүк менен пайдаланууга милдеттүү.

32-статья. Граждандык-процессуалдык укукка жөндөмдүүлүгү

Граждандык-процессуалдык укукка жана милдеттерге ээ болуу жөндөмдүүлүгү (граждандык-процессуалдык укукка жөндөмдүүлүгү) СССРдин бардык граждандарына, ошондой эле юридикалык жактардын укуктарынан пайдалануучу мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар бирдей өлчөмдө таанылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

33-статья. Граждандык-процессуалдык аракет жөндөмдүүлүгү

Сотто өз укугун жүзөгө ашыруу жана иш жүргүзүүнү өкүлгө тапшыруу жөндөмдүүлүгү (граждандык-процессуалдык аракет жөндөмдүүлүгү) жашка жеткен граждандарга жана юридикалык жактарга таандык болот.

Он бештен он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендердин, ошондой эле аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган граждандардын укуктары жана закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыктары сотто алардын ата-энелери, бала кылып алуучулары (усыновители) же попечителдери (кам көрүүчүлөрү) тарабынан корголот. Бирок сот мындай иштерге жашы жетпегендердин же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган граждандардын өзүлөрүн катыштырууга милдеттүү.

Закондо каралган учурларда, атап айтканда эмгектик, нике-үй-бүлөлүк, колхоздук мамилелерден келип, ошондой эле алган эмгек акыларын башкарууга байланыштуу бү-



түмдөрдөн чыккан иштер боюнча, он бештен он сегиз жашка чейинки жашы жетпегендер сотто өз укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыктарын коргоого укугу бар. Жашы жетпегендердин мындай иштерге ата-энелерин, бала кылып алуучуларын же попечителдерин аларга жардам көрсөтүү үчүн катыштыруу соттун кароосуна байланыштуу болот.

Он беш жашка жете элек жашы жетпегендердин, ошондой эле жин оорулуулугунун же кем акылдыгынын натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок деп таанылган граждандардын укуктары жана закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыктары сотто алардын закондуу өкүлдөрү — ата-энелери, бала кылып алуучулары же опекундары тарабынан корголот.

34-статья. Тараптар

Граждандык процессте тараптар — доогер же жоопкер болуп граждандар, ошондой эле юридикалык жактардын укуктарынан пайдалануучу мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар болушу мүмкүн.

Жак, анын кызыкчылыгына карата прокурордун, мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же айрым граждандардын арыздары боюнча иш башталса, качан алардын закон боюнча башка жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко кайрылуулары мүмкүн болсо, келип чыккан процесс жөнүндө кабар кылынат жана анда ал доогер катары катышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

35-статья. Тараптардын процессуалдык укуктары

Тараптар тең болгон процессуалдык укуктардан пайдаланышат.

Ушул Кодекстин 31-статьясында көрсөтүлгөн укуктардан тышкары, доогер доонун негизин же доонун предметин өзгөртүүгө, доолук талаптардын өлчөмүн көбөйтүүгө, же азайтууга же доодон отказ кылууга акылуу. Жоопкер доону мойнуна алууга акылуу. Тараптар ишти тынышуу келишими менен бүткөрүшү мүмкүн.

Сот, доогердин доодон отказ кылышын, жоопкердин

доону моюнга алышын, эгерде бул аракеттер законго карама-каршы келсе же кимдир бирөөнүн укуктарын жана закон тарабынан корголуучу кызыкчылыктарын бузса, кабыл албайт жана тараптардын тынышуу келишимин бекитпейт.

Тараптар соттун чечимин мажбурлоо менен аткарылышын талап кылууга жана соттун чечимин аткаруу боюнча болгон сот аткаруучусунун аракеттеринде болууга акылуу.

**36-статья. Иште бир нече доогерлердин же жоопкерлердин катышуусу**

Доо бир нече доогерлер тарабынан биримдикте же бир нече жоопкерлерге карата коюлушу мүмкүн. Доогерлердин же жоопкерлердин ар бири экинчи тарапка карата процессте өз алдынча аракет жасайт. Шериктештер (соучастники) ишти жүргүзүүнү шериктеринин бирине тапшыра алат.

**37-статья. Тиешелүү болбогон тарапты алмаштыруу**

Сот, ишти карап жаткан убакта талап кылуу укугу болгон жак тарабынан эмес башка жак тарабынан доо келтирилгендигин же доо боюнча жооп берүүгө тиешелүү болгон адамдан башка адамга доо келтирилгендигин аныктаганда, доогердин макулдугу менен, ишти кыскартпастан алгачкы доогерди же жоопкерди тийиштүү доогер же жоопкер менен алмаштыра алат.

Эгерде доогер аны башка бир жак менен алмаштырууга макул болбосо, анда ал жак талаштын предметине өз алдынча талап коюу менен ишке үчүнчү жак катары кириши мүмкүн, ал жөнүндө сот ошол жакка билдирет.

Эгерде доогер жоопкерди башка жак менен алмаштырууга макул болбосо, сот ал жакты экинчи жоопкер катарында катыштыра алат.

Тиешелүү болбогон тарапты алмаштыргандан кийин же болбосо өз алдынча талап коюшун билдирүү менен ишке үчүнчү жак кирсе, же экинчи жоопкер ишке катыштырылган болсо, ишти кароо эң башынан башталат.

**38-статья. Талаштын предметине карата өз алдынча талап койгондугун билдирүүчү үчүнчү жактар**

Талаштын предметине карата өз алдынча талап койгондугун билдирүүчү үчүнчү жактар сот тарабынан чечим кабыл алынганга чейин ишке кирише алат. Алар доогердин баардык укуктарынан пайдаланышат жана доогердин бардык милдеттерин аткарат.



**39-статья. Талаштын предметине карата өз алдынча талап койбогон үчүнчү жактар**

Талаштын предметине карата өз алдынча талап койгондугун билдирбеген үчүнчү жактар сот тарабынан чечим кабыл алынганга чейин, эгерде иш боюнча болгон чечимдин тараптардын бирине карата алардын укуктарына же милдеттерине таасир тийгизиши мүмкүн болсо, иште доогердин же жоопкердин жагында болушу мүмкүн. Алар ишке, ошондой эле тараптардын, прокурордун өтүнүчтөрү боюнча же соттун демилгеси боюнча да катышууга тартылышы мүмкүн.

Өз алдынча талап койгондугун билдирбеген үчүнчү жактар, доонун негиздерин жана предметин өзгөртүү, доолук талаптардын өлчөмүн көбөйтүү же азайтуу, доодон баш тартуу, доону моюнга алуу, же тынышуу келишимин түзүү, ошондой эле соттун чечиминин аткарылышын мажбурлоону талап кылуу укуктарынан тышкары тараптын процессуалдык укуктарынан пайдаланышат жана тараптардын процессуалдык милдеттерин аткарышат.

**40-статья. Жумушка кайра коюу жөнүндөгү иштер боюнча үчүнчү жактарды ишке катыштыруу**

Законсуз бошотулган же которуштурулган кызматкерлердин жумушуна кайра коюу жөнүндөгү иштер боюнча сот, аны бошотуу же которуштуруу жөнүндөгү буйрук берген кызмат адамын жоопкер жагында үчүнчү жак катары өз демилгеси боюнча катыштыра алат. Сот, бошотууну же которуштурууну законду ап-ачык бузуу менен жүргүзгөндүгүн аныктаса, ошол эле процессте — күнөөлүү кызмат адамына, аргасыз бош жүргөн убагы же аз акы төлөнүүчү иш аткарган мезгили үчүн төлөөгө байланыштуу келтирилген мамлекеттик ишкананын, мекеменин, уюмдун, колхоздун, кооперативдик башка уюмдун, алардын бирикмесинин, коомдук башка уюмдун тарткан зыяндарын төлөп берүү милдетин жүктөөгө тийиш. Мындай учурларда кызмат адамдарынан өндүрүлүп алынуучу сумманын өлчөмү эмгек жөнүндөгү закондор менен аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелиндеги Указынын редакциясында).

**41-статья. Процессуалдык укук кабыл алуучулук**

Талаштуу же чечим менен аныкталган укук мамилелериндеги тараптардын бири чыгып калган учурларда (граждандын өлүмү, юридикалык жактан болушунун кыска-

рышы, талапты өткөрүү, карызды которуу) сот ошол талапты анын укук кабыл алуучусу менен алмаштырууга жол берет. Укук кабыл алуучулук процесстин ар кандай стадиясында жүргүзүлүшү мүмкүн.

Укук кабыл алуучу үчүн, анын катышуусуна чейинки процессте жүргүзүлгөн бардык аракеттер, укук кабыл алуучу алмаштырган жак үчүн алар кандайча милдеттүү болотурган болсо, ошондой эле өлчөмдө милдеттүү болот.

**42-статья. Прокурордун процесске катышуусу**

Прокурор, эгерде мамлекеттик же коомдун кызыкчылыктарын же граждандардын укугу менен закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыктарын коргоо талап кылса, процесстин ар кандай стадиясында башка жактардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу таламдарын коргоого алып, арыз менен сотко кайрылууга же ишке катышууга укугу бар.

Закондо көрсөтүлгөн же сот ушул ишке прокурордун катышуусун зарыл деп тапкан учурларда, граждандык ишти кароодо прокурордун катышуусу милдеттүү болот.

Ишке катышкан прокурор иштеги материалдар менен таанышат, отвод жарыялайт, далилдерди келтирет, далилдерди изилдөөгө катышат, өтүнүч коёт, ишти караган убакта келип чыккан маселелер боюнча жана бүтүндөй иштин мазмуну боюнча корутундулар берет, ошондой эле закондо каралган процессуалдык башка аракеттерди жасайт. Башка жактын таламдарын коргоого алып берилген арыздан прокурордун отказ кылышы, ал жакты ишти мазмуну боюнча кароону талап кылуу укугунан ажыратпайт. Мындай учурларда сот расходдору жалпы негиздерде төлөнөт.

(1, 3-бөлүктөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 20-апрелдеги Указынын редакциясында).

**43-статья. Процесске башка жактардын укугун коргоочу мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана айрым граждандардын катышуусу**

Закон тарабынан каралган учурларда башка жактардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу таламдарын коргоого алып мамлекеттик башкаруу органдары, профсоюздар, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же айрым граждандар арыз менен сотко кайрыла алышат. Көрсөтүлгөн органдардын жана граждандардын башка жактын таламдарын коргоого алып берилген арыздан отказ кылышы, ал жакты ишти мазмуну боюнча кароону талап кылуу укугунан ажыратпайт.

Закондо каралган учурларда мамлекеттик башкаруу органдары, аларга жүктөлгөн милдеттерди иш жүзүнө ашыруу максаттарында, иш боюнча корутундулар берүү, үчүн жана граждандардын укуктарын жана мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо үчүн сот тарабынан процесске катышууга тартылышы же процесске өз демилгеси боюнча катышышы мүмкүн.

Ушул статьяда көрсөтүлгөн мамлекеттик башкаруу органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар өзүлөрүнүн өкүлдөрү аркылуу жана айрым граждандар иштеги материалдар менен таанышууга, отвод жарыялоого, түшүнүктөр берүүгө, далилдерди келтирүүгө, далилдерди изилдөөгө катышууга, өтүнүч коюуга, ошондой эле закондо каралган процессуалдык башка аракеттерди жасоого акылуу.

(Заголовкасы, 1-жана 3-бөлүктөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 5-ГЛАВА

## СОТТОГУ ӨКҮЛДҮК

**44-статья. Иштерди өкүлдөр аркылуу жүргүзүү**

Сотто граждандар өз иштерин өздөрү же өкүлдөрү аркылуу жүргүзө алат. Ишке граждандын өзүнүн катышкандыгы ушул иш боюнча анын өкүлү болушунун укугунан ажыратпайт.

Юридикалык жактардын иштерин сотто закон, устав же жобо тарабынан аларга берилген укуктардын чектеринде аракет кылуучу алардын органдары, же болбосо алардын өкүлдөрү жүргүзөт. Юридикалык жактардын органы катарында катышкан уюмдардын жетекчилери сотко, алардын кызмат абалын же полномочиелерин күбөлөндүрүүчү документтерин келтиришет.

**45-статья. Сотто өкүл боло ала турган адамдар**

Сотто төмөнкүлөр өкүл боло алат:

1) адвокаттар;

2) мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын кыз-

маткерлери — ушул ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын иштери боюнча;

3) профессионалдык союздардын уполномочендери — жумушчулардын, кызматчылардын, колхоз мүчөлөрүнүн, ошондой эле укуктарын жана таламдарын коргоо профессионалдык союздар тарабынан ишке ашырылуучу башка жактардын иштери боюнча;

4) уюмдардын уполномочендери, закон, устав же жобо тарабынан аларга ушул уюмдардын мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо укугу берилген болсо;

5) уюмдардын уполномочендери, закон, устав же жобо тарабынан аларга башка жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо укугу берилген болсо;

6) шериктеринин бири башка шериктеринин тапшыруусу боюнча (ушул Кодекстин 36-статьясы);

7) ишти карап жаткан сот тарабынан, ушул иш боюнча өкүлдүккө карата жол берилген адамдар.

(2, 3-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**46-статья. Сотто өкүл боло албай турган адамдар**

Жашы жетпеген же опекундун же попечителдин карамагында болгон адамдар сотто өкүл боло алышпайт.

ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин адвокатура жөнүндөгү закондорунда белгиленген эрежелерди бузуу менен юридикалык жардам көрсөтүү тууралу тапшырма алган адвокаттар сотто өкүл боло алышпайт. Адвокаттар коллегиясынан чыгарылган адамдар, ушул Кодекстин 45-статьясынын 7-пунктында каралган учурда сот тарабынан өкүл болушуна жол берилиши тийиш эмес.

Сотто судьялар, тергөөчүлөр жана прокурорлор өкүл боло албайт. Бул эреже жогоруда көрсөтүлгөн адамдардын процессте ушул тиешелүү соттун, прокуратуранын уполномочендери катарында же закондуу өкүлдөрү катарында чыгууларына тоскоолдук кыла албайт.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**47-статья. Өкүлдүн полномочиесин оформить этүү**

Өкүлдүн полномочиеси законго ылайык берилген жана оформить этилген ишеним катта көрсөтүлгөн болуулары тийиш.

Граждандар тарабынан берилүүчү ишеним каттар нотариалдык тартипте күбөлөндүрүлөт. Граждандар тарабынан берилүүчү ишеним каттар, ошондой эле ишенүүчү адам иштеген же окуган ишканалар, мекемелер, уюмдар, окуу жайлары тарабынан, ал жашаган үйлөрдүн башкармасы тарабынан, граждандын дарыланып жаткан стационардык дарылоо мекемесинин администрациясы тарабынан, эгерде ишеним кат аскер кызматчысы тарабынан берилип жатса, тиешелүү аскер бөлүгү тарабынан күбөлөндүрүлүшү мүмкүн. Камакта жаткан граждандын тарабынан берилүүчү ишеним кат тийиштүү камак жайынын администрациясы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

Юридикалык жактын атынан болгон ишеним кат тийиштүү уюмдун жетекчиси тарабынан берилет.

Профессионалдык союздардын жана башка уюмдардын полномочендери (ушул Кодекстин 45-статьясынын 3, 4 жана 5-пункттары) сотко, тийиштүү уюмдардын ушул иш боюнча өкүлдүктү ишке ашырууну тапшыргандыгын күбөлөндүрүүчү документтерди келтирүүлөрү тийиш.

Адвокаттын полномочиелери юридикалык консультация тарабынан берилген ордер менен күбөлөндүрүлөт.

Ушул Кодекстин 45-статьясынын 6 жана 7-пункттарында көрсөтүлгөн өкүлдөрдүн полномочиелери, сотто соттук заседаниенин протоколуна жазылуу менен ишенүүчүнүн оозеки билдирүүсү түрүндө болушу мүмкүн.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**48-статья. Өкүлдүн полномочиелери**

Сотто ишти жүргүзүүгө полномочие, өкүлгө өкүл коюучунун атынан ишти жолдоштук сотко же третей сотуна өткөрүп берүүдөн, доолук талаптардан толук же жарым-жартылай отказ кылуудан, доону моюнга алуудан, доонун предметин өзгөртүүдөн, тынышуу келишимин түзүүдөн, полномочиелигин башка адамга өткөрүп берүүдөн (ишенимди өткөрүү), соттун чечимдерин даттануудан, өндүрүү үчүн аткаруу барагын келтирүүдөн, ыйгарып берилген мүлктү же акчаны алуудан тышкары бардык процессуалдык аракеттерди жасоого укук берет. Ушул статьяда көрсөтүлгөн ар бир аракетти жасоого өкүлдүн полномочиелиги, өкүл коюучу тарабынан берилген ишеним катта атайын айтылып жазылган болушу тийиш.

**49-статья. Закондуу өкүлдөр**

Аракет жөндөмдүүлүгү жок граждандардын, аракет жөндөмдүүлүгүнө толук ээ болбогон граждандардын жана

аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп таанылган граждандардын укуктары жана закон тарабынан корголуучу кызыкчылыктары сотто алардын ата-энелери, бала кылып алуучулары, опекундары же попечителдери тарабынан корголот, алар болсо сотко өздөрүнүн полномочиелерин күбөлөндүрүүчү документтерин келтиришет. Закондуу өкүлдөр өкүл коюучулардын атынан закондо көрсөтүлгөн чектөөлөр менен өкүл коюучулар жасоого акылуу болгон бардык процессуалдык аракеттерди жасашат.

Белгиленген тартипте дайынсыз жок болгон деп табылган граждапин катышуусуга тийиш болгон иш боюнча, анын өкүлү катарында, дайынсыз жок болгондун мүлкүн сактоо жана башкаруу үчүн дайындалган опекун катышат.

Өлгөн же белгиленген тартипте өлдү деп жарыяланган адамдын мураскору катышууга тийиш болгон иш боюнча, эгерде мурас али эч ким тарабынан кабыл алынбаган болсо, мураскордун өкүлү катарында мурастык мүлктү сактоо жана башкаруу үчүн дайындалган опекун катышат.

Ушул статьяда каралган учурларда, закондуу өкүлдөрү өздөрүн өкүл коюучуларынын ишин сотто жүргүзүүнү, алар тарабынан өкүл катарында шайланган башка адамга тапшыра алышат.

## 6-ГЛАВА

## ДАЛИЛДЕР

### 50-статья. Далилдер

Граждандык иш боюнча далилдер болуп ар кандай чыныгы маалыматтар саналат, бул маалыматтардын негизинде сот закон тарабынан белгиленген тартипте тараптардын талаптарын жана каршы болууларын негиздөөчү жагдайлардын бар экендигин же жоктугун жана иштин туура чечилиши үчүн мааниси болгон башка жагдайларды аныктайт.

Бул маалыматтар төмөндөгү жолдор менен аныкталат: тараптардын жана үчүнчү жактардын түшүнүктөрү, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү, кат жүзүндөгү далилдер, буюм далилдери жана эксперттердин корутундулары менен.

### 51-статья. Далилдөөнүн милдети жана далилдерди келтирүү

Ар бир тарап өзүнүн талаптарынын жана каршы болууларынын негизи кылып көрсөткөн жагдайларын далилдөөгө тийиш.



Далилдер тараптар тарабынан жана ишке катышып жаткан башка жактар тарабынан келтирилет. Эгерде келтирилген далилдер жетишсиз болсо, сот тараптарга жана ишке катышып жаткан башка жактарга кошумча далилдерди келтирүүнү сунуш кылат же аларды өзүнүн демилгеси боюнча чогултат.

### 52-статья. Далилдердин тиешелүүлүгү

Сот келтирилген далилдердин ичинен ишке мааниси болгондорун гана кабыл алат.

### 53-статья. Далилдердин кабыл алынышы

Закон боюнча далилдөөнүн белгилүү каражаттары менен аныкталышы тийиш болгон иштин жагдайлары далилдөөнүн башка эч кандай каражаттары менен ырасталууга тийиш эмес.

### 54-статья. Далилдөөдөн бошотууга болгон негиздер

Сот тарабынан жалпыга маалим деп таанылган жагдайлар далилдөөнү талап кылбайт.

Граждандык бир иш боюнча соттун закондуу күчүнө кирген чечими менен аныкталган фактылар, ошол эле жактар катышып жатышкан башка граждандык иштер каралганда кайра далилденүүгө жатпайт.

Соттун уголовный иш боюнча закондуу күчүнө кирген өкүмү, соттун өкүмү чыккан адамдардын аракеттеринин граждандык-укук натыйжалары жөнүндөгү ишин карап жаткан сот үчүн, бул аракеттер анык болгонбу жана алар ушул адам тарабынан жасалганбы деген маселелер боюнча гана милдеттүү.

Ишти кароодо, закон аныкталган деп болжолдогон фактылар далилденүүгө жатпайт. Мындай болжолдоолор жалпы тартипте жокко чыгарылышы мүмкүн.

Соттун жагдайлар далилдөөлөрдү талап кылбайт деп билүү жөнүндөгү аныктамасы мотивделген болууга тийиш.

### 55-статья. Далилдерди баалоо

Сот закондуу жана социалисттик укук аң-сезимдүүлүктү жетекчиликке алып, иштердин бардык жагдайларынын жыйындысы менен соттук заседаниеде ар тараптан, толук жана объективдүү кароого негизделген өзүнүн ички ишенимп боюнча далилдерди баалайт.

Сот үчүн эч кандай далилдер мурда белгиленген күчкө ээ болбойт.

**56-статья. Соттук тапшырмалар**

Ишти карап жаткан сот далилдерди башка шаарда же райондо чогултуу зарыл болгон учурда, тиешелүү сотко айрым процессуалдык аракеттерди жүргүзүүнү тапшырат.

Соттун тапшырмасы жөнүндөгү аныктамада каралып жаткан иштин кыскача мазмуну баяндалат, аныкталууга тиешелүү болгон жагдайлар, тапшырманы аткаруучу сот жыйнай турган далилдер көрсөтүлөт. Бул аныктама, ал адрестелген сот үчүн милдеттүү болот жана он күнгө чейинки мөөнөттө аткарылууга тийиш.

**57-статья. Соттук тапшырманы аткаруунун тартиби**

Соттук тапшырманы аткаруу, ушул Кодекс тарабынан белгиленген эрежелер боюнча соттук заседаниеде жүргүзүлөт. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убактысы жана орду жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калышы тапшырманы аткарууга тоскоолдук болбойт.

Протоколдор жана тапшырманы аткарууда чогултулган бардык материалдар ишти карап жаткан сотко токтоосуз жиберилет.

Эгерде тапшырманы аткаруучу сотко түшүнүк же көрсөтүү берген ишке катышуучу жактар же күбөлөр ишти карап жаткан сотко келишсе, алар түшүнүктөрдү же көрсөтүүлөрдү жалпы тартипте беришет.

**58-статья. Далилдерди камсыз кылуу**

Өзүлөрүнө зарыл болгон далилдерди келтирүү кийинчерээк мүмкүн болбой калат же кыйын болот деп шектенүүгө негизи бар жактар, бул далилдерди камсыз кылуу жөнүндө соттон сурана алышат.

Ишти сотто козгогонго чейинки далилдерди камсыз кылуу «Мамлекеттик нотариат жөнүндөгү» Кыргыз ССРинин Законунда каралган тартипте мамлекеттик нотариалдык конторалар тарабынан жүргүзүлөт.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**59-статья. Далилдерди камсыз кылуу жөнүндө арыз**

Далилдерди камсыз кылуу жөнүндөгү арызда камсыз кылынуусу зарыл болгон далилдер, ушул далилдер менен аныктоого зарыл болгон жагдайлар, арызданууучуну камсыз кылуу жөнүндөгү суроо менен кайрылууга мажбур кылган себептер, жана да далилдерди камсыз кылуу үчүн зарыл болгон иш көрсөтүлүүгө тийиш.



Арыз, далилдерди камсыз кылуу боюнча процессуалдык аракетте жүргүзүлүүгө тийиш болгон райондун сотуна берилет.

Судьянын арызды кабыл алгандыгы жөнүндөгү аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**60-статья. Далилдерди камсыз кылуунун тартиби**

Далилдерди камсыз кылуу ушул Кодекс менен белгиленген эрежелер боюнча судья же сот тарабынан жүргүзүлөт.

Арызданууучу жана ишке катышуучу башка жактар, далилдерди камсыз кылуу убакыт жана жер жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калуусу, далилдерди камсыз кылуу жөнүндөгү арызды кароого карата тоскоолдук болбойт.

Протоколдор жана далилдерди камсыз кылуу иретинде чогултулган бардык материалдар ишти карап жаткан сотко жиберилет.

**61-статья. Тараптардын жана үчүнчү жактардын түшүндүрүүлөрү**

Тараптардын жана үчүнчү жактардын ишке мааниси бар, аларга белгилүү болгон жагдайлар жөнүндөгү түшүндүрүүлөрү, иш боюнча чогултулган башка далилдер катары текшерилүүгө жана бааланууга жатат.

Экинчи тарап өзүнүн талабын же нааразылыгын негиздеген фактыларды биринчи тарап тарабынан моюнга алуусу сот үчүн милдеттүү болуп саналбайт.

Эгерде моюнга алуу иштин жагдайына ылайык келерине жана тарап тарабынан алдоонун, зордуктун, коркутуунун, адаштыруунун таасири астында же чындыкты жашыруу максатында жасалган деп сотто шектенүү болбосо, сот моюнга алынган фактыны аныкталды деп эсептей алат.

**62-статья. Күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү**

Ишке тиешеси бар, кандайдыр бир жагдайлар ага белгилүү болууга мүмкүн болгон ар кандай адам күбө боло алат.

Төмөнкүлөрдү күбө катарында чакырууга жана суроого болбойт:

1) граждандык иш боюнча өкүлдөрдү же уголовный иш боюнча жактоочуларды — өкүлдүк же жактоочулук милдеттерин аткарууга байланыштуу аларга белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө;

2) өздөрүнүн физический же акыл-эсинин кемчилигинен

**56-статья. Соттук тапшырмалар**

Ишти карап жаткан сот далилдерди башка шаарда же райондо чогултуу зарыл болгон учурда, тиешелүү сотко айрым процессуалдык аракеттерди жүргүзүүнү тапшырат.

Соттун тапшырмасы жөнүндөгү аныктамада каралып жаткан иштин кыскача мазмуну баяндалат, аныкталууга тиешелүү болгон жагдайлар, тапшырманы аткаруучу сот жыйнай турган далилдер көрсөтүлөт. Бул аныктама, ал адресттелген сот үчүн милдеттүү болот жана он күнгө чейинки мөөнөттө аткарылууга тийиш.

**57-статья. Соттук тапшырманы аткаруунун тартиби**

Соттук тапшырманы аткаруу, ушул Кодекс тарабынан белгиленген эрежелер боюнча соттук заседаниеде жүргүзүлөт. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убактысы жана орду жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калышы тапшырманы аткарууга тоскоолдук болбойт.

Протоколдор жана тапшырманы аткарууда чогултулган бардык материалдар ишти карап жаткан сотко токтоосуз жиберилет.

Эгерде тапшырманы аткаруучу сотко түшүнүк же көрсөтүү берген ишке катышуучу жактар же күбөлөр ишти карап жаткан сотко келишсе, алар түшүнүктөрдү же көрсөтүүлөрдү жалпы тартипте беришет.

**58-статья. Далилдерди камсыз кылуу**

Өзүлөрүнө зарыл болгон далилдерди келтирүү кийинчерээк мүмкүн болбой калат же кыйын болот деп шектенүүгө негизи бар жактар, бул далилдерди камсыз кылуу жөнүндө соттон сурана алышат.

Ишти сотто козгогонго чейинки далилдерди камсыз кылуу «Мамлекеттик нотариат жөнүндөгү» Кыргыз ССРинин Законунда каралган тартипте мамлекеттик нотариалдык конторалар тарабынан жүргүзүлөт.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**59-статья. Далилдерди камсыз кылуу жөнүндө арыз**

Далилдерди камсыз кылуу жөнүндөгү арызда камсыз кылынуусу зарыл болгон далилдер, ушул далилдер менен аныктоого зарыл болгон жагдайлар, арызданууччуну камсыз кылуу жөнүндөгү суроо менен кайрылууга мажбур кылган себептер, жана да далилдерди камсыз кылуу үчүн зарыл болгон иш көрсөтүлүүгө тийиш.



Арыз, далилдерди камсыз кылуу боюнча процессуалдык аракетте жүргүзүлүүгө тийиш болгон райондун сотуна берилет.

Судьянын арызды кабыл алгандыгы жөнүндөгү аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**60-статья. Далилдерди камсыз кылуунун тартиби**

Далилдерди камсыз кылуу ушул Кодекс менен белгиленген эрежелер боюнча судья же сот тарабынан жүргүзүлөт.

Арызданууччу жана ишке катышуучу башка жактар, далилдерди камсыз кылуу убакыт жана жер жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калуусу, далилдерди камсыз кылуу жөнүндөгү арызды кароого карата тоскоолдук болбойт.

Протоколдор жана далилдерди камсыз кылуу иретинде чогултулган бардык материалдар ишти карап жаткан сотко жиберилет.

**61-статья. Тараптардын жана үчүнчү жактардын түшүндүрүүлөрү**

Тараптардын жана үчүнчү жактардын ишке мааниси бар, аларга белгилүү болгон жагдайлар жөнүндөгү түшүндүрүүлөрү, иш боюнча чогултулган башка далилдер катары текшерилүүгө жана бааланууга жатат.

Экинчи тарап өзүнүн талабын же наразылыгын негиздеген фактыларды биринчи тарап тарабынан моюнга алуусу сот үчүн милдеттүү болуп саналбайт.

Эгерде моюнга алуу иштин жагдайына ылайык келерине жана тарап тарабынан алдоонун, зордуктун, коркутуунун, адаштыруунун таасири астында же чындыкты жашыруу максатында жасалган деп сотто шектенүү болбосо, сот моюнга алынган фактыны аныкталды деп эсептей алат.

**62-статья. Күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү**

Ишке тиешеси бар, кандайдыр бир жагдайлар ага белгилүү болууга мүмкүн болгон ар кандай адам күбө боло алат.

Төмөнкүлөрдү күбө катарында чакырууга жана суроого болбойт:

1) граждандык иш боюнча өкүлдөрдү же уголовный иш боюнча жактоочуларды — өкүлдүк же жактоочулук милдеттерин аткарууга байланыштуу аларга белгилүү болгон жагдайлар жөнүндө;

2) өздөрүнүн физический же акыл-эсинин кемчилигинен

фактыларды туура кабыл алууга же алар жөнүндө туура көрсөтүүлөр берүүгө жөндөмдүү болбогон адамдарды.

Күбөнү чакыруу жөнүндө өтүнүч келтирген жак күбөнүн ишке мааниси бар кандай жагдайларды далилдей ала тургандыгын көрсөтүүгө жана сотко анын аты, атасынын аты, фамилиясы жана жашаган жерин билдирүүгө милдеттүү.

### 63-статья. Күбөнүн милдеттери

Күбө катарында чакырылган адам сотко келүүгө жана туура көрсөтүүлөр берүүгө милдеттүү.

Эгерде чакырылган күбө, сот тарабынан жүйөсүз деп табылган себептер боюнча соттук заседаниеге келбесе, ал он сомго чейинки өлчөмдөгү штрафка тартылат, ал эми экинчи чакыруу боюнча да келбесе, мажбурлоо приводу менен келтирилет.

Соттун чакыруусу боюнча келүүдөн кыянаттык менен баш тарткандыгы же көрсөтүү берүүдөн отказ кылгандыгы үчүн күбө Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 189-статьясы боюнча, ал эми билип туруп жалган көрсөтүү бергендиги үчүн — Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 188-статьясы боюнча жоопту болот.

Күбө, эгерде ал оорунун, карылыктын, инвалиддүүлүктүн натыйжасында же башка жүйөлүү себептер менен соттун чакыруусу боюнча келүүгө мүмкүнчүлүгү болбосо, сот тарабынан ал турган жерде суралууга болот.

### 64-статья. Кат жүзүндөгү далилдер

Кат жүзүндөгү далилдерден болуп иш үчүн мааниси бар жагдайлар жөнүндөгү маалыматтарды билдирген актылар, документтер, иш боюнча же өздүк мүнөздөгү каттар саналат.

Кат жүзүндөгү далилди келтирген же аны суратып алуу жөнүндө өтүнүч кылган жак ишке мааниси бар кандай жагдайлар бул далил менен аныктала тургандыгын көрсөтүүгө милдеттүү.

### 65-статья. Кат жүзүндөгү далилдерди суратып алуунун жана келтирүүнүн тартиби

Соттон кандайдыр бир кат жүзүндөгү далилди ишке катышуучу же катышпаган жактардан суратып алуу жөнүндө өтүнүч кылган жак, ал далилди белгилеп жана далилди ушул жакта деп эсептөөнүн негиздерин көрсөтүшү тийиш.

Мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же граждандардан сот тарабынан талап кылынган кат жүзүндөгү далилдер тике эле сотко жиберилет.

Сот ошондой эле кат жүзүндөгү далилдерди суратып алдырууга өтүнүч кылган жакка сотко келтирүү үчүн, аны алууга укуктуулугу жөнүндө суроо кагазын бере алат.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 66-статья. Кат жүзүндөгү далилдерди келтирүү милдети

Ишке катышпаган мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же айрым граждандар талап кылынган кат жүзүндөгү далилдерди келтирүүгө же аны сот белгилеген мөөнөттө келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрү болбосо, бул жөнүндө себебин көрсөтүү менен сотко билдирүүгө милдеттүү.

Кабар бербеген учурда, ошондой эле, эгерде соттун кат жүзүндөгү далилди келтирүү жөнүндөгү талабы сот тарабынан жүйөөсүз деп табылган себептер боюнча аткарылбаса, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын күнөлүү кызмат адамдары же граждандары он сомго чейин өлчөмдөгү штрафка кириптер кылынат. Штраф салуу, тийиштүү кызмат адамдарды жана граждандарды сот талап кылган кат жүзүндөгү далилдер келтирүү милдетинен бошотпойт.

Кат жүзүндөгү далилдер эреже катарында түп нускада келтирилет. Эгерде документтин копиясы келтирилген болсо, сот зарыл болгон учурда түп нускасын келтирүүнү талап кылууга акылуу.

(1, 2-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги редакциясында).

### 67-статья. Кат жүзүндөгү далилдерди алардын сакталган жеринде кароо жана изилдөө

Документтерди сотко келтирүү кыйын болгон кезде, сот тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрдү келтирүүнү талап кыла алат же кат жүзүндөгү далилдерди алардын сакталган жеринде кароо жана изилдөө жүргүзө алат.

**68-статья. Түп нускадагы документтерди кайтарып берүү**

Иште болгон түп нускадагы документтер, бул документтерди келтирген жактардын суроосу боюнча соттун чечими законду күчүнө киргенден кийин аларга кайтарылып берилиши мүмкүн. Бирок иште документтин судья тарабынан күбөлөндүрүлгөн копиясы калтырылат.

**69-статья. Буюм далилдери**

Өздөрүнүн сапаты, өзгөчө белгилери же өздөрүнүн бар экендиги менен иш үчүн мааниси болгон жагдайларды аныктоого каражат боло ала турган заттар (нерселер) буюм далили боло алат.

Буюм далилин келтирген же аны суратуу жөнүндө өтүнүч кылган жак, ишке мааниси бар кандай жагдайлар бул далил менен аныктала тургандыгы көрсөтүүгө милдеттүү.

**70-статья. Буюм далилдерин суратып алуунун жана келтирүүнүн тартиби**

Соттон кандайдыр бир буюмду далил катарында ишке катышуучу же катышпаган жактардан суратып алуу жөнүндө өтүнүч кылган жак ал буюмду толук баяндап жазып жана буюмду ушул жакта деп эсептөөнүн негизин көрсөтүшү тийиш.

Мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же граждандардан сот тарабынан талап кылынган буюм далилдери тике эле сотко жиберилет.

Сот ошондой эле, буюм далилдерин суратып алдырууга өтүнүч кылган жакка сотко келтирүү үчүн, аны алууга укуктуулугу жөнүндө суроо кагазын бере алат.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**71-статья. Буюм далилдерин келтирүү милдети**

Ишке катышпаган мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же граждандар талап кылынган буюмду келтирүүгө же аны сот белгилеген мөөнөттө келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрү болбосо, бул жөнүндө себебин көрсөтүү менен сотко билдирүүгө милдеттүү.

Кабар бербеген учурда, ошондой эле, эгерде соттун буюмду келтирүү жөнүндөгү талабы сот тарабынан жүйөсүз деп табылган себептер боюнча аткарылбаса, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар күнөөлүү кызмат адамдары же граждандар он сомго чейинки өлчөмдөгү штрафка кириптер кылынат. Штраф салуу, тийиштүү кызмат адамдарды жана граждандарды сот талап кылган буюмду келтирүү милдетинен бошотпойт.

(1, 2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**72-статья. Буюм далилдерин сактоо**

Буюм далилдери иште сакталат же өзгөчө каттоо менен соттун буюм далилдерин сактоочу атайын бөлмөсүнө өткөрүлүп берилет.

Сотко жеткирилүүгө мүмкүн болбогон буюмдар алардын турган жеринде сакталат. Алар толук жазылышы, ал эми зарыл болгон учурда сүрөткө тартылып жана печатталып коюулушу тийиш.

Сот буюмдарды өзгөртүлбөгөн абалда сактоого карата чаралар көрөт.

**73-статья. Тез бузула турган буюм далилдерин кароо**

Тез бузула турган продуктылар жана башка буюмдар ишке катышуучу жактарды кабарлоо менен сот тарабынан токтоосуз түрдө каралат. Кароодон кийин бул буюмдар алар кимден алынган болсо, ошол жактарга кайтарылып берилет же аларды өз орду менен пайдалана ала турган ишканаларга, мекемелерге же уюмдарга өткөрүлүп берилет. Бул учурда кийинчерээк буюм ээсине ошол эле түрдөгү жана сапаттагы буюмдар же кайтарылуу учурундагы мамлекеттик баа боюнча алардын наркы кайтарылып берилүүгө тийиш.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**74-статья. Буюм далилдерин кайрып берүү**

Соттун чечими законду күчүнө киргенден кийин, буюм далилдери алар кимден алынган болсо, ошол жактарга кайтарылып берилет же сот бул буюмдарга укугу бар деп тапкан жактарга өткөрүлүп берилет.

Закон боюнча граждандардын карамагында болушу тийиш болбогон нерселер (буюмдар), тиешелүү мамлекеттик ишканаларга, мекемелерге же уюмдарга өткөрүлүп берилет.

Айрым учурларда буюм далилдери сотто каралып жана изилденүүлөрдөн кийин, эгерде аны берген жактар кайра кайтарып берүү жөнүндө өтүнүч кылышса жана эгерде мындай өтүнүчтү ишти кароого зыян келтирилбегендей кылып канааттандырууга мүмкүн болсо, иш каралып бүткөнгө чейин да кайтарылып берилиши мүмкүн.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**75-с т а т ь я. Экспертиза**

Иш кароодо келип чыккан суроолорду түшүндүрүү үчүн илим, искусство, техника же кол өнөрчүлүк жагынан атайын билүүлөр керек болуп калса, сот өзүнүн аныктамасы менен экспертиза дайындайт.

Экспертиза тийиштүү мекемелердин эксперттери же болбосо сот тарабынан дайындалган башка адистер тарабынан жүргүзүлөт. Корутунду берүү үчүн тийиштүү билүүлөрү (билими) болгон ар кандай адам эксперт катарында чакырылышы мүмкүн. Сот эксперттин дайындаган убакта ишке катышуучу жактардын пикирин эске алат.

Ишке катышуучу ар бир жак сотко суроолор келтирүүгө акылуу, алар эксперт тарабынан түшүндүрүлүп берилиши тийиш. Эксперттин корутундусу талап кылынган суроолордун чөйрөсү биротоло сот тарабынан аныкталат. Сот сунуш кылынган суроолорду кабыл албагандыгынын мотивин көрсөтүүгө милдеттүү.

**76-с т а т ь я. Экспертиза жүргүзүүнүн тартиби**

Экспертиза сотто же, эгерде изилдөөнүн мүнөзү боюнча зарыл болсо же болбосо, изилденүүчү нерсени сотко алып келүүгө кыйын болсо же мүмкүнчүлүк болбосо, соттон тышкары жерде да жүргүзүлөт.

Бир нече эксперттер дайындалган кезде, алар өз ара кеңешүүгө акылуу. Эгерде эксперттер жалпы жыйынтыкка келишсе, алардын бардыгы бир корутундуга кол коюшат. Башка эксперттер менен макул болбогон эксперттер өзүнчө корутунду жазышат.

**77-с т а т ь я. Эксперттин милдеттери жана укуктары**

Эксперт болуп дайындалган адам, соттун чакыруусу боюнча келүүгө жана ага коюлган суроолор боюнча объективдүү корутунду берүүгө милдеттүү.

Эгерде эксперт сот тарабынан жүйөсүз деп табылган себептер боюнча соттун чакыруусу боюнча келбесе, ал 10 сомго чейинки өлчөмдөгү штрафка кириптер кылынат.



Соттун чакыруусу боюнча келүүдөн баш тарткандыгы же корутунду берүүдөн отказ кылгандыгы үчүн эксперт Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 189-статьясы боюнча, ал эми билип туруп жалган корутунду бергендиги үчүн — Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 188-статьясы боюнча жоопту болот.

Эксперт, эгерде ага берилген материалдар жетишсиз болсо же эгерде ал өзүнө коюлган милдетти аткаруу үчүн зарыл болгон билимге ээ болбосо, ал корутунду берүүдөн баш тарта алат.

Корутунду берүү үчүн зарыл болгондуктан эксперт иштин материалдары менен таанышууга, соттук заседаниеге катышууга, соттон ага кошумча материалдарды келтирүү жөнүндө сурануудга укугу бар.

**78-с т а т ь я. Эксперттин корутундусу**

Эксперт корутундуну өзүнүн атынан жазуу жүзүндө берет жана берген корутунду үчүн кол башы менен жооп берет.

Эксперттин корутундусунда жүргүзүлгөн изилдөөнүн толук жазылышы, алардын натыйжасында жасалган тыянактар жана сот тарабынан коюлган суроолорго негиздүү жооптор болушу тийиш.

Эгерде эксперт, экспертиза жүргүзгөн кезде ишке мааниси бар, бирок ал жөнүндө ага суроо коюлбаган жагдайлар аныкталса, ал бул жагдайлар жөнүндөгү тыянактарын өзүнүн корутундусуна киргизүүгө акылуу.

**79-с т а т ь я. Экспертизанын корутундусунун сот тарабынан бааланылышы**

Эксперттин корутундусу сот үчүн милдеттүү болбойт жана сот тарабынан ушул Кодекстин 55-статьясында белгиленген эрежелер боюнча бааланат. Соттун корутунду менен макул эместиги иш боюнча чечимде же аныктамада мотивделген болууга тийиш.

## 7-Г Л А В А

## СОТТУК РАСХОДДОР

**80-с т а т ь я. Соттук расходдор**

Соттук расходдор мамлекеттик пошлинадан жана ишти кароого байланыштуу болгон чыгымдардан турат.

**81-с т а т ь я. Мамлекеттик пошлинанын өлчөмү**

Ар бир алгачкы жана тосмо доо арызы, договор түзүү

алдындагы талаштар боюнча арыз, башталып калган процесстерге талаштын предметине өз алдынча талап койгон үчүнчү жактын арызы мамлекеттик пошлина менен төмөндөгү өлчөмдөрдө төлөнөт:

1) доонун баасы 20 сомго чейин болгондо — 30 тыйын;

2) доонун баасы 20 сомдон жогору 50 сомго чейин болгондо — 50 тыйын;

3) доонун баасы 50 сомдон жогору 500 сомго чейин болгондо — доонун баасынын 2 проценти;

4) доонун баасы 500 сомдон жогору болгондо — доонун баасынын 6 проценти;

5) колхоздордун, колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук ишканалардын, уюмдардын, же алардын бирикмелеринин мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук башка ишканалар, мекемелер жана уюмдар менен болгон, ошондой эле өз ара талаштары боюнча — доонун баасынын 1 проценти, бирок 10 тыйындан кем эмес;

6) никени бузуу жөнүндөгү доолор боюнча — 10 сом;

7) дайынсыз жок болгон, жин оорулуулугунун же кем акылдыгынын натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок деп белгиленген тартипте таанылган адамдар менен болгон, же болбосо үч жылдан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратууга соттолгон адамдар менен болгон никени бузуу жөнүндөгү доолор боюнча — 30 тыйын;

8) турак жайларды жалдоо договорун өзгөртүү же бузуу жөнүндөгү, мурас алуунун мөөнөтүн узартуу жөнүндөгү, мүлктү арест салуудан бошотуу жөнүндөгү жана башка мүлк эмес мүнөздөгү (же баалоого жатпай турган) доолор боюнча, ошондой эле өзгөчө өндүрүштөгү иштер боюнча арыздар (даттануулар) — 30 тыйын;

9) договор түзүү алдындагы талаштар боюнча — 5 сом.

Соттордун чечимдерине болгон кассациялык даттануулар доо арызын (өзгөчө өндүрүштөгү иштер боюнча арыздарды) берүү кезинде төлөөгө тийиш болгон ставканын, ал эми мүлктүк талаштар боюнча — талашып жаткан суммадан чегерилүүчү ставканын 50 проценти өлчөмүндө мамлекеттик пошлина менен төлөнөт.

Соттун аныктамаларына болгон жай даттануулар мамлекеттик пошлина менен төлөнбөйт.

Граждандар, ишканалар, мекемелер жана уюмдар алимент боюнча иштерге байланыштуу аларга документтер бергендик үчүн мамлекеттик пошлина төлөөдөн бошотулат.

Иште болгон документтердин копияларын бергендик үчүн, ошондой эле соттун чечиминин, аныктамаларынын жана башка токтомдорунун копияларын кайталап бергендик үчүн ар бир копияга 20 тыйын өлчөмүндө мамлекеттик пошлина төлөтүлүп алынат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелиндеги Указынын редакциясында).

82-статья. Доонун баасы

Доонун баасы төмөндөгүчө аныкталат:

1) акча өндүртүп алуу жөнүндөгү доолордо — төлөтүп алуу суммасы менен;

2) мүлктү талап кылып алуу жөнүндөгү доолордо — изделип жаткан мүлктүн наркы менен;

3) алименттерди өндүртүп алуу жөнүндөгү доолордо — төлөөлөрдүн бир жылдык жыйымы менен;

4) мөөнөттүү төлөөлөр же өткөрүп берүүлөр жөнүндөгү доолордо — бардык төлөөлөрдүн же өткөрүп берүүлөрдүн, бирок үч жылдан ашык эмес, жыйымы менен;

5) мөөнөтсүз же бүт өмүрү бою төлөөлөр же өткөрүп берүүлөр жөнүндөгү доолордо — төлөөлөрдүн же өткөрүп берүүлөрдүн үч жылдык жыйымы менен;

6) төлөөлөрдү же өткөрүп берүүлөрдү азайтуу же көбөйтүү жөнүндөгү доолордо — төлөөлөр же өткөрүп берүүлөр азайтылуучу же көбөйтүлүүчү, бирок бир жылдан ашык эмес сумма менен;

7) төлөөлөрдү же өткөрүп берүүлөрдү кыскартуу жөнүндөгү доолордо — калып калган төлөөлөрдүн же өткөрүп берүүлөрдүн, бирок бир жылдан ашык эмес жыйымы менен;

8) мүлктүк жалдоо договорун мөөнөтүнөн мурда бузуу жөнүндөгү доолордо — договордун аракетинин калган мөөнөтүнүн ичинде мүлктөн пайдалануу үчүн төлөөлөрдүн, бирок үч жылдан ашык эмес, жыйымы менен;

9) граждандарга өздүк менчик укугунда тийиштүү болгон курулуштарга менчиктүүлүк укук жөнүндөгү доолордо — курулуштардын наркы менен, бирок инвентаризациялык баадан кем эмес, же ал жок болгон кезде милдеттүү окладдык камсыздандыруу боюнча баадан төмөн эмес, ал эми мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук уюмдарга тийиштүү болгон курулуштар үчүн — курулуштардын баланс баасынан төмөн эмес;

10) бир нече өзүнчө талаптардан турган доолордо — бардык талаптардын жалпы суммасы менен.

Доонун баасы доогер тарабынан көрсөтүлөт. Көрсөтүлгөн баага изделип жаткан мүлктүн наркы такыр шайкеш келбеген учурда доонун баасын судья аныктайт.

**83-статья. Мамлекеттик пошлинаны кошумча төлөө**

Доону койгон мезгилде анын баасын аныктоодо кыйынчылык келген кезде, мамлекеттик пошлинанын өлчөмү судья тарабынан алдын ала белгиленет, пошлинаны андан ары кошумча төлөтүп алуу ишти чечкен учурда сот тарабынан аныкталган доонун баасына жараша жүргүзүлөт.

Доолук талапты көбөйткөн кезде пошлинанын жетпей калган суммасы доонун көбөйтүлгөн баасына ылайык кошумча төлөтүлөт.

**84-статья. Мамлекеттик пошлинаны кайтарып берүү**

Төлөнгөн мамлекеттик пошлина төмөндөгүдөй учурларда жарым-жартылай же толугу менен кайтарылып берилүүгө тийиш:

1) пошлина колдонуудагы закондор боюнча талап кылынган өлчөмдөн ашык төлөнгөндө;

2) арызды кабыл алуудан отказ кылганда;

3) ушул Кодекстин 131-статьясында каралган негиздер боюнча доо арызын арыздануучуга кайта бергенде;

4) ушул Кодекстин 224-статьясынын 1-жана 2-пункттарында каралган негиздер боюнча иш боюнча өндүрүштү кыскартканда;

5) ушул Кодекстин 226-статьясынын 1-жана 2-пункттарында каралган негиздер боюнча арызды карабастан калтырганда;

Пошлина закон боюнча талап кылынган өлчөмдөн көп төлөнгөн учурда, мамлекеттик пошлина ашык төлөнгөн суммада кайтарылып берилет:

Мамлекеттик пошлина ССР Союзунун законудоруна ылайык СССРдин Финансы министерствосу тарабынан аныкталган башка учурларда да кайтарылып берилүүгө тийиш.

Эгерде кайтарып берүү жөнүндөгү арыз, сумманы бюджетке эсептеген күндөн тартып бир жылдык мөөнөт өткөнгө чейин сотко берилген болсо, андай шартта мамлекеттик пошлинаны кайтарып берүү соттун же судьянын аныктамасынын негизинде финансы органдары тарабынан жүргүзүлөт.

(1, 3-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**85-статья. Иштерди кароого байланыштуу чыгымдар**

Иштерди кароого байланыштуу чыгымдарга төмөндөгүлөр жатат:



1) күбөлөргө жана эксперттерге төлөнүүгө тийиш болгон суммалар;

2) жеринде карап чыгууну жүргүзүүгө байланыштуу расходдор;

3) жоопкерди издөө боюнча расходдор;

4) соттун чечимин аткарууга байланыштуу расходдор.

**86-статья. Күбөлөргө, эксперттерге жана котормочуларга төлөнүүгө тийиш болгон суммалар**

Күбөлөргө, эксперттерге жана котормочуларга сотко келүүгө байланыштуу болгон жол жүрүү боюнча жана үй жалдоо боюнча алар тарабынан жумшалган расходдор калыбына келтирилет жана суточный төлөнүп берилет.

Эксперттер жана котормочулар соттун тапшыруусу боюнча алар аткарган жумуштары үчүн, эгерде бул жумуштар алардын кызмат милдетинин чөйрөсүнө кирбесе, акы алышат.

Күбө катарында сотко чакырылган жумушчулар жана кызматчылар үчүн алардын сотко келүүлөрүнө байланыштуу жумушка катышпай калган убактылары үчүн иштеген жери боюнча орточо эмгек акысы сакталат. Жумушчу жана кызматчы болуп саналбаган күбөлөр, аларды жумуштан же кадимки кызматтан алагды кылгандык үчүн акы алышат.

**87-статья. Күбөлөргө жана эксперттерге төлөөгө тийиш болгон суммаларды тараптардан өндүрүү**

Күбөлөргө жана эксперттерге берилүүгө тийиш болгон же жеринде кароо жүргүзүү боюнча расходдорду төлөө үчүн керек болгон суммаларды тийиштүү өтүнүчтү билдирген тарап мурдатан эле төгүп берет. Эгерде көрсөтүлгөн өтүнүч эки тараптан билдирилген болсо, же күбөлөрдү, эксперттерди чакыруу, жеринде кароо жүргүзүү соттун демилгеси боюнча жүргүзүлгөн болсо, анда талап кылынган суммалар тараптар тарабынан бирдей тең төгүлүп берилет.

Бул статьяда айтылган суммалар соттук расходдорду төлөөдөн бошотулган тарап тарабынан төгүлбөйт.

**88-статья. Күбөлөргө, эксперттерге жана котормочуларга тиешелүү суммаларды төлөө**

Күбөлөргө, эксперттерге жана котормочуларга тиешелүү суммалар, алар өз милдеттерин аткаргандан кийин сот тарабынан төлөнөт. Күбөлөргө жана эксперттерге бул

суммалар, алардын тараптардан өндүрүлүп алынышына карабастан эле төлөнө берет.

Төлөөнүн тартиби жана төлөнүүгө жаткан суммалын өлчөмү Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленет.

89-статья. Соттук расходдорду төлөөдөн бошотуу

Мамлекеттик доходго соттук расходдорду төлөөдөн төмөндөгүлөр бошотулат:

1) доогерлер — жумушчулар жана кызматчылар — эмгек акыларын өндүрүп алуу жөнүндөгү доолор боюнча жана эмгектик укук мамилелеринен келип чыккан башка талаптар боюнча; колхозчулар — эмгекти төлөтүп алуу жөнүндө колхоздорго карата доолор боюнча жана эмгек ишине байланыштуу талаптар боюнча;

2) доогерлер — автордук укуктан, ошондой эле ачылыш, ойлоп чыгаруу, рационализатордук сунуш жана өнөр жайлык үлгүлөргө болгон укуктан келип чыккан доолор боюнча;

3) доогерлер — алименттерди өндүрүү жөнүндөгү доолор боюнча;

4) доогерлер — майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүдөн, ошондой эле багуучунун өлүп калышына алып келүүдөн болгон зыянды төлөп берүү жөнүндөгү доолор боюнча;

5) социалдык камсыздандыруу жана социалдык камсыздоо органдары — зыян келтирүүчүдөн жабырлануучуга төлөнгөн пособиелердин жана пенсиялардын суммасын өндүрүү жөнүндөгү регресстик доолор боюнча, ал эми социалдык камсыздоо органдары — ошондой эле туура эмес төлөнгөн пособиелерди жана пенсияларды өндүрүү жөнүндөгү доолор боюнча;

6) доогерлер — кылмыш жасагандан келип чыккан материалдык зыянды төлөп берүү жөнүндөгү доолор боюнча;

7) граждандар — никени бузуу жөнүндөгү иштер боюнча кассациялык даттануулардан;

8) колдонуудагы закондордо каралган учурларда башка жактардын укуктарын жана таламдарын коргоого алып арыздар менен сотко кайрылышкан прокуратура органдары, ошондой эле мамлекеттик башкаруу органдары, профсоюздар, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же айрым граждандар;

9) финансы органдары — өзгөчө өндүрүштөгү иштер боюнча сотко арыздар бергендик үчүн;



10) граждандар, административдик органдар жана кызмат адамдары — административдик-укук мамилелеринен келип чыгуучу иштер боюнча;

11) законсуз соттоо, законсуз уголовный жоопкерчиликке тартуу, тыюу салуу чарасы катарында камакка алууну законсуз колдонуу же болбосо арест же түзөтүү жумуштарына чегүү түрүндөгү административдик жазаны законсуз колдонуу менен граждантге келтирилген зыянды төлөп берүүгө байланыштуу талаштар боюнча — тараптар.

ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан мамлекеттик доходго соттук расходдорду төлөөдөн тараптарды бошотуунун башка учурлары да каралышы мүмкүн.

Граждандын мүлктүк абалына жараша сот же судья аны мамлекеттик доходго соттук расходдорду төлөөдөн толук же жарым-жартылай бошотууга акылуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги жана 1982-жыл 2-июлдагы Указдарынын редакциясында).

90-статья. Соттук расходдорду төлөөнү кийинки мөөнөткө калтыруу же бир нече мөөнөткө бөлүп төлөтүү

Сот же судья, тараптардын мүлктүк абалына жараша, мамлекеттик доходго өндүрүлүүчү соттук расходдордун бир же эки тараптын тең төлөшүн кийинки мөөнөткө калтыра алат же бир нече мөөнөткө бөлүнүп төлөөгө жол бере алат.

91-статья. Тараптардын ортосунда соттук расходдорду бөлүштүрүү

Пайдасына чечим кабыл алынган тарапка сот экинчи тараптан, бул тарап мамлекеттик доходго соттук расходдорду төлөөдөн бошотулган болсо да, иш боюнча тарткан бардык соттук расходдорун кесип берет.

Эгерде доо жарым-жартылай канааттандырылган болсо, доогерге ушул статьяда көрсөтүлгөн суммалар сот тарабынан канааттандырылган доо талабынын өлчөмүнө жараша, ал эми жоопкерге — доогерге отказ кылынган доо талабынын ошол бөлүгүнө жараша кесилип берилет.

Ушул статьяда баяндалган эрежелер, ошондой эле кассациялык арыздарды берген кезде тараптар тарабынан төлөнгөн мамлекеттик пошлинага да тиешелүү.

Эгерде жогорку инстанциядагы сот ишти жаңыдан кайра кароого бербестен эле кабыл алынган чечимди өзгөртсө

же жаңы чечим кабыл алса, анда ал тийиштүүлүгүнө жараша соттук расходдорду бөлүштүрүүнү да өзгөртөт.

**92-статья. Адвокаттын жардамына акы төлөө боюнча расходдорду төлөө**

Пайдасына чечим кабыл алынган тарап, ишке катышкан адвокаттын жардамына акы төлөө боюнча расходдорду, анын пайдасына кабыл алынган чечимдеги доонун ошол бөлүгүнүн беш процентке чейинки, бирок белгиленген таксадан ашырылууга тийиш эмес өлчөмдөгүсүн төлөтүп алууга укугу бар.

Эгерде белгиленген тартипке ылайык, адвокаттын жардамы тарапка акысыз берилген учурда, сот көрсөтүлгөн сумманы юридикалык консультациянын же мамлекеттик доходунун пайдасына өндүрө алат.

(2-бөлүгү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**93-статья. Жумуш убактысын текке кетиргендик үчүн акы өндүрүү**

Караөзгөйлүк менен негизсиз доону койгон же доого каршы негизсиз талаш-тартыш жасаган, же ишти туура жана тезинен кароого жана чечүүгө дайыма карама-каршы аракет кылган тарапка, сот экинчи тараптын пайдасына анык жумуш убакытты текке кетиргендик үчүн орточо эмгек акыга ылайык акы төлөп берүүнү жүктөй алат, бирок ал доо талабынын канааттандырылган бөлүгүнүн беш процентинен ашууга тийиш эмес.

**94-статья. Доодон отказ кылганда жана тынышуу келишими болгон кезде соттук жана башка расходдорду бөлүштүрүү**

Доогер доодон отказ кылган кезде, ал тарабынан жумшалган расходдор жоопкер тарабынан кайтарылып берилбейт. Бирок, эгерде доо коюлгандан кийин талаптар жоопкер тарабынан ыктыярдуу түрдө канааттандырылышынын натыйжасында доогер өз талаптарын колдобосо, анда сот доогердин өтүнүчүнө ылайык иш боюнча доогер тарабынан жумшалган бардык соттук расходдорун жана адвокаттын жардамына төлөө боюнча расходдорун жоопкерден өндүрүп берет.

Эгерде тараптар тынышуу келишим түзгөн кезде соттук жана башка росходдорду бөлүштүрүү тартибин карашпаган болсо, анда сот бул маселени ушул статьянын жана ушул Кодекстин 91, 92-жана 96-статьяларынын эрежелери боюнча чечет.



**95-статья. Соттук расходдорду тараптарга кайра төлөп берүү**

Башка жактардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу таламдарын коргоого алып сотко кайрылган прокуратура органдарынын, ошондой эле мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын же айрым граждандардын доосуна толук же жарым-жартылай отказ кылынган кезде жоопкерге, ал тарабынан жумшалган соттук чыгымдарды толугу менен же доогерге отказ кылынган доо талабынын ошол бөлүгүнө жараша, бюджет каражаттарынан төлөнүп берилет.

Доону отказ кылган кезде ушул Кодекстин 37-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган тартипте сот тарабынан катыштырылган жоопкерге, ал тарабынан жумшалган соттук чыгымдары бюджеттин каражаттарынан төлөнүп берилет.

Мүлктү арест салуудан бошотуу жөнүндөгү доо канааттандырылган учурда доогерге, ал тарабынан жумшалган соттук расходдору бюджеттин каражаттарынан төлөнүп берилет.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**96-статья. Соттук расходдорду мамлекетке кайра төлөп берүү**

Ишти кароого байланыштуу сот тарабынан жумшалган чыгымдар жана доогер төлөөдөн бошотулган мамлекеттик пошлина, жоопкерден мамлекеттик доходго доо талабынын канааттандырылган бөлүгүнө жараша өндүрүлүп алынат.

Доону отказ кылган кезде ишти кароого байланыштуу сот тарабынан жумшалган чыгымдар мамлекеттин доходуна доогерден өндүрүлүп алынат.

Эгерде доо жарым-жартылай канааттандырылса, ал эми жоопкер соттук расходдорду төлөөдөн бошотулган болсо, ишти кароого байланыштуу сот тарабынан жумшалган чыгымдар мамлекеттин доходуна соттук расходдорду төлөөдөн бошотулбаган доогерден, доо талабынын канааттандырылышына отказ кылынган ошол бөлүгүнө жараша өндүрүлүп алынат.

Эгерде эки тарап тең соттук расходдорду төлөөдөн бошотулган болсо, анда ишти кароого байланыштуу сот та-

рабынан жумшалган чыгымдар мамлекеттин эсебине алынат.

Тиешелүү төлөөлөрдү төлөөдөн баш тарткан адамды издөө жарыяланган учурда, сот андан издөө жүргүзүү боюнча жумшалган расходдорду мамлекеттин доходуна өндүрүп алат.

**97-статья. Соттук расходдорго байланыштуу маселелер боюнча аныктамаларга карата даттануу**

Соттук расходдорго байланыштуу маселелер боюнча аныктамаларга карата жай арыз берилиши же жай протест келтирилиши мүмкүн.

## 8-ГЛАВА

## СОТТУК ШТРАФТАР

**98-статья. Соттук штрафтарды салуу**

Соттук штрафтар ушул Кодексте каралган учурларда жана белгиленген өлчөмдөрдө сот тарабынан салынат.

Сот тарабынан мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар кызмат адамдарына салынган штрафтар алардын өз каражаттарынан өндүрүлөт.

Штраф салуу жөнүндө аныктама чыгарылат, анын копиясы штраф салынган адамга токтоосуз жиберилет.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**99-статья. Штрафты алып таштоо же азайтуу**

Аныктаманын копиясын алгандан кийин, он күндүн ичинде штраф салынган адам штраф салган соттон, штрафты алып таштоо же анын өлчөмүн азайтуу жөнүндө өтүнүшү мүмкүн. Бул арыз штраф салынган адамды кабарландыруу менен соттук заседаниеде каралат, бирок анын келбей калышы арызды кароого тоскоолдук боло албайт.

Соттун штрафты алып таштоо же анын өлчөмүн азайтуу жөнүндөгү аныктамасына карата жай арыз берилиши же жай протест келтирилиши мүмкүн.



## 9-ГЛАВА

## ПРОЦЕССУАЛДЫК МӨӨНӨТТӨР

**100-статья. Процессуалдык мөөнөттөрдү эсептөө**

Процессуалдык аракеттер закон тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө ишке ашырылат. Процессуалдык мөөнөттөр закон тарабынан белгиленбеген учурларда, алар сот тарабынан дайындалат.

Процессуалдык аракеттерди ишке ашыруу үчүн мөөнөттөр сөзсүз боло турган окуяны көрсөтүү менен так календарлык дата менен же убакыт мезгили менен аныкталат. Кийинкисиндеги учурда аракет бүт убакыттын ичинде ишке ашырылышы мүмкүн.

Жылдар, айлар же күндөр менен эсептелүүчү процессуалдык мөөнөттүн өтүшү, календарлык датадан кийинки келечекки күндө же анын башталышы аныкталган окуянын болушу менен башталат.

**101-статья. Процессуалдык мөөнөттөрдүн аякталышы**

Жылдап эсептелүүчү мөөнөт акыркы жылдагы мөөнөттүн тийиштүү айында жана числосунда өтүп бүтөт. Айлап эсептелүүчү мөөнөт акыркы айдагы мөөнөттүн тийиштүү айында жана числосунда өтүп бүтөт. Эгерде айлап эсептелүүчү мөөнөттүн аягы тиешелүү числосу жок болгон айга туш келип калса, анда мөөнөт ошол айдын акыркы күнүндө өтүп бүтөт.

Мөөнөттүн акыркы күнү жумуш күнү эмес убакка туш келип калган учурларда, мөөнөттүн аяктоо күнү андан кийин келүүчү жумуш күнү болуп саналат.

Ишке ашыруу үчүн мөөнөтү белгиленген процессуалдык аракет мөөнөттүн акыркы күнүндөгү жыйырма төрт саатка чейин орундалышы мүмкүн. Бирок, эгерде бул аракет сотто иштелүүгө тийиш болсо, белгиленген эреже боюнча сотто иш убактысы качан аяктаса, ошол саатта мөөнөт бүткөн болуп саналат.

Эгерде даттануу арыз, документтер же акчалай суммалар почтага же телеграфка мөөнөттүн акыркы күнүнүн жыйырма төрт саатына чейин өткөрүлгөн болсо, анда мөөнөт өтүп кеткен болуп саналбайт.

**102-статья. Процессуалдык мөөнөттөрдү өткөрүп жиберүүнүн натыйжалары**

Процессуалдык аракеттерди ишке ашыруу укугу закон тарабынан белгиленген же сот тарабынан дайындалган мөөнөттүн өтүшү менен жоюлат.

Процессуалдык мөөнөттөр өткөндөн кийин берилген даттануу арыздар жана документтер кароосуз калтырылат.

**103-статья. Процессуалдык мөөнөттөрдү токтото туруу**

Өтүп бүтө элек бардык процессуалдык мөөнөттөрдүн жүрүшү иш боюнча өндүрүштү токтотуу менен бирге токтотулат. Мөөнөттөрдү токтотуу өндүрүштү токтотуу үчүн негиз боло ала турган жагдайлардын келип чыккан убагынан тартып башталат. Өндүрүш кайра башталган күндөн тартып процессуалдык мөөнөттөрдүн өтүшү улантылат.

**104-статья. Процессуалдык мөөнөттөрдү калыбына келтирүү**

Ишке катышып жаткан жактар сот тарабынан жүйөөлүү себептер боюнча закондо белгиленген же сот дайындаган мөөнөттү өткөрүп жиберишкен деп табылган болсо, анда өткөрүлүп жиберилген мөөнөт калыбына келтирилиши мүмкүн.

Өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү арыз, процессуалдык аракетти ишке ашырууга тийиш болгон сотко берилет жана ишке катышкан жактарды кабарлоо менен соттук заседаниеде каралат. Бирок, ал жактардын келбей калышы соттун алдына коюлган маселени чечүү үчүн тоскоол боло албайт.

Өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү арыздын берилиши менен бир мезгилде процессуалдык аракеттер да (даттануу арызды, документтерди жана башкаларды берүү) ишке ашырылышы тийиш.

Өтүп кеткен процессуалдык мөөнөттү калыбына келтирүүдөн отказ кылуу жөнүндөгү соттун аныктамасына жеке арыз берилиши же жеке протест келтирилиши мүмкүн.

**105-статья. Процессуалдык мөөнөттөрдү узартуу**

Сот дайындаган мөөнөттөр алардын өтүп бүтүшүнө чейин ушул Кодекстин 104-статьясында белгиленген тартипте сот тарабынан узартылышы мүмкүн.

**106-статья. Граждандык иштерди кароонун мөөнөттөрү**

Аргасыздан болгон прогул үчүн эмгек акы өндүрүү жөнүндөгү иштер сот тарабынан арыз берилген күндөн тартып беш күн ичинде каралышы тийиш.

Алимент өндүрүү жөнүндөгү, майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүдөн, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүдөн болгон зыянды калыбына келтирүү жана эмгектик укук мамилелеринен келип чыккан башка талаптар боюнча иштер биринчи инстанциядагы сот тарабынан, эгерде тараптар бир шаарда же бир райондо турушса, арыздар кабыл алынган күндөн тартып он күндөн кечиктирилбестен, башка учурларда — жыйырма күндөн кечиктирилбестен каралышы тийиш. Калган граждандык иштер, арыздар кабыл алынган күндөн тартып бир айдан кечиктирилбестен каралышы тийиш.



## 10-ГЛАВА

## СОТТУК КАБАРЛООЛОР ЖАНА ЧАКЫРУУЛАР

**107-статья. Соттук повесткалар**

Ишке катышуучу жактар жана өкүлдөр соттук заседаниенин же айрым процессуалдык аракеттердин ишке ашырылышынын убактысы жана орду жөнүндө соттук повестка менен кабарландырылат. Соттук повесткалар менен сотко ошондой эле күбөлөр, эксперттер жана котормочулар да чакырылат.

Ишке катышуучу жактарга жана өкүлдөргө повестка, алар сотко келүү жана ишке карата даярдык көрүү үчүн жетишээрлик мөөнөтү болгондой эсеп менен тапшырылышы тийиш.

Кабарландырылуучу же чакырылуучу жакка повестка тарап тарабынан же ишке катышуучу башка жак тарабынан көрсөтүлгөн адрес боюнча жеткирилет. Эгерде сотко билдирилген адресте гражданин чындыгында эле жашап турбаса, повестка анын иштеген жерине жиберилиши мүмкүн.

Зарыл болгон учурларда ишке катышуучу жактар, өкүлдөр, ошондой эле күбөлөр, эксперттер жана котормочулар телефонограмма же телеграмма менен кабарландырылышы же чакырылышы мүмкүн.

**108-статья. Повестканын мазмуну**

Сотко чакыруу жөнүндөгү повесткада төмөндөгүлөр баяндалышы тийиш:

1) соттун наамы жана так адреси;
2) келүү ордун жана убагын көрсөтүү;
3) чакыруу жүргүзүлүп жаткан иштин аты;
4) повестка кимге жиберилсе, ошол жакты көрсөтүү, ошондой эле ал ким катарында чакырылып же кабарландырылып жаткандыгын көрсөтүү;

5) ал жактын соттук заседаниеге же судьянын кабыл алуусуна чакырылгандыгын көрсөтүү;

6) ишке катышып жаткан жактарга иш боюнча аларда болгон бардык далилдерди берүүнү сунуш кылуу;

7) адресаттын жоктугуна байланыштуу повестканы алган адамдын биринчи эле мүмкүнчүлүк болгон учурунда аны адресатка тапшыруу милдетин көрсөтүү;

8) келбей калуунун натыйжаларын көрсөтүү.

Повестка менен бир убакта судья жоопкерге доо арызынын копиясын жана арызга тиркелген документтердин копияларын жиберет. Доогерге адрестелген повестка менен кошо судья, эгерде сотко келип түшкөн болсо, жоопкердин кат жүзүндөгү түшүнүктөрүнүн копиясын жиберет.

109-статья. **Повесткаларды жеткирүү**

Повесткалар почта боюнча заказной кат менен же рассыльный аркылуу жеткирилет. Адресатка повестка тапшырылган убакыт жөнүндө тапшырылуучу повесткага жана анын сотко кайра берилүүгө тийиш болгон экинчи даанасына белги коюлат.

Судья ишке катышып жаткан жактын макулдугу менен иш боюнча кабарландырылуучу же чакырылуучу экинчи жакка тапшыруу үчүн повестканы анын колуна бере алат. Судья повестканы жеткирип берүүнү тапшырган адам повестканы алгандыгы жөнүндө ага адресаттын колу коюлган экинчи даанасын сотко кайра алып келип берүүгө милдеттүү.

110-статья. **Повесткаларды тапшыруу**

Повестка граждандын өзүнө, сотко кайра берилүүгө тийиш болгон повестканын экинчи даанасына колун койдуруу менен тапшырылат. Мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар адрестелген повестка, повестканын экинчи даанасына кол койдуруу менен тийиштүү кызмат адамына тапшырылат.

Эгерде повестканы жеткирүүчү адам иш боюнча кабарландырылуучу же чакырылуучу граждандын ал жашап же иштеп турган жеринен таппай калса, анда повестка аны менен бирге жашап турган үй-бүлө мүчөлөрүнүн жашка толгон кимдир бирөөнө, ал эми алар жок болгондо — үй башкармасына, эл депутаттарынын поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитетине же иштеген жериндеги администрациясына тапшырылат. Көрсөтүлгөн учурларда повестканы кабыл алган адам повестканын экинчи даанасына өзүнүн фамилиясын, атын жана атасынын атын, ошондой эле адресатка жакынчылыгын (эри, аялы, атасы, энеси, уулу, кызы жана башкасы экендигин) же иштеген кызматын көрсөтүүгө милдеттүү. Повестканы кабыл алган адам, кечиктирбестен ал повестканы биринчи эле мүмкүнчүлүк болгондо адресатка тапшырууга милдеттүү.

Адресат убактылуу кетип калган (командировкага жана башка) убакта повестканы жеткирүүчү адам повестканын экинчи даанасына, адресаттын кайда кеткендигин жана анын качан келишин күтүлүп жаткандыгын белгилеп коет. Бул маалыматтар тийиштүү үй башкармасы, эл депутаттарынын поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитети же адресаттын иштеген жериндеги администрациясы тарабынан аныкталышы жана күбөлөндүрүлүшү тийиш.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

111-статья. **Повестканы кабыл алуудан баш тартуунун натыйжалары**

Адресат повестканы кабыл алуудан баш тарткан кезде, аны жеткирген адам сотко кайра бериле турган повесткага тийиштүү белгини коет. Адресаттын повестканы кабыл алуудан баш тарткандыгы жөнүндөгү белгини үй башкармасы, эл депутаттарынын поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитети же адресат иштеген жердеги администрациясы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

Повестканы кабыл алуудан баш тартуу ишти кароого тоскоол болуп саналбайт.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

112-статья. **Иш боюнча өндүрүштүн убагында адрестин өзгөрүлүшү жөнүндө сотко кабар берүү милдети**

Ишке катышуучу жактар жана өкүлдөр иш боюнча өндүрүштүн убагында өзүнүн адресинин өзгөрүлгөндүгү жөнүндө сотко билдирүүгө милдеттүү. Мындай билдирүү жок болгон кезде, повестка сотко белгилүү болгон акыркы адрес боюнча жиберилет жана адресат бул адрес боюнча андан ары жашап турбаса да, повестка жеткирилген болуп эсептелет.

113-статья. **Жоопкердин турган жери белгисиз болгон кезде соттун аракеттери**

Жоопкердин анык жүргөн жери белгисиз болгон кезде сот жоопкердин белгилүү акыркы жашаган жери боюнча

повестка үй башкармасы же эл депутаттарынын поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитети тарабынан алынгандыгын күбөлөндүргөн жазуусу болгон повестка сотко келип түшкөндө сот ишти кароого киришет.

Алимент өндүрүү жөнүндөгү жана майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүдөн, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүдөн болгон зыянды калыбына келтирүү жөнүндөгү доолор боюнча жоопкердин турган жери белгисиз болгон кезде, сот жоопкерди милиция органдары аркылуу издөө жарыялоого милдеттүү.

Мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар граждандарга болгон доолору боюнча жоопкердин турган жери белгисиз болгон кезде, сот жоопкерди милиция органдары аркылуу издөө жарыялай алат.

(1, 3-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## II БӨЛҮМ

# БИРИНЧИ ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТО ИШТЕРДИН ӨНДҮРҮШҮ

## I. ДОО ӨНДҮРҮШҮ

### 11-ГЛАВА

### КАЙСЫ СОТТО КАРАЛА ТУРГАНДЫК

**114-статья. Райондук (шаардык) эл сотунун кароосуна жаткан граждандык иштер**

Соттор кароого тийиштүү болгон граждандык иштер райондук (шаардык) эл соттору тарабынан каралат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**114[1]-статья. Фрунзе шаардык сотунун кароосу жаткан граждандык иштер**

Фрунзе шаардык соту Фрунзе шаарынын райондук эл сотунан кандай гана граждандык иш болбосун алып алууга жана аны биринчи инстанция соту катары өз өндүрүшүнө алууга акылуу.



(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указынын редакциясында).

**115-статья. Областтык соттун кароосуна жаткан граждандык иштер**

Областтык сот областтын территориясында жайгашкан райондук (шаардык) эл сотторунан кандай гана граждандык иш болбосун алып алууга жана аны биринчи инстанция соту катары өз өндүрүшүнө алууга акылуу.

**116-статья. Кыргыз ССР Жогорку Сотунун кароосуна жаткан граждандык иштер**

Кыргыз ССР Жогорку Соту Кыргыз ССРиндеги бардык соттордон кайсы гана граждандык иш болбосун алып алууга жана аны биринчи инстанция соту катары өз өндүрүшүнө алууга акылуу.

**117-статья Доону жоопкер турган жери боюнча коюу**

Доо жоопкер жашап жаткан жердеги сотто коюлат.

Юридикалык жакка доо юридикалык орган турган жери боюнча же анын мүлкү турган жери боюнча коюлат.

**118-статья. Доогердин кайсы сотко кайрылуу жөнүндө тандоосу**

Жашаган жери белгисиз болгон жоопкерге доо анын мүлкү турган жери боюнча же анын белгилүү болгон эң акыркы жашаган жери боюнча коюлууга болот.

СССРде жашаган жери жок болгон жоопкерге доо анын мүлкү турган жери боюнча же СССРдеги анын белгилүү болгон эң акыркы жашаган жери боюнча коюлууга болот.

Юридикалык жактын филиалынын аракетинен чыккан доо, бул филиалдын турган жери боюнча да коюлууга болот.

Алимент өндүрүү жөнүндөгү доо доогердин өз жашаган жери боюнча да коюлууга болот.

Майыптык же саламаттыкка башка залал, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүдөн болгон зыянды төлөө жөнүндөгү доолор доогер өзү жашаган жери боюнча да же зыян келтирилген жер боюнча да коюлууга болот.

Гражданиндин же юридикалык жактан мүлкүнө келтирген зыянды калыбына келтирүү жөнүндөгү доолор зыян келтирилген жер боюнча да коюлууга болот.

Кемелердин сүзүшүп калуусунан болгон зыяндарды калыбына келтирүү жөнүндөгү, ошондой эле көрсөтүлгөн жардам жана куткаргандык үчүн акы өндүрүп алуу жө-

нүндөгү доолор жоопкердин кемеси же кеме катталган порттун турган жери боюнча да коюлууга болот.

Аткаруунун орду көрсөтүлгөн договорлордон чыккан доолор, договор аткарылган жер боюнча да коюлууга болот.

Дайынсыз жок болгон, жин оорулуулугунун же кем акылдыгынын натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок деп белгиленген тартипте таанылган адамдар менен, ошондой эле кылмыш жасагандыгы үчүн үч жылдан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратууга соттолгон адамдар менен ажыраштыруу жөнүндөгү доо доогердин өзү жашап турган жеринде берилиши мүмкүн.

Ажыраштыруу жөнүндөгү доо доогердин жашы жетпеген балдары болгон же доогердин саламаттыгынын начардыгына байланыштуу жоопкердин жашап турган жерине барышы үчүн ага кыйынчылык туудурган учурда ошондой эле доогердин өзү жашап турган жеринде берилиши мүмкүн.

Законсуз соттоо, законсуз уголовный жоопкерчиликке тартуу, тыюу салуу чарасы катарында камакка алууну законсуз колдонуу же болбосо арест же түзөтүү жумуштарына чегүү түрүндөгү административдик жазаны законсуз колдонуу менен гражданинге келтирилген зыянды төлөп берүүгө байланыштуу эмгектик, пенсиялык жана турак жайлык укуктарын калыбына келтирүү, мүлктү же анын наркын кайтарып берүү жөнүндөгү доолор.

Ушул статьяга ылайык иш бир канча соттордун кароосуна жата турган болсо, алардын кимисин тандоо доогерге тийиштүү.

(9, 10, 11-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1967-жыл 30-январындагы, 1981-жыл 22-апрелдеги, 1982-жыл 2-июлдагы Указдарынын редакциясында).

**119-статья. Тийиштүү гана сотто карала тургандык**

Курулушка укуктуулук жөнүндөгү, жер участокторду пайдалануунун тартибин аныктоо жөнүндөгү, арестten мүлктү бошотуу жөнүндөгү доолор мүлк турган же жер участогу турган жер боюнча соттун кароосуна жатат.

Мураскорлор тарабынан мурасты кабыл алганга чейинки мурас калтыруучунун кредиторлору коюучу доолор мураснык мүлк же анын негизги бөлүгү турган жер боюнча соттун кароосуна жатат.

Жүк, жүргүнчүлөр же багаж ташуу договорлорунан чыккан ташуучуларга болгон доолор, тийиштүү тартипте



доомат (претензия) коюлган транспорттук уюмдун башкармасы турган жер боюнча коюлат.

**120-статья. Кайсы сотто карала тургандыкты договорлошуу**

Тараптар өз ара макулдашып туруп, иштин территориялык сотто каралуусун өзгөртө алышат.

Ушул Кодекстин 119-статьясында көрсөтүлгөн кайсы сотто карала тургандыкты тараптардын макулдашуусу менен өзгөртүүгө болбойт.

**121-статья. Өз ара байланышкан бир канча иштердин кайсы сотто карала тургандыгы**

Ар кайсы жерде жашашкан же турушкан бир канча жоопкерлерге, доогердин тандоосу боюнча жоопкерлердин биринин жашаган жери боюнча же турган жери боюнча доо коюлат.

Тосмо доо кайсы гана соттун кароосуна жатпасын, биринчи доо каралган жер боюнча сотко берилет.

Уголовный иште чыккан граждандык доо, эгерде ал уголовный ишти жүргүзгөндө берилбей калса же чечилбей калса, граждандык сот өндүрүшүнүн тартиби менен кароо үчүн ушул Кодексте белгиленген кайсы соттун кароосуна жата тургандык жөнүндөгү эрежелер боюнча коюлат.

**122-статья. Сот тарабынан өзүнүн өндүрүшүнө алынган ишти башка сотко берүү**

Кайсы сотто карала тургандык жөнүндөгү эрежелерди сактоо менен сот тарабынан өзүнүн өндүрүшүнө алынган, иш кийин ал башка соттун кароосуна тийиштүү болуп калса да, ошол сот тарабынан мазмуну менен чечилүүгө тийиш.

Сот ишти башка соттун кароосуна төмөнкү учурларда жиберет:

1) эгерде бул иш, атап айтканда далилдердин көпчүлүгү болгон жер боюнча башка сотто тезирээк жана туурараак каралууга болот деп табылса;

2) эгерде жоопкердин жашаган орду мурда белгисиз болуп, ал өзү жашаган жердеги сотко ишти жиберүү жөнүндө өтүнүч кылса;

3) эгерде бир же бир канча судьяларга отвод берилгенден кийин аларды алмаштырууга бул сотто мүмкүнчүлүк болбосо;

4) эгерде ишти кароо убагында кайсы сотто кароого жата тургандык эрежелерди бузуу менен иш ушул соттун өндүрүшүнө алынгандыгы аныкталса.

Ишти башка соттун кароосуна берүү жөнүндөгү аныктамага жай арыз берүүгө же жай протест келтирүүгө болот.

**123-статья. Жогору турган сот тарабынан иштин бир соттон экинчи (башка) сотко алынып берилиши**

Айрым учурларда иштин тезирээк жана туура каралыш максаттарында, ошондой эле соттук караштын (процесстин) тарбиялоо ролун эң жакшы жүргүзүү (камсыз кылуу) максаттарында, иш каралууга тийиш болгон соттун соттук заседаниеде кароо башталганга чейин башка сотко берилиши мүмкүн.

Көрсөтүлгөн негиздер менен ишти райондук (шаардык) эл сотунун биринен экинчисине берүү жөнүндөгү маселе Фрунзе шаарында — Фрунзе шаардык сотунун председатели, областтын чегинде — областтык соттун председатели тарабынан, республиканын чегинде — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председатели тарабынан же Председателдин орунбасарлары тарабынан чечилет.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указынын редакциясында).

**124-статья. Иштерди Кыргыз ССРинин бир сотунан Кыргыз ССРинин экинчи сотуна берүү**

Ушул Кодекстин 122-статьясында көрсөтүлгөн мотивдер менен иштерди Кыргыз ССРинин бир сотунан экинчи (башка) сотуна жиберүү соттун аныктамасынын негизинде, бул аныктамага даттануу же протест келтирүү мөөнөтү өткөндөн кийин, ал эми арыз берилген же протест келтирилген учурда, арызды же протестти канааттандырбай калтыруу жөнүндөгү аныктама чыгарылгандан кийин жүргүзүлөт.

Бир соттон экинчисине жиберилген иш, бул иш барган сот тарабынан кароого кабыл алынышы тийиш.

Кыргыз ССРинин сотторунун арасында иш кайсы сотто карала тургандыгы жөнүндө талаштарга жол берилбейт.

**125-статья Иштерди бир союздук республиканын сотунан башка союздук республиканын сотуна өткөрүү**

Ишти Кыргыз ССРинин сотунан башка союздук республиканын сотуна өткөрүү же ишти Кыргыз ССРинин сотуна башка союздук республиканын сотунан өткөрүү ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык



сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 43-статьясына ылайык соттун аныктамасынын негизинде, бул аныктамага даттануу же протест келтирүү мөөнөтү өткөндөн кийин, ал эми арыз берилген же протест келтирилген учурда, бул арызды же протестти канааттандырбай калтыруу жөнүндөгү аныктама чыгарылгандан кийин жүргүзүлөт.

Ар башка союздук республикалардын сотторунун арасында ишти кароонун орду жөнүндө талаш келип чыккан учурда бул маселе СССР Жогорку Соту тарабынан чечилет.

## 12-ГЛАВА

## ДОО КОЮУ

**126-статья. Доо арызынын формасы жана мазмуну**

Сотко доо арыз жазуу формасында берилет.

Арызда төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) арыз берилип жаткан соттун наамы;

2) доогердин аты, анын жашаган жери же, эгерде доогер юридикалык жак болсо, анын турган орду, эгерде арызды өкүл берсе, ошондой эле өкүлдүн аты жана анын адреси;

3) жоопкердин аты, анын жашаган жери же, эгерде жоопкер юридикалык жак болсо, анын турган орду;

4) доогердин өзүнүн талабын негиздөөчү жагдайлар жана доогер көрсөткөн жагдайларды ырастоочу далилдер;

5) доогердин талабы;

6) эгерде доо бааланууга жатса, доонун баасы;

7) арызга тиркелген документтердин тизмеси.

Арызга доогер же анын өкүлү кол коюшат. Өкүл тарабынан берилген доо арызга өкүлдүн полномочиесин күбөлөндүргөн ишеним кат же башка документ тиркелүүгө тийиш.

**127-статья. Прокурор тарабынан берилүүчү доо арыздын мазмуну**

Прокурор тарабынан берилүүчү доо арызда ушул Кодекстин 126-статьясында көрсөтүлгөн маалыматтардан тышкары төмөндөгүлөр да болууга тийиш:

1) иш козгогон прокуратура органын көрсөтүү;

2) кызыкчылыгы үчүн доо берилип жаткан жактын наамы жана анын адреси;

3) прокурордун талабы негизделген законду көрсөтүү.

### 128-статья. Доо арыздын жана башка документтердин копиясы

Доо арыз сотко жоопкерлердин саны боюнча копиялар менен берилет. Иштин татаалдыгына жана мүнөзүнө жараша судья доогерди доо арызга тиркелген документтердин да копияларын келтирүүгө милдеттендире алат.

### 129-статья. Граждандык иштер боюнча арыздарды кабыл алуу

Граждандык иштер боюнча арыздарды кабыл алуу жөнүндөгү маселени судья өз алдынча чечет.

Судья төмөнкү учурларда арызды кабыл алуудан отказ кылат:

1) эгерде арыз соттордо каралууга жатпаса;

2) эгерде иштердин ушул категориясы үчүн ишти соттон тышкары алдын ала чечүүнүн закондо белгиленген тартиби сотко кайрылган кызыкчылыгы бар жак тарабынан сакталбаса;

3) эгерде закондуу күчүнө кирген ошол эле тараптардын ортосундагы, ошол эле предмет жөнүндөгү жана ошол эле негиздер менен талаш боюнча чыгарылган соттун чечими, же доогердин доодон отказ кылгандыгын кабыл алуу жөнүндө же тараптардын тынышуу келишимин бекитүү жөнүндө соттун аныктамасы болсо;

4) эгерде соттун өндүрүшүндө ошол эле тараптардын ортосундагы, ошол эле предмет жөнүндөгү жана ошол эле негиздер менен болгон талаш боюнча иш болсо;

5) эгерде өзүнүн компетенциясына жараша ошол эле тараптардын ортосундагы, ошол эле предмет жөнүндөгү жана ошол эле негиздер менен болгон талаш боюнча жолдоштук соттун чечими чыккан болсо;

6) эгерде тараптардын ортосунда бул талашты третей сотунун кароосуна беришке договор түзүлсө;

7) эгерде иш бул соттун кароосуна жатпаса;

8) эгерде арыз аракет жөндөмдүүлүгү жок адам тарабынан берилсе;

9) эгерде арыз кызыкчылыгы бар жактын атынан ишти жүргүзүүгө полномочиеси жок жак тарабынан берилсе.

Судья арызды кабыл алуудан отказ кылуу менен катар мотивделген аныктама чыгарат. Судья, эгерде иш соттук караштуулукка жатпаса, кайсы органга кайрылууга керек экендигин же иштин башталышына тоскоолдук кылган жагдайларды кантип жоюу керек экендигин аныктамада көрсөтүүгө милдеттүү.



Ушул статьянын 2, 7, 8 жана 9-пункттарындагы көрсөтүлгөн негиздер боюнча судьянын арызды кабыл алууну отказ кылышы, эгерде жиберилген бузуулар оңдолсо, ошол эле иш боюнча экинчи жолу арыз менен сотко кайрылууга тоскоолдук кыла албайт.

Судьянын доо арызды кабыл алуудан отказ кылуу жөнүндөгү аныктамасы арыз берүүчүгө ал тарабынан берилген документтерди кайтаруу менен кошо тапшырылат. Бул аныктамага жай арыз берүүгө же жай протест келтирүүгө болот.

(2-бөлүмдүн 1, 2 жана 9-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 130-статья. Бир канча доо талаптарын бириктирүү жана бөлүү

Доогер өз ара байланыштуу болгон бир канча талаптарды бир доо арызына бириктирүүгө акылуу.

Доо арызды кабыл алуучу судья, эгерде талаптарды бөлүп кароо ылайыктуураак деп тапса, бириктирилген талаптардын ичинен бирин же бир канчасын айрым өндүрүшкө бөлүүгө акылуу.

Талаптар бир канча доогерлер тарабынан же бир канча жоопкерлерге коюлганда, доо арызды кабыл алуучу судья, эгерде талаптарды бөлүп кароо ылайыктуураак деп тапса, бир же бир канча талаптарды айрым өндүрүшкө бөлүүгө акылуу.

Судья ушул соттун өндүрүшүндө бир гана (ошол эле) тараптар катышкан бир канча бирдей иштердин же бир доогердин ар кандай жоопкерлерге же ар кандай доогерлердин бир эле (ошол эле) жоопкерге болгон доолору боюнча бир канча иштердин бар экендигин аныктаса, эгерде буларды бириктирүү талаштарды тезирээк жана туураараак карашка алып келсе, бул иштерди чогуу караш үчүн бир өндүрүшкө бириктирүүгө акылуу.

### 131-статья. Доо арызды кыймылсыз калтыруу

Судья доо арыздын ушул Кодекстин 126, 127 жана 128-статьяларында айтылган талаптарды сактабастан же мамлекеттик пошлина төлөнбөстөн берилгендигин аныктаса, арызды кыймылсыз калтыруу жөнүндө аныктама чыгарат да, бул жөнүндө арыз берүүчүгө кабар кылат жана кемчиликтерди оңдоо үчүн ага мөөнөт белгилейт.

Эгерде арыз берүүчү судьянын көрсөтмөсүнө жараша жана белгиленген мөөнөттө ушул Кодекстин 126, 127 жа-

на 128-статьяларында айтылган талаптарды аткарса, же мамлекеттик пошлинаны төлөсө, доо арыз биринчи жолку сотко берилген күндөн баштап берилген катары эсептелинет. Мындай болбогон учурда арыз берилбеген катары эсептелинет жана арыз берүүчүгө кайтарылат.

**132-статья. Тосмо доо коюу**

Сот тарабынан чечим чыгарылганга чейин жоопкер биринчи доо менен кошо караш үчүн доогерге тосмо доо коюуга акылуу.

Тосмо доо коюу, доо коюу жөнүндөгү жалпы эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

**133-статья. Тосмо доону кабыл алуу шарттары**

Судья төмөнкү учурларда тосмо доону кабыл алат:

1) эгерде тосмо талап биринчи талапты чегерүү үчүн берилсе;

2) эгерде тосмо доону канааттандыруу биринчи доонун толук же жарым-жартылай канааттандырылышын жокко чыгарса;

3) эгерде тосмо жана биринчи доонун ортосунда өз ара байланыш болсо жана аларды бириктирип кароо, талаштарды тезирээк жана туураараак кароого алып келсе.

## 13-ГЛАВА

## ДООНУ КАМСЫЗ КЫЛУУ

**134-статья. Доону камсыз кылуу үчүн негиздер**

Сот же судья ишке катышкан жактардын суроосу боюнча же өзүнүн демилгеси боюнча доону камсыз кылууга чара көрө алат. Иштин кайсы гана абалында болбосун, эгерде доону камсыз кылуу чараларын колдонбоо соттун чечимин аткарууга кыйынчылык келтирсе, же такыр мүмкүндүк бербей турган кылса, доону камсыз кылууга жол берилет.

**135-статья. Доону камсыз кылуу боюнча чаралар**

Доону камсыз кылуу боюнча чаралар төмөнкүлөр болот:

1) жоопкердин өзүндө жана башка жактарда болгон ага тийиштүү мүлкүнө же акча суммаларына арест салуу;

2) белгилүү аракеттерди жасашка жоопкерге тыюу салуу;

3) мүлктү жоопкерге берүүнү же ага карата башка милдеттенмелерди аткарууну башка жактарга тыюу салуу;



4) мүлктү аресттен бошотуу жөнүндө доо берилген учурда мүлктү сатууну токтото туруу;

5) эгерде закон боюнча доо тартибинде талашууга жол берилген аткаруу документи жоопкер тарабынан талашылып жатса, ал документ боюнча өндүрүүнү токтото туруу.

Зарыл болгон учурларда доону камсыз кылуунун бир канча түрү колдонулат, бирок алардын бардыгынын суммасы доонун баасынан ашпоого тийиш.

Ушул статьянын 2-жана 3-пункттарында көрсөтүлгөн тыюу салуулар бузулганда, күнөөлүү адамдар соттун аныктамасы боюнча 10 сомго чейинки өлчөмдө штрафка тартылат. Мындан тышкары доогер бул адамдардан доону камсыз кылуу жөнүндөгү аныктаманы аткарбоодон болгон зыянды өндүрүп алууга акылуу.

**136-статья. Доону камсыз кылуунун бир түрүн башкасы менен алмаштыруу**

Доону камсыз кылуунун бир түрүн башка түрүнө алмаштырууга жол берилет.

Доону камсыз кылуунун бир түрүн башкасы менен алмаштыруу жөнүндөгү маселе, соттун заседаниесинде чечилет. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убактысы жана орду жөнүндө кабарланышат, бирок, ал жактардын келбей калышы камсыз кылууну алмаштыруу жөнүндөгү маселени караш үчүн тоскоолдук болбойт.

Акча суммаларын өндүрүү жөнүндөгү доону камсыз кылууда, бул камсыз кылууга карата көрүлгөн чаранын ордуна жоопкер, доогер тарабынан талап кылынган сумманы соттун депозиттик счетуна төгүп берүүгө акылуу.

**137-статья. Доону камсыз кылуу жөнүндөгү арызды кароо**

Доону камсыз кылуу жөнүндөгү арыздар ошол эле күнү жоопкерди жана ишке катышуучу башка жактарды кабарлабай эле судья же ишти кароочу сот тарабынан чечилет.

**138-статья. Доону камсыз кылуу жөнүндөгү аныктаманы аткаруу**

Доону камсыз кылуу жөнүндөгү аныктама соттун чечимдерин аткаруу үчүн белгиленген тартипте токтоосуз аткарылат.

**139-статья. Доону камсыз кылууну алып таштоо**

Доону камсыз кылуу ошол эле сот тарабынан алып ташталышы мүмкүн.

Доону камсыз кылууну алып таштоо жөнүндөгү маселе соттук заседаниеде чечилет. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убактысы жана орду жөнүндө кабарланышат, бирок ал жактардын келбей калышы доону камсыз кылууну алып таштоо жөнүндөгү маселени караш үчүн тоскоолдук болбойт.

Доого отказ кылынган учурда доону камсыз кылууга көрүлгөн чаралар чечим законду күчүнө киргенге чейин сакталат. Бирок сот, чечим менен кошо же аны чыгаргандан кийин доону камсыз кылууну алып таштоо жөнүндө аныктама чыгара алат.

**140-статья. Доону камсыз кылуу маселелери боюнча аныктамаларга даттануу**

Доону камсыз кылуу маселелери боюнча бардык аныктамаларга жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

Эгерде доону камсыз кылуу жөнүндөгү аныктама даттануучу адамга кабар кылынбай чыгарылса, арыз берүү мөөнөтү бул аныктама жөнүндө ага белгилүү болгон күндөн баштап эсептелинет.

Доону камсыз кылуу жөнүндөгү аныктамага жай арыз берүү же протест келтирүү бул аныктаманын аткарылышын токтото албайт.

Доону камсыз кылууну алып таштоо жөнүндөгү же камсыз кылуунун бир түрүн башка түрүнө алмаштыруу жөнүндөгү аныктамага жай арыз берүү же протест келтирүү аныктаманын аткарылышын токтото алат.

**141-статья. Жоопкерге доону камсыз кылуудан болгон зыянды калыбына келтирүү**

Доону камсыз кылууга жол берүү менен катар сот же судья мындан жоопкер үчүн болууга мүмкүн болгон зыянды камсыз кылууну доогерден талап кыла алат.

Доого отказ кылган чечим законду күчүнө киргенден кийин доогердин суроосу менен доону камсыз кылуу боюнча чаралардан келтирилген зыяндарды калыбына келтирүүнү доогерден талап кылууга жоопкер акылуу.

## 14-ГЛАВА

## СОТТУК КАРАШКА ГРАЖДАНДЫК ИШТЕРДИ ДАЯРДОО

**142-статья. Ишти соттук карашка даярдоо боюнча судьянын аракеттери**

Арызды кабыл алгандан кийин, иштин өз убагында жана туура чечилишин камсыз кылуу максатында, судья ишти соттук кароого даярдык жүргүзөт.

Судья ишти соттук кароого даярдоодо өз алдынча төмөнкү аракеттерди жасайт:

1) доогерден доодогу талаптардын мазмуну боюнча сурап билет жана андан жоопкер тарабынан боло турган каршылыктар жөнүндө аныктап билет, эгерде зарыл болсо, кошумча далилдер келтирүүнү тапшырат, доогерге анын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт;

2) зарыл болгон учурларда жоопкерди чакырып, иштин жагдайлары боюнча сурап билет, доого карата кандай каршылыгы бар экендигин жана бул каршылыктар кандай далилдер менен бекемделе тургандыгын ачат, өзгөчө татаал иштер боюнча жоопкерге кат жүзүндө иш боюнча түшүнүк келтирүүнү тапшырат, жоопкерге анын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт;

3) ишке шериктеш жоопкерлерди жана үчүнчү жактарды тартуу же киргизүү жөнүндөгү маселени чечет, ишке шериктеш доогерлердин катышуулары жөнүндөгү маселени аныктайт жана аларды ушул статьянын 1-жана 2-пунктуна ылайык сурап билет;

4) тараптарга, талашты третей же жолдоштук сотко чечүү үчүн бере ала турган алардын укугун жана ал аракеттин натыйжаларын түшүндүрөт;

5) ишке прокурордун катыша тургандыгы жөнүндөгү жана процесске тийиштүү мамлекеттик башкаруу органын катыштыруу жөнүндөгү маселени чечет. Дайынсыз жок болгон, жин оорулуулугунун же кем акылдыгынын натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок деп белгиленген тартипте таанылган адамдар менен ажыраштыруу жөнүндөгү иштер боюнча процесске жоопкердин мүлктүк укугун коргоо үчүн, ошондой эле анын балдарынын кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн опека жана попечитель органын катыштыруу жөнүндөгү маселени чечет;

6) соттук кароого коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүн катыштыруу жөнүндөгү маселени чечет;

7) иштин чечилишине ишке катышууга тартылбаган мамлекеттик ишкананын, мекеменин, уюмдун, колхоздун, кооперативдик башка уюмдун, алардын бирикмесинин, коомдук башка уюмдун, же болбосо граждандын кызыкчылыгынын бар экендигин аныктаса, аларга каралуучу иш жөнүндө жана анын карала турган убагы жөнүндө кабарлайт;

8) соттук заседаниеге күбөлөрдү чакыруу жөнүндөгү же аларды ушул Кодекстин 63-статьясынын төртүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн тартипте сурак кылуу жөнүндөгү маселени чечет;

9) мамлекеттик ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан, колхоздордон, кооперативдик башка уюмдардан, алардын бирикмелеринен, коомдук башка уюмдардан же граждандардан кат жүзүндөгү жана буюм далилдерин суратып алат же бул далилдерди алып сотко тапшыруу үчүн ишке катышуучу жактардын колуна запрос берет;

10) ишке катышуучу жактардын пикирин эске алуу менен экспертиза жүргүзүү жөнүндөгү маселени чечет;

11) кийинкиге калтырууга болбогон учурларда ишке катышуучу жактарга кабар кылуу менен ордуна барып кароону жүргүзөт;

12) башка сотторго соттук тапшырууларды жиберет;

13) ишти соттук кароого даярдык боюнча ушул Кодекске ылайык судья өзүнчө жүргүзүүгө акылуу болгон башка аракеттерди да жүргүзөт.

(2-бөлүмдүн 6, 7 жана 9-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 143-статья. Соттук кароого ишти даярдоо жөнүндө аныктама

Соттук кароого ишти даярдоо жөнүндөгү аныктама ишке катышуучу жактарга кабар кылынбастан эле жеке судья тарабынан чыгарылат.

### 144-статья. Соттук кароого ишти дайындоо

Судья, ишти жетишерлик түрдө даярдалды деп эсептеп, аны соттук заседаниеде кароого дайындоо жөнүндө аныктама чыгарат.

## 15-ГЛАВА

## СОТТУК КАРОО

### 145-статья. Соттук заседание

Граждандык ишти кароо ишке катышуучу жактарга милдеттүү түрдө кабар кылуу менен соттук заседаниеде жүргүзүлөт.

Дайынсыз жок болгон, жин оорулуулугунун же кем акылдыгынын натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок



деп белгиленген тартипте таанылган адамдар менен ажырашуу жөнүндөгү иштер жоопкерди сотко чакырбастан туруп эле каралат.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1967-жыл 30-январдагы Указы менен толукталган).

### 146-статья. Соттук заседаниеде председателдик кылуучу

Райондук (шаардык) эл сотунун заседаниесинде эл судьясы, ал эми башка соттордун заседаниесинде — соттун председатели, председателдин орунбасары же мүчөсү председателдик кылат.

Председателдик кылуучу тараптардын укуктарын жана милдеттерин, иштин бүткүл жагдайларын толук, бардык жагынан жана объективдүү ачууну камсыз кылуу менен жана каралып жаткан ишке тиешеси жок бардык нерселерди соттук кароодон четтетүү менен сот заседаниесине жетекчилик кылат. Председателдик кылуучу соттук процесстин тийиштүү тарбиялоочу деңгээлин камсыз кылат. Ишке катышуучу жактардын, өкүлдөрдүн, күбөлөрдүн, эксперттердин, котормочулардын кимдир бирөө председателдик кылуучунун аракетине макул болбосо, бул макул эместик соттук заседаниенин протоколуна жазылат жана маселе соттун бардык составы тарабынан чечилет.

Председателдик кылуучу соттук заседаниеде тийиштүү тартипти камсыз кылууга зарыл болгон чараларды көрөт.

### 147-статья. Соттук кароонун тикелиги, оозекилиги жана үзгүлтүксүздүгү

Биринчи инстанциядагы сот иштерди караган кезде, иш боюнча далилдерди тикеден-тике изилдөөгө: ишке катышуучу жактардын түшүнүктөрүн, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн, эксперттердин корутундуларын угууга кат жүзүндөгү далилдер менен таанышууга, буюм далилдерин карап чыгууга милдеттүү.

Иштин каралышы оозеки жана судьялардын өзгөртүлбөгөн составында жүргүзүлөт. Ишти кароонун процессинде судьялардын бири алмаштырылган учурда иштин каралышы кайра башынан башталууга тийиш.

Ар бир иш боюнча соттук заседание дем алууга берилген убактан тышкары үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Башталган ишти кароону бүткөнгө чейин же анын каралышын кийинкиге калтырганга чейин башка иштерди кароого соттун акысы жок.

**148-статья. Соттук кароого коомчулуктун катышуусу**

Иште тарап болуп эсептелбеген коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүнө, сот тарабынан каралып жаткан иш боюнча аларды уполномочиелеген уюмдардын же коллективдердин пикирлерин сотко айтып берүү үчүн соттун аныктамасы боюнча соттук кароого катышууга жол берилет.

Коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрү иштин материалдары менен таанышууга, соттук бардык заседаниелерге катышууга, далилдер келтирүүгө, далилдерди изилдөөгө катышууга, ишке катышуучу жактарга, күбөлөргө жана эксперттерге суроо беришке, соттук караштын жүрүшүндө пайда болгон маселелер боюнча өздөрүнүн доводдорун жана пикирлерин айтууга, соттук жарыш сөзгө катышууга укуктары бар.

Коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүнүн полномочиеси сот тарабынан каралып жаткан ишке байланыштуу кабыл алынган коомдук уюмдун же коллективдин жалпы чогулушунун же шайланган органынын токтомунун көчүрмөлөрү менен аныкталышы керек.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**149-статья. Соттук заседаниедеги тартип**

Заседание залына судьялар кирген кезде, соттук заседаниенин залында катышып олтургандардын баары ордунан турушат.

Ишке катышуучу жактар, өкүлдөр, күбөлөр, эксперттер, котормочулар туруп туруп сотко кайрылышат, түшүнүк жана көрсөтүү беришет. Бул эрежеден четке чыгуу председателдик кылуучунун уруксаты менен гана болот.

Ишке катышуучу жактар, өкүлдөр, күбөлөр, эксперттер, котормочулар, ошондой эле соттук заседаниенин залында катышып олтурган бардык граждандар белгиленген тартипти соттук заседаниеде сактоого жана председателдик кылуучунун тийиштүү буйруктарына сөзсүз баш ийүүгө милдеттүү.

**150-статья. Соттук заседаниеде тартипти бузуучуларга карата колдонулуучу чаралар**

Ишти кароо убагында тартипти бузган адамга председателдик кылуучу соттун атынан эскертет.

Ишке катышуучу жактар, өкүлдөр, күбөлөр, эксперттер, котормочулар тартипти кайталап бузушса, соттун аныктамасы боюнча ал эми ишти кароодо катышып олтурган граждандар — председателдик кылуучунун буйругу боюнча сот залынан чыгарылат. Ошондой эле ишти кароодо катышып олтурган граждандарга сот 10 сомго чейинки өлчөмдө штраф салууга акылуу.

Председателдик кылуучунун буйругуна прокурордун жана адвокаттын баш ийбеген учурунда, аларга эскертүү жасалат. Бул аталган адамдар мындан ары да председателдик кылуучунун буйругуна баш ийбесе, эгерде иш үчүн зыяндыгы жок аларды башкага алмаштырууга болбосо, соттун аныктамасы боюнча ишти кароо кийинкиге калтырылат. Ошону менен катар эле бул жөнүндө тийиштүү жогору турган прокурорго же адвокаттар коллегиясынын президиумуна сот кабар кылат.

Соттук заседаниенин тартиби тараптар тарабынан же үчүнчү жактар тарабынан бузулган убакта сот ишти кароону кийинкиге калтырат же тартип бузуучуларды соттук кароонун бардык убагына же анын бир бөлүгүнө соттук заседаниенин залынан чыгарып жиберет. Кийинки учурда (кароонун бир бөлүгүнөн чыгарылган) председателдик кылуучу соттук заседаниенин залына кайрадан киргизилген адамды ал жокто иштелген процессуалдык аракеттер менен тааныштырат.

**151-статья. Соттук заседаниенин ачылышы**

Ишти кароо үчүн даярдалган убакта судьялар заседаниенин залына киришет, ал жерде председателдик кылуучу соттук заседаниени ачат жана кайсы иш каралууга тийиш экендигин жарыялайт.

**152-статья. Процесстин катышуучуларынын келишин текшерүү**

Соттук заседаниенин секретары бул иш боюнча чакырылгандардын кимиси келгендигин, келбей калгандарга повесткасын тапшырылгандыгын жана келбей калуунун себептери жөнүндөгү маалыматтарды сотко доклад кылат.

Сот келгендердин өздүгүн аныктайт, ошондой эле кызмат адамдарынын жана өкүлдөрдүн полномочиесин текшерет.

**153-статья. Котормочуга анын милдеттерин түшүндүрүү**

Председателдик кылуучу котормочуга сот өндүрүшү жүргүзүлүп жаткан тилди билишпеген адамдардын түшүнүктөрүн, көрсөтүүлөрүн, билдирүүлөрүн, ал эми бул адамдарга түшүнүктөрдүн, көрсөтүүлөрдүн, билдирүүлөр-

дүн, жарыялаган документтердин маанисин, ошондой эле председателдик кылуучунун буйруктарын, соттун аныктамаларын жана чечимин которуп берүү милдетин түшүндүрөт.

Председателдик кылуучу билип туруп жалган которгондугу үчүн котормочуну Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 188-статьясы боюнча жоопкерчилиги жөнүндө эскертет.

**154-статья. Соттук заседаниенин залынан күбөлөрдү чыгарып жиберүү**

Келген күбөлөр, аларды суракка алганга чейин соттук заседаниенин залынан чыгарылып жиберилет. Председателдик кылуучу сот тарабынан суралган күбөлөр менен сурала элек күбөлөрдүн жолугушпасы жөнүндө чара көрөт.

**155-статья. Соттун составын жарыялоо жана отвод кылуу укугун түшүндүрүү**

Председателдик кылуучу соттун составын жарыялайт, прокурор, коомдук уюмдун же эмгек коллективинин өкүлү, эксперт, котормочу, соттук заседаниенин секретары катарында кимдер катышып жаткандарын билдирет жана ишке катышуучу жактарга, алардын отвод кылуу укуктарын түшүндүрөт.

Отвод кылуу үчүн негиздер, билдирген отводду чечүү жана мындай билдирүүлөрдү канааттандыруунун натыйжалары ушул Кодекстин 19—25-статьялары тарабынан аныкталат.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**156-статья. Ишке катышуучу жактарга алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Председателдик кылуучу ишке катышуучу жактарга жана өкүлдөргө алардын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт, ошондой эле тараптарга алардын талашты чечүү үчүн третей же жолдоштук сотко кайрылууга укуктуу экендигин түшүндүрөт.

**157-статья. Ишке катышуучу жактардын билдирүүлөрүн чечүү**

Ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн жаңы далилдерди суратып алуу жөнүндөгү жана ишти кароого байланыштуу болгон башка маселелер боюнча өтүнүчтөрү ишке катышуучу башка жактардын пикирлерин жана про-



курордун корутундусун уккандан кийин соттун аныктамасы менен чечилет.

**158-статья. Ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн соттук заседаниеге келбей калышынын натыйжалары**

Ишке катышуучу жактардын кимдир бири же өкүлдөр соттук заседаниеге келбей калган учурда, аларга повесткалардын тапшырылгандыгы жөнүндө маалымат жок болсо, сот иштин каралышын кийинкиге калтырат.

Соттук заседаниенин убагы жана орду жөнүндө кабар кылынган ишке катышуучу жактардын кимдир бири же өкүлдөр соттук заседаниеге сот тарабынан жүйөлүү деп табылган себептер боюнча келбей калышса, сот иштин каралышын кийинкиге калтырат.

Эгерде келбей калуунун себеби жөнүндө маалымат жок болсо, же келбей калуунун себебин сот жүйөсүз деп тапса, иш келбей калган жаксыз эле каралууга болот.

Прокурордун же адвокаттын жүйөсүз себептер менен келбей калышы жөнүндө сот аныктама менен жогору турган прокурорго же адвокаттар коллегиясынын президиумуна билдирет.

**159-статья. Тараптардын соттук заседаниеге жүйөсүз себептер менен келбей калышынын натыйжалары**

Доогер жана жоопкер жүйөсүз себептер менен соттук заседаниеге келбей калышса, эгерде алардын биринен да аларды катыштырбай эле ишти карай беришке арыз түшпөсө, сот иштин каралышын кийинкиге калтырат.

Тараптар жүйөсүз себептер менен экинчи чакыруу боюнча келишпесе, эгерде сот иштеги болгон материалдар менен ишти чечүүгө мүмкүн деп эсептебесе, доону кароосуз калтырат.

**160-статья. Алимент өндүрүү иштери боюнча жоопкердин соттук заседаниеге келбей калышынын натыйжалары**

Сот алимент өндүрүү иштери боюнча жоопкердин келишин милдеттүү деп таба алат. Эгерде мындай учурда жоопкердин келбей калуусу жүйөсүз себептер боюнча деп сот тарабынан табылса, ал 10 сомго чейинки өлчөмдө штрафка жана привод менен келтирилүүгө кириптер болушат.

### 161-статья. Күбөлөрдүн же эксперттердин соттук заседаниеге келбей калышынын натыйжалары

Соттук заседаниеге күбөлөр же эксперттер келбей калышса, сот келбей калган күбөлөрсүз же экспертсиз ишти кароо мүмкүнчүлүгү жөнүндө ишке катышуучу жактардын пикирин жана прокурордун корутундусун угат жана соттук кароону уланта берүү же ишти кароону кийинкиге калтыруу жөнүндө аныктама чыгарат.

### 162-статья. Ишти кароону кийинге калтыруу

Ушул Кодексте көрсөтүлгөн учурларда, ошондой эле ишке катышуучу жактардын, өкүлдөрдүн, күбөлөрдүн, эксперттердин, котормочулардын, кимдир бирөө келбей калган, тосмо доо берилген жаңы далилдерди суратып алуу зарылчылыгы болгон учурларда, ошондой эле ушул соттук заседаниеде ишти кароого тоскоолдук кылуучу башка жагдайлар болгон убакта ишти кароону кийинкиге калтырууга жол берилет.

Кийинкиге калтырылган ишти жаңы кароо кайра башынан башталат.

Сот ишти кароону кийинкиге калтырып жатып, ишке катышуучу жактарды чакыруу же жаңы далилдерди суратып алуу үчүн зарыл болгон убакытты эске алуу менен жаңы соттук заседаниенин күнүн дайындап, бул жөнүндө расписка менен келген жактарга жарыялайт.

Келбей калгандар жана процесске катышуу үчүн жаңыдан тартылып жаткан жактар жаңы соттук заседаниенин убактысы жөнүндө повестка менен кабарланат.

### 163-статья. Ишти кароону кийинкиге калтырууда күбөлөрдү суракка алуу

Эгерде соттук заседаниеде ишке катышуучу бардык жактар катышып олтурушса, ишти кароону кийинге калтырууда сот келген күбөлөрдү суракка ала алат.

Бул күбөлөрдү жаңы соттук заседаниеге экинчи жолу чакырууга зарыл болгон учурларда гана жол берилет.

### 164-статья. Экспертке анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү

Председателдик кылуучу экспертке анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт жана билип туруп жалган корутунду бергендиги үчүн же корутунду берүүдөн отказ кылгандыгы үчүн аны Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 188-жана 189-статьялары боюнча жоопкерчилиги жөнүндө эскертет.

### 165-статья. Ишти мазмуну боюнча кароонун башталышы

Ишти мазмуну боюнча кароо председателдик кылуучу тарабынан же эл заседатели тарабынан ишти доклад кылуу менен башталат.

Мындан кийин председателдик кылуучу доогерден доосун кубаттай тургандыгын, жоопкерден доогердин талабын мойнуна ала тургандыгын жана тараптар ишти тынышуу келишими менен бүтүрүүнү каалай тургандыктарын сурайт.

### 166-статья. Доогердин доодон отказ кылышы, жоопкердин доону мойнуна алышы жана тараптардын тынышуу келишими

Доогердин доодон отказ кылуу жөнүндөгү билдирүүсү жоопкер тарабынан доону мойнуна алышы же тараптардын тынышуу келишиминин шарттары соттук заседаниенин протоколуна жазылат жана тиешесине карата доогер тарабынан, жоопкер тарабынан же эки тарап тарабынан кол коюлат. Эгерде доогердин доодон отказ кылышы, жоопкер тарабынан доону мойнуна алышы, же тараптардын тынышуу келишими соттун адресине кат жүзүндө жазылган арызда айтылса, бул арыз ишке тиркелет да, бул жөнүндө соттук заседаниенин протоколунда көрсөтүлөт.

Доогердин доодон отказ кылышын, жоопкер тарабынан доону мойнуна алышын кабыл алганга же тараптардын тынышуу келишимин бекиткенге чейин сот доогерге, жоопкерге же тараптарга бул тийиштүү процессуалдык аракеттердин натыйжаларын түшүндүрөт.

Доогердин доодон отказ кылышын, жоопкер тарабынан доону мойнуна алышын кабыл алуу же тараптардын тынышуу келишимин бекитүү жөнүндө сот аныктама чыгаруу менен катар эле иш боюнча өндүрүштү кыскартат. Аныктамада сот тарабынан бекитилген тараптардын тынышуу келишиминин шарттары көрсөтүлүүгө тийиш.

Ушул Кодекстин 35-статьясындагы негиздер боюнча сот мотивделген аныктама чыгарып, доогердин доодон отказ кылышын, жоопкер тарабынан доону мойнуна алышын кабыл албай коюуга же тараптардын тынышуу келишимин четке кагууга жана ишти мазмуну боюнча кароого акылуу.

Ыктыярдуу аткарылбаган тынышуу келишими кызыкчылыгы бар тараптын арызы боюнча сот тарабына берил-

ген аткаруу барактын негизинде мажбур түрүндө аткарылат.

**167-статья. Ишке катышуучу жактардын түшүнүктөрү**

Ишти доклад кылгандан кийин сот доогердин жана анын тарабында катышып жаткан үчүнчү жактын, жоопкердин жана анын тарабында катышып жаткан үчүнчү жактын ошондой эле иште катышып жаткан башка жактардын түшүнүктөрүн угат. Башка жактын укуктарын жана кызыкчылыктарын жактоо үчүн сотко кайрылган прокурор, ошондой эле мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар уполномочендери же айрым граждандар түшүнүктөрүн биринчи болуп беришет. Ишке катышып жатуучу жактар бирине бири суроо берүүгө акылуу.

Ишке катышуучу жактардын кат жүзүндөгү түшүнүктөрү, ошондой эле ушул Кодекстин 56- жана 58-статьяларында көрсөтүлгөн тартипте сот тарабынан алынган түшүнүктөр председателдик кылуучу тарабынан жарыяланат.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**168-статья. Далилдерди изилдөөнүн тартибин белгилөө**

Ишке катышуучу жактардын түшүнүктөрүн уккандан кийин сот күбөлөрдү, эксперттерди суракка алуу жана башка далилдерди изилдөө тартибин белгилейт.

**169-статья. Күбөлөрдү суракка алуу**

Ар бир күбө жалгыздан суракка алынат. Ишти кароо убагында көрсөтүү бере элек күбөлөр соттук заседание залында болууга тийиш эмес. Эгерде сот эрте чыгып кетишке уруксат бербесе, суракка алынган күбө ишти кароо бүткөнгө чейин заседание залында калат.

**170-статья. Көрсөтүү берүүдө отказ кылгандыгы жана билип туруп жалган көрсөтүү бергендиги үчүн жоопкерчилик жөнүндө күбөнү эскертүү**

Күбөнү суракка алуунун алдында председателдик кылуучу күбөнүн өздүгүн аныктайт жана көрсөтүү берүүдөн отказ кылгандыгы же баш тарткандыгы үчүн жана билип



туруп жалган көрсөтүү бергендиги үчүн жоопкерчилиги жөнүндө эскертет. Күбөдөн ага анын милдети жана жоопкерчилиги түшүндүрүлгөндүгү жөнүндө подписка алынат. Подписка соттук заседаниенин протоколуна тиркелет.

Он алты жашка толбогон күбөлөргө председателдик кылуучу иш боюнча аларга белгилүү болгон бардык жагдайлардын чындыгын айтып берүүдө алардын милдеттерин түшүндүрөт, бирок алар көрсөтүү берүүдөн отказ кылгандыгы жана билип туруп жалган көрсөтүү бергендиги үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилбейт.

**171-статья. Күбөнү суракка алуунун тартиби**

Председателдик кылуучу күбөнүн ишке катышуучуларга карата мамилесин аныктайт, жана күбөгө иш боюнча анын өзүнө эмнелер белгилүү экендигин сотко билдирүүнү сунуш кылат.

Мындан кийин күбөгө суроолор берилиши мүмкүн.

Биринчи болуп күбөнү чакырууга талап койгон жак жана анын өкүлү, андан кийин калган ишке катышуучулар жана өкүлдөр суроо беришет. Соттун демилгеси боюнча чакырылган күбөгө биринчи болуп суроону доогер берет.

Судьялар күбөгө, аны суракка алынышынын кайсы гана убагында болбосун суроо беришке акылуу.

**172-статья. Күбөнү экинчи жолу суракка алуу**

Керек болгон учурда, ошол эле же кийинки заседаниелерде сот күбөнү экинчи жолу суракка ала алат, ошондой эле алардын көрсөтүүлөрүндөгү карама-каршылыкты ачыш үчүн күбөлөрдү бири-бирине беттештирет.

**173-статья. Күбө тарабынан кат жүзүндөгү заметкаларды пайдалануу**

Күбө көрсөтүүлөр берүүдө, анын көрсөтүүлөрү эстеп калууга кыйын болгон кандайдыр цифралык жана башка маалыматтар менен байланышта болсо, кат жүзүндөгү заметкаларды пайдалана алат. Бул заметкалар сотко жана ишке катышкан жактарга көрсөтүлөт жана соттун аныктамасы менен ишке тиркелип коюлушу мүмкүн.

**174-статья. Жашы жетпеген күбөнү суракка алуу**

Он алты жашка чейинки жаштагы күбөлөрдү суракка алган убакта педагог чакырылышы мүмкүн. Керек болгон учурларда жашы жетпегендердин ата-энеси же башка закондуу өкүлдөрү чакырылат. Көрсөтүлгөн адамдар соттун уруксаты менен күбөгө суроо бере алышат.

Чындыкты аныктоо үчүн зарыл болгон өзгөчө учурларда жашы жетпеген күбөнү суракка алуу убагында соттун аныктамасы боюнча соттук заседание залынан ишке катышуучулардын кээ бирөөлөрүн чыгарып жиберүүгө болот. Бул адам кайра заседание залына келгенден кийин жашы жетпеген күбөнүн көрсөтүүлөрү ага билдирүүгө жатат жана күбөгө суроо берүү мүмкүнчүлүгү берилет.

Он алты жашка толбогон күбө суракка алынгандан кийин, эгерде сот бул күбөнүн заседание залында катышуусу зарыл деп тапкан учурлардан тышкары убактарда соттук заседание залынан чыгарылып жиберилет.

**175-статья. Күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн жарыялоо**

Ушул Кодекстин 56, 58-статьяларында 63-статьясынын төртүнчү бөлүгүндө жана 163-статьясында көрсөтүлгөн тартипте чогултулган күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү соттук заседаниеде жарыяланат.

**176-статья. Кат жүзүндөгү далилдерди изилдөө**

Кат жүзүндөгү далилдер же ушул Кодекстин 56, 58-статьяларында жана 142-статьянын 11-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте аларды кароо боюнча түзүлгөн протоколдор соттук заседаниенин залында жарыяланат жана ишке катышуучу жактарга, өкүлдөргө, ал эми керек болгон учурларда эксперттерге жана күбөлөргө да көрсөтүлөт. Мындан кийин ишке катышуучу жактар түшүнүк бере алышат.

**177-статья. Граждандардын өздүк каттарын жана телеграфтык билдирүүлөрүн жарыялоо**

Кат жазышууларынын жана телеграфтык билдирүүлөрдүн жашыруун сырларын сактоо максатында граждандардын жеке өз ара кат жазышуулары жана жеке телеграфтык билдирүүлөрү бул кат жазышуулар жана телеграфтык билдирүүлөр жүргүзүшкөн адамдардын макулдугу менен гана ачык сот заседаниесинде жарыя окулушу мүмкүн. Андай болбогон учурда мындай кат жазышуулар жана телеграфтык билдирүүлөр жабык сот заседаниесинде жарыя окулат жана изилденет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**178-статья. Документтин жалгандыгы жөнүндө билдирүү**

Иште болгон документти жалган деп саноо жөнүндө билдирилген учурда, ушул документти берген адам соттон



далилдердин арасынан аны чыгарып таштоону жана ишти калган башка далилдердин негизинде чечүүнү сурай алат.

Документти жалган деген билдирүүнү текшерүү үчүн сот эксперт дайындай алат же башка далилдерди чакырта алат.

Эгерде сот документтин жалгандыгы жөнүндө корутундуга келсе, ал аны далилдердин катарынан чыгарат. Зарыл болгон учурларда сот уголовный иш козгойт же сотко жалган документ берген адамга карата коомдук чара көрүш үчүн материалды ал иштеген, окуган же жашаган жериндеги коомдук уюмга же жолдоштук сотко жиберет.

**179-статья. Буюм далилдерин изилдөө**

Буюм далилдери сот тарабынан каралат, ошондой эле ишке катышуучу жактарга, өкүлдөргө, ал эми керек болгон учурларда эксперттерге жана күбөлөргө да көрсөтүлөт.

Буюм далилдерин көрүшкөн жактар көрүүгө байланыштуу кээ бир жагдайларга соттун көңүлүн бура алышат. Бул билдирүүлөр соттук заседаниенин протоколуна жазылат.

Ушул Кодекстин 56, 58-статьяларында жана 142-статьясынын 11-пунктунда көрсөтүлгөн тартипте түзүлгөн буюм далилдерин кароо протоколдору соттук заседаниеде жарыяланат, андан кийин ишке катышуучу жактар түшүнүк бере алышат.

**180-статья. Жеринде кароо**

Сотко алып келүүгө мүмкүн болбогон буюм жана кат жүзүндөгү далилдер, алар турган жеринде каралат жана изилденет. Жеринде карап чыгуу жөнүндө сот аныктама чыгарат.

Жеринде кароо соттун бардык составы тарабынан жүргүзүлөт. Кароо жүргүзүүнүн убагы жана орду жөнүндө ишке катышуучу жактар жана өкүлдөр кабарланышат, бирок алардын келбей калышы кароону жүргүзүүгө тоскоолдук болбойт. Зарыл болгон учурларда эксперттер жана күбөлөр да чакырылат. Кароонун жыйынтыгы соттук заседаниенин протоколуна жазылат. Протоколго, кароо убагында түзүлгөн же текшерилген пландар, чертеждор жана сүрөттөр тиркелиши мүмкүн.

**181-статья. Эксперттерди суракка алуу**

Эксперттин корутундусу соттук заседаниеде жарыяланат. Корутундуну түшүндүрүү же толуктоо максатында экспертке суроолор берилиши мүмкүн.

Суроолорду адегенде, анын арызы боюнча эксперт дайындалган жак жана анын өкүлү беришет, андан кийин ишке катышуучу башка жактар жана өкүлдөр беришет. Соттун демилгеси боюнча дайындалган экспертке суроону адегенде доогер берет.

Судьялар экспертке аны суракка алынышынын кайсы гана убагында болбосун суроо беришке акылуу.

**182-статья. Кошумча жана кайрадан экспертиза жүргүзүү**

Эксперттин корутундусу жетишерлик түрдө ачык же толук болбосо, сот кошумча экспертиза дайындай алат.

Эксперттин корутундусу негизсиз деген мотив боюнча аны менен макул болбогон учурда, ошондой эле бир канча эксперттердин корутундулары өз ара карама-каршы болсо, сот башка экспертке же башка эксперттерге тапшыруу менен кайрадан экспертиза дайындай алат.

**183-статья. Мамлекеттик башкаруу органдарынын корутундулары**

Сот тарабынан процесске катыштырылган же өзүнүн демилгеси менен процесске катышкан мамлекеттик башкаруу органдарынын корутундулары соттук заседаниеде жарыяланат, андан кийин бул органдардын уполномочендерине сот, ишке катышуучу жактар жана өкүлдөр корутундуларды түшүндүрүү жана толуктоо максатында суроо бере алышат.

**184-статья. Коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин пикири**

Коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин пикирлери соттук заседаниеде алардын өкүлдөрү тарабынан баяндалат, андан кийин каралып жаткан иш жөнүндө коомчулуктун пикирин түшүндүрүү жана талдоо үчүн көрсөтүлгөн өкүлдөргө сот жана ишке катышкан жактар суроо бере алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**185-статья. Мазмуну боюнча ишти кароонун бүтүшү**

Бардык далилдер каралып бүткөндөн кийин председателдик кылуучу ишке катышуучу жактардан жана өкүлдөрдөн иштин материалдарын дагы эмнелер менен толуктоону каалай тургандыктарын сурайт. Мындай билдирүүлөр жок болсо, председателдик кылуучу, иштин текшерүү



бүткөндүгүн жарыялайт жана сот соттук жарыш сөздөрдү, жана ишке катышкан прокурордун корутундусун угууга өтөт.

**186-статья. Соттук жарыш сөз**

Соттук жарыш сөз ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн сүйлөгөн сөздөрүнөн турат. Адегенде доогер жана анын өкүлү, андан кийин жоопкер жана анын өкүлү сүйлөйт. Башталып калган процесстеги талаштын предметине өз алдынча талап койгон үчүнчү жак жана анын өкүлү тараптардан кийин сүйлөшөт. Талаштын предметине өз алдынча талап койбогон үчүнчү жак жана анын өкүлү иште катышып жаткан доогердин же жоопкердин кимисинин тарабында катышса, ошол жактан кийин сүйлөшөт.

Башка жактардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу таламдарын коргоого алып сотко кайрылган прокурор, ошондой эле мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын уполномочендери же айрым граждандар соттук жарыш сөзгө биринчи чыгышат.

Процесске сот тарабынан катыштырылган же процесске өзүнүн демилгеси менен катышкан мамлекеттик башкаруу органдардын уполномочендери соттук жарыш сөзгө тараптардан жана үчүнчү жактардан кийин чыгышат.

Соттук кароого катыштырылган коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрү соттук жарыш сөзгө ушул статьянын экинчи, үчүнчү жана төртүнчү бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн жактардан кийин чыгышат.

Сот соттук жарыш сөздү белгилүү бир убакыт менен чектей албайт. Председателдик кылуучу, эгерде сүйлөп жаткан жак сот тарабынан каралып жаткан иштин чегинен чыгып кеткен учурда гана, аны токтото алат.

(2, 4-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**187-статья. Репликалар**

Жарыш сөзгө катышкандардын бардыгы сөздөрүн сүйлөшүп бүткөндөн кийин, алар айтылган сөздөргө байланыштуу экинчи жолу сүйлөй алышат. Эң акыркы реплика сүйлөө укугу бардык убакта жоопкерге жана анын өкүлүнө тийиштүү. Тараптар репликаларын прокурордун корутундусунан мурда сүйлөшөт.

**188-статья. Прокурордун корутундусу**

Ишке катышып жаткан прокурор иштин жалпы мазмуну боюнча корутундуну соттук жарыш сөз бүткөндөн кийин берет.

**189-статья. Мазмуну боюнча ишти кароону жаңыртуу**

Соттук жарыш сөзгө катышуучулар же корутунду берүүчү прокурор өздөрүнүн сөздөрүндө сот тарабынан текшерилбеген жагдайларга, ошондой эле соттук заседаниеде изилденбеген далилдерге кайрылууга акысыз.

Жаңы далилдерди келтирүү зарыл болгон учурда, алар соттук кароону жаңыртуу жөнүндө өтүнүч келтире алышат.

Эгерде сот, соттук жарыш сөз же прокурордун корутундусу убагында, иш үчүн мааниси бар жаңы жагдайларды ачууну же жаңы далилдерди изилдөөнү зарыл деп тапса, ал мазмуну боюнча ишти караш үчүн жаңыртуу жөнүндө аныктама чыгарат. Мазмуну боюнча ишти карап бүткөндөн кийин соттук жарыш сөз жана прокурордун корутундусу жалпы тартипте жүргүзүлөт.

**190-статья. Соттун кеңешүүчү бөлмөгө кетиши**

Сот соттук жарыш сөздөрдөн жана прокурордун корутундусунан кийин чечим чыгаруу үчүн кеңешүүчү бөлмөгө кетет, ал жөнүндө председателдик кылуучу соттук заседаниеде катышып олтургандарга жарыялайт.

**191-статья. Чечимди жарыялоо**

Чечимге кол коюлгандан кийин сот соттук заседание залына кайтып келет, председателдик кылуучу ал жерде соттун чечимин жарыялайт. Бардык катышуучулар, соттун составы менен кошо соттун чечимин туруп туруп угушат.

Чечим тараптар билбеген тилде жазылса, алардын эне тилине же алар билген башка тилге которулуп берилүүгө тийиш. Председателдик кылуучу андан кийин чечимдин мазмунун, арызданууунун тартибин жана мөөнөтүн түшүндүрөт.

## 16-ГЛАВА

## СОТТУН ЧЕЧИМИ

**192-статья. Чечимди чыгаруу**

Ишти мазмуну менен чечүүчү биринчи инстанциядагы соттун токтомдору чечим формасында чыгарылат.

Сот чечимди Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын атынан чыгарат.



**193-статья. Чечимдин законлуулугу жана негиздүүлүгү**

Соттун чечими закондуу жана негиздүү болууга тийиш.

Сот чечимди соттук заседаниеде изилденген далилдерге гана негиздейт.

**194-статья. Судьялардын кеңешүүсүнүн жашыруундуулугу**

Чечим сот тарабынан кеңешүүчү бөлмөдө чыгарылат. Кеңешүү жана чечим чыгаруу убагында кеңешүүчү бөлмөдө, ушул иш боюнча соттун составына кирген гана судьялар катыша алышат. Кеңешүүчү бөлмөдө башка адамдардын катышуусуна жол берилбейт.

Судьялардын кеңешүүсү ушул Кодекстин 17-статьясы тарабынан каралган тартипте өтөт. Кеңешүү убагында айтылган пикирлерди судьялар жарыялай алышпайт.

**195-статья. Чечим чыгарууда чечилүүчү маселелер**

Чечим чыгарууда сот далилдерди баалайт, ишке мааниси бар кайсы жагдайлардын аныкталгандыгын же аныкталбай калгандыгын, бул иш боюнча кайсы закон колдонула тургандыгын жана доонун канааттандырылууга жатар-жатпасын аныктайт.

Сот кеңешүү убагында ишке мааниси бар жаңы жагдайларды ачыш же жаңы далилдерди текшериш зарыл деп тапса, ишти негизинен карашка, жаңыртууга аныктама чыгарат. Ишти негизинен карап бүткөндөн кийин сот соттук жарыш сөздү жана ишке катышып жаткан прокурордун корутундусун кайрадан угат.

**196-статья. Соттук доонун талаптарынын чегинен чыгарууга укуктуулугу**

Эгерде мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же граждандардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу кызыкчылыктарын коргоо үчүн зарылчылыгы болгон кезде жагдайлардын ачылышына жараша сот доогер тарабынан билдирилген талаптардын чегинен чыга алат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**197-статья. Чечимди түзүү**

Соттун чечими көпчүлүк добуш менен чыгарылат.

Чечим председателдик кылуучу же судьялардын бири

тарабынан жазуу формасында түзүлөт жана чечимди чыгарууга катышкан бардык судьялар, ошондой эле өзгөчө пикирде калган судья да кол коюшат. Чечимдеги ондоолор судьялардын койгон колдорунун алды жагында көрсөтүлүшү тийиш.

198-статья. **Чечимдин мазмуну**

Чечим кириш, баяндоочу, мотивдөөчү жана корутунду бөлүктөрдөн турат.

Чечимдин кириш бөлүгүндө чечимдин чыгарылган убагы жана орду, чечимди чыгарган соттун наамы, соттун составы, соттук заседаниенин секретары, эгерде процессте прокурор катышса, прокурор, тараптар, ишке катышуучу башка жактар жана өкүлдөр, ошондой эле талаштын предмети көрсөтүлөт.

Чечимдин баяндоочу бөлүгүндө доогердин талабы, жоопкердин каршылыгы жана ишке катышкан башка жактардын түшүнүктөрү көрсөтүлөт.

Чечимдин мотивдөөчү бөлүгүндө сот тарабынан аныкталган иштин жагдайлары, иштин жагдайлары жөнүндө жыйынтык чыгарууда негизделген далилдер, тигил же бул далилдерди четке кагууда соттун доводдору, сот колдонгон закондор көрсөтүлүшү тийиш.

Чечимдин корутунду бөлүгүндө доонун канааттандырылгандыгы жөнүндө же доого толугу менен же жарым-жартылай отказ кылынгандыгы жөнүндөгү соттун жыйынтыгы, соттук расходдордун бөлүнүшү, чечимге даттануунун мөөнөтү жана тартиби көрсөтүлүүгө жатат.

Никени бузуу жөнүндөгү иштер боюнча чечимдин корутунду бөлүгүндө никени бузууну каттоо кезинде эрди-катындын бири же экөө тең төлөөгө тийиш болгон 50 сомдон 200 сомго чейинки өлчөмдөгү сумма аныкталууга тийиш, буга дайынсыз жок болгон же жин оорулуулугун же кем акылдыгынын натыйжасында аракет жөндөмдүүлүгү жок деп белгиленген тартипте таанылган адамдар менен, же болбосо кылмыш жасагандыгы үчүн үч жылдан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратууга соттолгон адамдар менен никени бузуу жөнүндөгү иштер кирбейт, алар боюнча көрсөтүлгөн сумма өндүрүлүп алынбайт.

(6-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1967-жыл 30-январындагы жана 1981-жыл 22-апрелиндеги Указдарынын редакциясында).

199-статья. **Мотивделген чечимди түзүү**

Чечим иш каралар замат чыгарылат.



Айрыкча учурларда өзгөчө татаал иштер боюнча мотивделген чечимди жазуу үч күндүк мөөнөттөн ашпаган убакытка кийинкиге калтырылууга болот, бирок чечимдин корутунду бөлүгүн сот ишти карап бүткөн ошол эле заседаниеде жарыялоого тийиш. Ушуну менен бирге сот ишке катышуучу жактарга жана өкүлдөргө мотивделген чечим менен качан таанышууга боло тургандыгын жарыялайт. Жарыяланган чечимдин корутунду бөлүгү бардык судьялар тарабынан кол коюлат жана ишке тиркелүүгө тийиш.

200-статья. **Чечимди аткаруу тартибин жана мөөнөтүн аныктоо, чечимди аткарууну камсыз кылуу**

Сот чечимди аткаруунун тартибин жана мөөнөтүн өзгөчө белгилеген, же чечимди токтоосуз аткарууга берген же чечимди аткарууну камсыз кылуу чарасын колдонгон учурларда, бул жөнүндө чечимде көрсөтүлөт.

201-статья. **Юридикалык жактардан акча суммасын өндүрүү жөнүндө чечим**

Сот мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар акча суммасын өндүрүү жөнүндө чечим чыгарууда, чечимдин корутунду бөлүгүндө өндүрүлгөн сумманын мүнөзүн жана өндүрүлүп берилген сумма жоопкердин кредиттик мекемелердеги кайсы счетунан алына тургандыгын көрсөтөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелиндеги Указынын редакциясында).

202-статья. **Мүлктү же анын баасын өндүрүү жөнүндө чечим**

Мүлктү натуралай өндүрүп берүүдө сот чечимде мүлктүн наркын көрсөтөт, эгерде чечимди аткаруу убагында мүлк жок болуп калса, анда ошол нарк жоопкерден өндүрүлөт.

203-статья. **Жоопкерди белгилүү бир аракеттерди иштөөгө милдеттендирүү чечими**

Мүлк же акча суммасын өткөрүүгө байланышпаган белгилүү бир аракетти иштөөгө жоопкерди милдеттендирүү жөнүндөгү чечим чыгарууда, сот ошол эле чечимде, эгерде жоопкер белгиленген мөөнөттүн ичинде чечимди аткарбаса, доогер тийиштүү расходду жоопкерден өндүрүү менен бул аракетти өзү жасоого акылуу экендигин көрсөтө алат.

Эгерде көрсөтүлгөн аракеттер жалаң гана жоопкер тарабынан аткарылууга жатса, сот чечимде канча убакыт ичинде чечим аткарылууга тийиш экендигин көрсөтө алат.

**204-статья. Бир канча доогердин пайдасына же бир канча жоопкерге каршы чечим**

Бир канча доогердин пайдасына чечим чыгарууда, сот алардын ар бирине чечимдин канча үлүштө тийиштүү экендигин көрсөтөт же өндүрүү укугу баарына бирдей (ортоктош) экендигин көрсөтөт.

Бир канча жоопкерлерге каршы чечим чыгарууда сот ар бир жоопкердин чечимди аткарууга тийиштүү үлүшүн көрсөтөт же алардын жоопкерчилиги баарына бирдей (солидарно) экендигин көрсөтөт.

**205-статья. Чечимдеги жаңылыш жазууларды жана арифметикалык көрүнөө каталарды оңдоо**

Иш боюнча чечим жарыялагандан кийин чечимди чыгарган сот өзү аны бузушка же өзгөртүшкө акысы жок.

Сот, өз демилгеси менен же ишке катышуучу жактардын арыздары боюнча чечимдеги жаңылыш жазууларды, эсеп же арифметикалык көрүнөө каталарды оңдой алат. Оңдоо киргизүү жөнүндөгү маселе, ишке катышуучу жактарга кабар кылуу менен соттук заседаниеде чечилет. Бирок алардын келбей калышы оңдоо киргизүү жөнүндөгү маселени кароо үчүн тоскоолдук болбойт.

Чечимге оңдоо киргизүү жөнүндөгү маселе боюнча соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**206-статья. Кошумча чечим**

Төмөнкү учурларда ишке катышуучу жактардын арызы боюнча же өз демилгеси менен иш боюнча чечим чыгарган сот кошумча чечим чыгара алат:

1) эгерде кээ бир талаптар боюнча ишке катышуучу жактардын далилдер келтиришкенине жана түшүнүктөр беришкенине карабастан чечим чыкпай калса;

2) эгерде сот укук жөнүндө маселени чечип, өндүрүлгөн сумманын өлчөмүн, берилүүгө жатуучу мүлктү же жоопкер жасоого милдеттүү болгон аракеттерди көрсөтпөй койсо;

3) эгерде сот тарабынан соттук расходдор жөнүндөгү маселе чечилбей калса.

Кошумча чечим чыгаруу жөнүндөгү маселе чечим чыккандан кийин он күн ичинде коюлууга тийиш.



Кошумча чечим, маселе соттук заседаниеде каралгандан кийин сот тарабынан чыгарылат. Ишке катышуучу жактар заседаниенин орду жана убагы жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калышы кошумча чечим чыгарыш үчүн тоскоолдук болбойт.

Кошумча чечимге, чыгарылгандан кийин он күн ичинде кассациялык тартипте арызданууга жана протест келтирүүгө болот.

Кошумча чечим чыгарууга отказ кылуу жөнүндөгү аныктамага жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**207-статья. Чечимди түшүндүрүү**

Чыгарылган чечим түшүнүксүз болгон учурда, ишке катышуучу жактардын арызы боюнча ишти чечкен сот чечимдин мазмунун өзгөртпөстөн туруп, аны түшүндүрүүгө акылуу.

Эгерде чечим аткарыла элек болсо жана чечимди мажбур түрдө аткаруу мөөнөтү өтпөгөн болсо гана чечимди түшүндүрүүгө жол берилет.

Чечимди түшүндүрүү жөнүндөгү маселе соттук заседаниеде каралат. Заседаниенин убагы жана орду жөнүндө ишке катышуучу жактар кабарланышат. Бирок алардын келбей калышы чечимди түшүндүрүү жөнүндөгү маселени кароого тоскоолдук болбойт.

Чечимди түшүндүрүү жөнүндөгү маселе боюнча чыгарылган соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**208-статья. Чечимди аткарууну кийинкиге калтыруу, бөлүп-бөлүп аткаруу, чечимди аткаруунун тартибин жана жолун өзгөртүү**

Ишке катышуучу жактардын арызы менен иш боюнча чечим чыгарган сот, тараптардын мүлктүк абалына же башка жагдайларга жараша чечимди аткарууну кийинкиге калтырууга же бөлүп-бөлүп аткарууга, ошондой эле анын аткаруунун тартибин жана жолун өзгөртүүгө акылуу.

Мындай арыздар соттук заседаниеде каралат. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убагы жана орду жөнүндө кабарланышат. Бирок, алардын келбей калышы сот алдына коюлган маселени кароого тоскоолдук болбойт.

Чечимди аткарууну кийинкиге калтыруу же бөлүп-бөлүп аткаруу жөнүндөгү, ошондой эле анын аткарылышынын жолун жана тартибин өзгөртүү жөнүндөгү маселе боюнча чыгарылган соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

6—203

**209-статья. Соттун чечиминин закондуу күчүнө кириши**

Соттун чечими, эгерде ага арыз же протест келтирилбеген болсо, кассациялык арыз жана протест келтирүү мөөнөтү өткөндөн кийин, закондуу күчүнө кирет. Кассациялык арыз же кассациялык протест келтирилген чечим, эгерде ал бузулбаса, жогору турган сот тарабынан каралгандан кийин закондуу күчүнө кирет.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун чечимдери алар жарыялангандан кийин токтоосуз күчүнө кирет.

Чечим закондуу күчүнө киргенде ишке катышкан тараптар жана башка жактар, ошондой эле алардын укук кабыл алуучулары ошол эле доо талаптарын ошол эле негизде сотко кайрадан коё алышпайт, ошондой эле башка процессте сот тарабынан аныкталган фактыларды жана укук мамилелерин талаша алышпайт.

Эгерде иш закон боюнча башка бир жактардын укуктарын жана кызыкчылыктарын сактоо үчүн сотко кайрылууга боло турган учурларда прокурор, мамлекеттик башкаруу органы, профсоюз, мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар же айрым граждандын тарабынан башталса, закондуу күчүнө кирген чечим кызыкчылыгы үчүн иш козголгон жакка да милдеттүү.

Эгерде жоопкерден мезгил-мезгили менен төлөө өндүрүлгөн чечим күчүнө киргенден кийин, төлөөнүн өлчөмүн аныктоого же анын төлөө убагына таасир бере турган жагдайлар өзгөрсө, ар бир тарап жаңы доо берүү жолу менен төлөөнүн өлчөмүн жана мөөнөтүн өзгөртүүнү талап кылууга акылуу.

(4-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**210-статья. Чечимди аткаруу**

Токтоосуз аткарууга берилген учурдан башка учурларда чечимдин аткарылышы, ал закондуу күчүнө киргенден кийин жүргүзүлөт.

**211-статья. Токтоосуз аткарылууга жаткан чечимдер**

Чечим төмөнкү учурларда токтоосуз аткарылууга жатат:

1) алименттер өндүрүү жөнүндө;

2) жумушчуга же кызматчыга бир айлык акысынан ашпаган эмгек акы өндүрүү жөнүндө;



3) бир айлык орто эмгек акысынан ашпаган сандa колхозчуга эмгеги үчүн акы өндүрүү жөнүндө;

4) законсуз бошотулган же которуштурулган кызматкерди ишке коюу жөнүндө;

5) майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүдөн, ошондой эле багуучунун өлүмүнөн болгон зыянды бир айлык өндүрүү суммасынан ашпаган чекте калыбына келтирүү жөнүндө.

(4-пункту Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**212-статья. Чечимди токтоосуз аткарууга берүүдө соттун укугу**

Чечимди толук же бир бөлүгүн төмөнкү учурларда сот токтоосуз аткарууга бере алат:

1) автордук укукту пайдалангандык үчүн авторго, ачуу жүргүзгөн авторго, ойлоп чыгарууну пайдалангандык үчүн автордук күбөлүгү бар ойлоп чыгаруучуга, рационализатордук сунуш үчүн анын авторуна төлөнүүгө тийиш болгон акыларды өндүрүү жөнүндө;

2) эгерде өзгөчө жагдайлардын негизинде чечимди аткарууну кечиктирүү өндүртүп алуучу үчүн олуттуу зыян келтириши же чечимдин өзүн аткарууга мүмкүн болбой кала турган бардык башка иштер боюнча.

Ушул статьянын 2-пунктунда көрсөтүлгөн негиз боюнча токтоосуз аткарууга берүүдө, сот доогерден чечим бузулуп калыш учуруна жараша чечимдин аткарылышын кайтарууну камсыз кылууну талап кыла алат.

Чечимди токтоосуз аткарууга берүү жөнүндөгү маселе соттук заседаниеде каралат. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убагы жана орду жөнүндө кабарланышат. Бирок бул жактардын келбей калышы токтоосуз аткарууга берүү жөнүндөгү маселени кароого тоскоолдук болбойт.

Чечимди токтоосуз аткарууга берүү жөнүндөгү маселе боюнча соттун аныктамасына жеке арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

Чечимди токтоосуз аткарууга берүү жөнүндөгү аныктамага жеке арыз берүү же протест келтирүү бул аныктаманын аткаруусун токтотуп коё албайт.

**213-статья. Чечим чыгарганга чейин алимент өндүрүү**

Алимент өндүрүү жөнүндөгү доолордо, керек болгон учурда иштин мазмуну менен чечкенге чейин, тараптардын материалдык абалын эске алуу менен сот эрди-катындын бири экинчисине (эрине же аялына) кандай өлчөмдө ба-

гуу үчүн убактысынча каражат берип туруу, ата-энесинин кимиси жана канча өлчөмдө балдарын багуу жана тарбиялоо үчүн убактылуу каражат берип туруу, ошондой эле балдардын кимиси канча өлчөмдө ата-энесин багууга убактылуу каражат берип туруу жөнүндө аныктама чыгарууга акылуу.

Соттун аныктамасы токтоосуз аткарууга берилет.

Соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

Жай арыз берүү же протест келтирүү соттун аныктамасынын аткарылышын токтото албайт.

**214-статья. Чечимдин аткарылышын камсыз кылуу**

Сот ушул Кодекстин 13-главасында көрсөтүлгөн эрежелер боюнча токтоосуз аткарууга берилбеген чечимдин аткарылышын камсыз кыла алат.

**215-статья. Ишке катышуучу жактарга соттун чечиминин жана аныктамасынын копияларын жиберүү**

Соттук заседаниеге келбеген тараптарга жана ишке катышуучу башка жактарга соттун чечиминин жана иш боюнча өндүрүштү токтото туруу же кыскартуу жөнүндөгү же болбосо доону кароосуз калтыруу жөнүндөгү аныктамалардын копиялары, чечим же аныктама чыккан күндөн үч күн ашпаган убакта жиберилет.

## 17-ГЛАВА

## СОТТУН АНЫКТАМАЛАРЫ

**216-статья. Аныктамаларды чыгаруу**

Биринчи инстанция сотунун иштерди мазмуну менен чечпестен чыгаруучу токтомдору аныктама формасында чыгарылат.

Аныктамалар, ушул Кодекстин 17-статьясында белгиленген тартипте сот тарабынан кеңешүүчү бөлмөдө чыгарылат.

Сот татаал эмес маселелерди чечүүдө отурган жеринде кеңешкенден кийин кеңешүүчү бөлмөгө барбай эле аныктама чыгара алат. Мындай аныктамалар соттук заседаниенин протоколуна жазылат.

Аныктамалар чыгарылары менен эле токтоосуз жарыяланат.



**217-статья. Аныктаманын мазмуну**

Аныктамада төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) аныктаманын чыгарылган убакыты жана орду;

2) аныктаманы чыгарган соттун наамы, соттун составы жана соттук заседаниенин секретары;

3) ишке катышуучу жактар жана талаштын предмети;

4) аныктама чыгарылып жаткан маселе;

5) сот жыйынтыкка келген мотивдер жана сот колдонгон закондор;

6) соттун токтому;

7) аныктамага даттануунун тартиби жана мөөнөтү.

Сот тарабынан кеңешүүчү бөлмөгө барбастан чыгарылуучу аныктамада ушул статьянын 4, 5 жана 6-пункттарында көрсөтүлгөн маалыматтар болууга тийиш.

**218-статья. Соттун жай аныктамалары**

Сот граждандык ишти карап жаткан кезде, айрым кызмат адамдары же граждандар тарабынан закондуулукту же социалисттик коомдо жашоо эрежелерин бузууларды тапса, же болбосо мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын иштериндеги олуттуу кемчиликтерди тапса, анда жай аныктама чыгарат жана аны тийиштүү ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга, кызмат адамдарына же эмгек коллективдерине жиберет, алар көрүлгөн чаралар жөнүндө сотко билдирүүгө милдеттүү. Мындай билдирүү жай аныктаманын копиясын алган күндөн баштап бир айлык мөөнөттүн ичинде жиберилүүгө тийиш.

Эгерде сот граждандык ишти карап жаткан кезде тараптын же башка адамдын аракеттеринде кылмыш белгилерин тапса, анда бул жөнүндө прокурорго билдирет же болбосо уголовный иш козгойт.

Соттун жай аныктамасына жай протест келтирилиши мүмкүн.

Уголовный иш козгоо жөнүндөгү соттун жай аныктамасына жай арыз берилиши мүмкүн.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 18-ГЛАВА

# ИШ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮ ТОКТОТУУ

**219-статья. Өндүрүштү токтотууга соттун милдеттүүлүгү**

Сот төмөндөгү учурларда иш боюнча өндүрүштү токтотууга милдеттүү:

1) иште тарап болушкан граждании өлсө, эгерде аның талаш укук мамилелери укук кабыл алуусуна ээ болууга жол берген болсо же юридикалык жак жоюлса;

2) тарап аракет жөндөмдүүлүгүн жоготсо;

3) жоопкер СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн аракеттеги бөлүгүндө болсо, же СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн аракеттеги бөлүгүндө болгон доогер өтүнсө;

4) граждандык, уголовный же административдик тартипте каралып жаткан башка иштин чечилишине чейин ушул иштин каралышы мүмкүн болбосо.

**220-статья. Өндүрүштү токтотууга соттун укугу**

Төмөнкү учурларда тараптардын жана ишке катышуучу башка жактардын өтүнүчү же өзүнүн демилгеси боюнча сот иш боюнча өндүрүштү токтото алат:

1) тарап СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн составында анык аскер кызматында болсо, же ал кандайдыр бир мамлекеттик милдетти аткарууга чакырылып кетсе;

2) тарап дарылоочу мекемеде жатса;

3) жоопкер ушул Кодекстин 113-статьясында көрсөтүлгөн учурлардагыдай, розыскада болсо;

4) тарап узак убакка кызматтык командировкада болсо.

**221-статья. Өндүрүштү токтотуунун мөөнөттөрү**

Иш боюнча өндүрүш төмөндөгүдөй мөөнөткө токтотулат:

1) ушул Кодекстин 219-статьясынын 1-жана 2-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда — чыгып калган жактын ордуна укук кабыл алуучусу аныкталганга чейин же аракет жөндөмдүүлүгүн жоготкон адамга законду өкүл дайындалганга чейин;

2) ушул Кодекстин 219-статьясынын 3-пунктунда жана 220-статьясында көрсөтүлгөн учурларда — тараптын СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн составында болуусу бүткөнгө чейин, ал мамлекеттик милдетти аткарууну бүткөнгө чейин, дарылоо мекемесинен чыкканга чейин, кызматтык командировкадан кайтканга чейин же жоопкерди издеп тапканга чейин;

3) ушул Кодекстин 219-статьясынын 4-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда — чечим же өкүм законду күчүнө киргенге чейин же административдик тартипте каралган иштер боюнча токтом чыкканга чейин.

**222-статья. Өндүрүштү токтотуу жөнүндөгү соттун аныктамасына даттануу**

Иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндөгү соттун аныктамасына жеке арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**223-статья. Өндүрүштү жаңыртуу**

Ишке катышуучу жактардын арызы менен же соттун өзүнүн демилгеси менен иш боюнча өндүрүштү токтотууга дуушар болгон жагдайлар жок болгондо иш боюнча өндүрүш жаңыртылат. Өндүрүштү жаңыртканда сот ишке катышуучу жактарга жалпы негизде кабарлайт.

## 19-ГЛАВА

# ИШ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮ КЫСКАРТУУ

**224-статья. Иш боюнча өндүрүштү кыскартуунун негиздери**

Сот иш боюнча өндүрүштү төмөндөгү учурларда кыскартат:

1) эгерде иш соттордо каралууга жатпаса;

2) эгерде иштердин ушул категориясы үчүн талашты соттон тышкары алдын ала чечүүнүн белгиленген тартиби сотко кайрылган кызыкчылыгы бар жак тарабынан сакталбаса жана бул тартипти колдонуу мүмкүндүгү жоготулса;

3) эгерде ошол эле тараптардын ортосундагы талаштар боюнча, ошол эле нерсе жөнүндө жана ошол эле негиздер боюнча соттун законду күчүнө кирген чечими болсо, же доогердин доодон отказ кылышын кабыл алгандык жөнүндө же тараптардын тынышуу келишимин бекитүү тууралу соттун аныктамасы болсо;

4) эгерде доогер доодон отказ кылса жана аның отказы сот тарабынан кабыл алынса;

5) эгерде тараптар тынышуу келишимин түзүшсө жана ал сот тарабынан бекитилсе;

6) эгерде ошол эле тараптардын ортосундагы талаштар боюнча, ошол эле нерсе жөнүндө жана ошол эле негиздер боюнча өз компетенциясынын чектеринде кабыл алынган жолдоштук соттун чечими болсо;

7) эгерде ушул талашты третей сотунун чечүүсүнө берүү жөнүндө тараптардын ортосунда договор түзүлсө;

8) эгерде иш боюнча тараптардын бири болгон граждандын өлгөндөн кийин талаш болгон укук мамилеси укукту кабыл алууга жол бербесе.

(1, 2-пункттар Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 225-статья. Иш боюнча өндүрүштү кыскартуунун тартиби жана натыйжалары

Иш боюнча өндүрүштү кыскартуу соттун аныктамасы менен жүргүзүлөт. Эгерде өндүрүш иштин соттордо каралбоого жатпагандыгы үчүн кыскартылса, сот арызданууучуга кайсы органга кайрылуу керек экендигин көрсөтүүгө милдеттүү.

Иш боюнча өндүрүш кыскартылган учурда ошол эле тараптардын ортосундагы талаштар боюнча, ошол эле нерсе жөнүндө жана ошол эле негиздер боюнча сотко экинчи жолу кайрылууга жол берилбейт.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 20-ГЛАВА

## АРЫЗДЫ КАРАБАЙ КАЛТЫРУУ

### 226-статья. Арызды карабай калтыруунун негиздери

Сот арызды төмөндөгү учурларда карабай калтырат:

1) эгерде иштердин ушул категориясы үчүн ишти соттон тышкары алдын ала чечүүнүн белгиленген тартиби сотко кайрылган кызыкчылыгы бар жак тарабынан сакталбаса жана бул тартипти колдонуу мүмкүндүгү жоголбосо;

2) эгерде арыз аракет жөндөмдүүлүгү жок жак тарабынан берилсе;

3) эгерде арыз кызыкчылыгы бар жактын атынан ишти жүргүзүүгө полномочиеси жок жак тарабынан берилсе;

4) эгерде соттун өндүрүшүндө ошол эле тараптардын ортосундагы талаш боюнча, ошол эле нерсе жөнүндө жана ошол эле негиздер боюнча иш болсо;



5) эгерде аларды катыштырбай эле ишти карай берүү жөнүндөгү өтүнүчү жок тараптар жүйөсүз себептер менен соттун экинчи жолку чакыруусуна келишпесе, ал эми сот иштеги материалдар боюнча ишти чечүүгө мүмкүнчүлүк жок деп эсептесе;

6) ажыраштыруу жөнүндөгү иш боюнча доогер жүйөсүз себептер менен соттук заседаниеге экинчи жолу кирбей калган учурда, эгерде андан ишти анын катышуусусуз эле карай берүү жөнүндөгү арызы келип түшпөсө.

(1, 2, 3, жана 6-пункттар Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1967-жыл 30-январындагы жана 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 227-статья. Арызды карабай калтыруунун тартиби жана натыйжалары

Арызды карабай калтыруу учурларында иш боюнча өндүрүш соттун аныктамасы менен бүтөт. Бул аныктамага сот ушул Кодекстин 226-статьясында көрсөтүлгөн иштин каралышына тоскоолдук кылган жагдайларды кантип жоюу керек экендигин көрсөтүүгө милдеттүү.

Арызды карабай калтырууга негиз болгон шарттарды жойгондон кийин, кызыкчылыгы бар жак жалпы тартипте арыз менен сотко кайтадан кайрылууга акылуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 21-ГЛАВА

## ПРОТОКОЛДОР

### 228-статья. Протокол жүргүзүүнүн милдеттүүлүгү

Биринчи инстанция сотунун соттук ар бир заседаниеси жөнүндө, ошондой эле заседаниеден тышкары жүргүзүлгөн ар бир процессуалдык аракеттер жөнүндө протокол түзүлөт.

### 229-статья. Протоколдун мазмуну

Соттук заседаниенин же заседаниеден тышкары жүргүзүлгөн айрым процессуалдык аракетинин протоколунда ишти кароонун же жүргүзүлгөн айрым процессуалдык аракеттердин бардык негиздүү моменттери жазылышы тийиш.

Соттук заседаниенин протоколунда негизинен төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) соттук заседаниенин орду, жылы, айы жана числосу;

2) соттук заседаниенин башталган убагы жана бүткөн убагы;

3) ишти караган соттун наамы, соттун составы, соттук заседаниенин секретары;

4) иштин аты;

5) ишке катышуучу жактардын, өкүлдөрдүн, күбөлөрдүн, эксперттердин, котормочулардын келишкендиги жөнүндө маалыматтар;

6) ишке катышкан жактардын жана алардын өкүлдөрүнүн процессуалдык укук жана милдеттерин түшүндүрүү жөнүндө маалымат;

7) председателдик кылуучунун буйруктары жана кеңешүүчү бөлмөгө барбастан сот тарабынан чыгарылган аныктамалар;

8) ишке катышуучу жактардын жана алардын өкүлдөрүнүн билдирүүлөрү;

9) ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн түшүнүктөрү, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрү, эксперттердин өздөрүнүн корутундуларын оозеки түшүндүрүүлөрү, буюм жана кат жүзүндөгү далилдерди кароонун маалыматтары;

10) мамлекеттик башкаруу органдарынын корутундулары, коомдук уюмдардын жана эмгек коллективинин пикирлери;

11) соттук жарыш сөздөрдүн жана ишке катышкан прокурордун корутундусунун мазмуну;

12) аныктамаларды жана чечимди жарыялагандык жөнүндө маалыматтар;

13) чечимдин мазмунун, ага арыздануунун тартибин жана мөөнөтүн түшүндүргөндүк жөнүндө маалыматтар.

(2-бөлүмдүн 10-пункту Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

230-статья. **Протоколду түзүү**

Протокол соттук заседаниенин өзүндө же заседаниеден тышкары айрым процессуалдык аракеттер жүргүзүлгөндө секретарь тарабынан түзүлөт.

Ишке катышуучу жактар жана өкүлдөр, эгерде алар кээ бир жагдайларды иш үчүн олуттуу мааниси бар деп эсептешсе, протоколго жазуу жөнүндө талап коюуга акылуу.

Соттук заседание бүткөндөн же айрым процессуалдык аракеттер жүргүзүлгөндөн кийин, келерки күндөн калбай протокол даярдалууга жана кол коюлууга тийиш.

Протоколго председателдик кылуучу жана секретарь



кол коюшат. Бардык өзгөртүүлөр, оңдоолор, кошумчалар протоколдо эскертилүүгө тийиш.

231-статья. **Протоколго замечаниелер**

Ишке катышуучу жактар жана өкүлдөр протокол менен таанышууга жана ага кол коюлгандан кийин үч күндүн ичинде андагы туура жана толук эместик жөнүндө кат жүзүндө замечаниелер келтирүүлөрү мүмкүн.

232-статья. **Протоколго болгон замечаниелерди кароо**

Протоколго болгон замечаниелерди председателдик кылуучу карайт жана замечаниелер менен макул болсо анын тууралыгын күбөлөндүрөт.

Келтирилген замечаниелер менен председателдик кылуучу макул болбосо, алар соттук кароого коюлат. Бул кароодо ишти кароого катышкан судьялардын составына кирген председателдик кылуучу жана эл заседателинин эч болбогондо бири болуш керек. Зарыл болгон учурларда протоколго замечаниелерди берген жактар чакырылат.

Сот замечаниелерди карагандан кийин алардын тууралыгын күбөлөндүрүү жөнүндө же болбосо аларды четке кагуу жөнүндө аныктама чыгарат. Бардык учурларда замечаниелер ишке тиркелет. Протоколго болгон замечаниелер берилгенден кийин беш күндүн ичинде каралууга тийиш.

# II. АДМИНИСТРАТИВДИК-УКУК МАМИЛЕЛЕРИНЕН КЕЛИП ЧЫГУУЧУ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ

## 22-ГЛАВА

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

233-статья. **Сот тарабынан каралуучу административдик-укук мамилелеринен келип чыккан иштер**

Сот төмөндөгү иштерди карайт:

1) шайлоочулардын тизмелериндеги туура эместиктерге карата арыздар боюнча;

2) штраф салууга байланыштуу административдик органдардын аракеттерине карата даттануулар боюнча; законда каралган учурларда, кызмат адамдарынын законду бузуп, полномочиелердин чегинен чыгып жасаган, граж-

дандардын укуктарын кемиткен аракеттерине карата даттануулар боюнча;

3) налогдор, айылдык калктын өз ара салыгы жана мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу боюнча граждандардан недоимкаларды өндүрүү жөнүндө.

Сот административдик-укук мамилелеринен келип чыккан закон тарабынан соттордун компетенциясына кирген башка иштерди да карайт.

(2, 3-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги жана 12-октябрдагы Указдарынын редакциясында).

**234-статья. Административдик-укук мамилелеринен чыга турган иштерди кароонун тартиби**

Ушул Кодекстин 233-статьясында айтылган иштер, сот тарабынан ССР Союзунун жана Кыргыз ССРнин закондорунда белгиленген алып таштоолорду жана кошумчалары менен ушул Кодекстеги эрежелер боюнча каралат.

## 23-ГЛАВА

## ШАЙЛООЧУЛАРДЫН ТИЗМЕЛЕРИНДЕГИ ТУУРА ЭМЕСТИКТЕРГЕ КАРАТА АРЫЗДАР

**235-статья. Арызды берүү**

Эл депутаттарынын Советинин аткаруу комитетинин шайлоочулардын тизмелериндеги туура эместиктер (тизмеге киргизбей коюу, тизмеден чыгарып таштоо, фамилиясын, атын, атасынын атын бурмалоо, тизмеге туура эмес кошуу) жөнүндөгү анын арызы боюнча чыгарылган чечимге макул болбогон ар бир граждан аткаруу комитетинин чечимине карата тийиштүү шайлоо участогунун жайгашкан жери боюнча эл сотуна арыз бере алат.

Эл депутаттарынын Советинин аткаруу комитетине алдын ала арыз бербестен, эл сотуна арыз берген учурда, эл судьясы арызды тийиштүү аткаруу комитетине жиберүү менен, ал жөнүндө арызданууучуга кабарлайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**236-статья. Арызды кароо**

Арыз, аны берген учурдан тартып үч күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен каралышы тийиш.

Арыз арыз ээсинин, эл депутаттарынын Советинин аткаруу комитетинин өкүлүнүн, ал эми арыз арыз берүүчүгө эмес, башка гражданинге тийиштүү болгон учурларда, ошондой эле ошол гражданиндин катышуусу менен сот тарабынан каралат. Ушул статьяда көрсөтүлгөн адамдардын келбей калышы ишти чечүү үчүн тоскоол боло албайт. Шайлоочулардын тизмесиндеги туура эместикке карата арыз боюнча ишти сот прокурордун милдеттүү катышуусу менен карайт.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**237-статья. Арыз боюнча соттун чечими**

Шайлоочулардын тизмесиндеги туура эместикти белгилеген соттун чечими кабыл алынгандан кийин токтоосуз шайлоочулардын тизмесине түзөтүүлөрдү киргизүү үчүн эл депутаттарынын Советинин аткаруу комитетине жиберилет.

Соттун чечиминин копиясы ошондой эле арызданууучуга да токтоосуз берилет.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелиндеги Указынын редакциясында).

## 24-ГЛАВА

## АДМИНИСТРАТИВДИК ОРГАНДАРДЫН ЖЕ КЫЗМАТ АДАМДАРЫНЫН АРАКЕТТЕРИНЕ КАРАТА АРЫЗДАР

**238-статья. Административдик органдардын же кызмат адамдарынын аракеттерине карата арыздар боюнча сот карай турган иштер**

Закон тарабынан каралган учурларда, сот ушул главада белгиленген тартипте граждандардын жана кызмат адамдарынын, административдик тартипте өндүрүү жүргүзүүгө закондо укук берилген административдик органдардын жана кызмат адамдарынын аракеттерине карата арыздарын карайт.

**239-статья. Арызды берүү**

Административдик органдын же кызмат адамынын штраф салуу жөнүндөгү же тийиштүү закондо каралгандай административдик тартипте өндүрүү жөнүндөгү токтому тапшырылган күндөн тартып он күндүн ичинде гражданин же кызмат адамы административдик органдын же кызмат адамынын тийиштүү аракеттерине карата өзү жашап турган жери боюнча сотко даттанууга акылуу.

Арыз берүү административдик тартипте өндүрүүнү токтотот.

240-статья. Арызды кароо

Арыз келип түшкөн күндөн тартып он күндүн ичинде сот тарабынан каралат. Арызды кароонун күнү жөнүндө сот тарабынан арыз берген киши, штраф салган орган, ошондой эле зарылдыгы болгон учурларда күбөлөр үч күн мурда кабарланышат. Бул жактар келбей калган кезде, эгерде иш угуу күнү жөнүндө аларга өз убагында билдирилгендиги белгилүү болсо, сот алар катышпаса да арызды кароого акылуу.

Ишти караган кезде сот, административдик органдын же кызмат адамынын аракетинин тууралыгын текшерүүгө жана өндүрүү закондун негизинде жана буга укук берилген орган же кызмат адамы тарабынан жүргүзүлүп жаткандыгын; административдик жоопко тартууда белгиленген тартип сакталгандыгын; штраф салынган кишинин штраф түрүндө жоопкерчилик үчүн закондордо белгиленгендерди бузгандыгын жана бул бузууларды жасоодо ал күнөөлүү экендигин; салынган штраф белгиленген акыркы чектен ашык эместигин; штрафтын өлчөмүн аныктаган (салган) кезде, жасалган жазыктын ордугу, күнөөлүүнүн өздүгү жана анын мүлк абалы эске алынгандыгын; штраф салуу жана өндүрүү үчүн эскирүү мөөнөтү өтүп кетпегендигин аныктоого милдеттүү.

Өндүрүү мүлккө жүргүзүлгөн учурда, сот мүлккө арест салуунун закондун талаптарына ылайыктуу жүргүзүлгөндүгүн текшерүүгө милдеттүү.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

241-статья. Арыз боюнча соттун чечими

Административдик органдын же кызмат адамынын талабы закопго ылайык болуп саналарын аныктагандан кийин, сот арызды канааттандырууга отказ кылынгандыгы жөнүндө чечим чыгарат.

Административдик органдын же кызмат адамынын талабы закопго ылайык келбегендигин аныктагандан кийин, сот арызды канааттандыруу жөнүндө чечим чыгарат.

Эгерде салынган штрафтын суммасы закондо белгиленген акыркы чектен ашык болсо, сот штрафтын суммасын белгиленген чекке чейин төмөндөтөт. Эгерде штраф жасалган жазыктын ордугун, күнөөлүүнүн өздүгүн жана анын мүлк абалын эсепке албастан салынса, сот штрафтын суммасын төмөндөтө алат.





## НАЛОГДОР, АЙЫЛДЫК КАЛКТЫН ӨЗ АРА САЛЫГЫ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИК МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ БОЮНЧА ГРАЖДАНДАРДАН НЕДОИМКАЛАРДЫ ӨНДҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ ИШТЕР

242-статья. Арызды берүү

Налогдор, айылдык калктын өз ара салыгы жана мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу боюнча граждандардын недоимкаларды өндүрүп алуу жөнүндөгү арыз тийиштүүлүгүнө жараша эл депутаттарынын райондук, шаардык же шаардагы райондук Советинин аткаруу комитетинин финансы бөлүмү тарабынан, же болбосо эл депутаттарынын поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитети, же мамлекеттик камсыздандыруу органы тарабынан недоимщиктин жашаган жери боюнча же анын мүлкүнүн турган жери боюнча сотко берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 12-октябрдагы Указынын редакциясында).

243-статья. Арыздын мазмуну

Арызда төмөндөгүлөр көрсөтүлүшү тийиш: недоимщиктин фамилиясы, аты жана атасынын аты жана анын жашап турган жери; граждандын тийиштүү төлөөлөрдү төлөөгө тартылышын негиздей турган закон, төлөөнүн суммасы жана аларды төлөп берүү мөөнөтү; өндүрүүгө тийиш болгон недоимканын, пенянын суммасы жана недоимка болгон төлөөнүн мөөнөтү.

Арызга төмөндөгүлөр тиркелиши тийиш: төлөө кагазынын, камсыздандыруу күбөлүгүнүн копиясы же ага төлөө документинин тапшырылган убагын, өлчөмүн жана төлөө мөөнөтүн көрсөтүү менен недоимщиктин энчилүү (лицевой) счетунан алынган көчүрмөсү; граждандардын жалпы чогулушунун өз ара салыкты жүргүзүү жана өз ара салыктын суммасы жөнүндөгү токтомунан алынган көчүрмө; недоимщиктин мүлкү катталган акт, ал эми недоимщиктин закон боюнча өндүрүү жүргүзүүгө мүмкүн боло турган мүлкү жок болгон учурда, мүлктүн жок экендиги жөнүндөгү акт; мүлк жок болгон же недоимканы төлөө үчүн ал жетишсиз болгон кезде недоимщикке берүүгө тийиш болгон акча суммалары жөнүндө башка кишилерден справка.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 12-октябрдагы Указынын редакциясында).

**244-статья. Арызды кароо**

Ишти караган кезде сот төмөндөгүлөрдү текшериши тийиш: төлөтүүнүн бул түрү закон тарабынан каралган бекен; гражданинди бул төлөөгө тартуу үчүн закондуу негиздер бар бекен; гражданинди төлөөгө тартууга закондо белгиленген тартип өндүртүүчү органдар тарабынан сакталган бекен; эгерде закон боюнча гражданиндин женилдик алууга (льготы) укугу бар болгон учурда өндүртүүчү органдары аны эстерине алышкан бекен; мүлктү каттоо мөөнөтүндө төлөнбөгөн налогдорду жана налог эмес төлөөлөрдү өндүрүп алуу жөнүндөгү ССР Союзунун закондорунун талаптарына ылайык келет бекен.

Эгерде сотто төлөөнүн өлчөмүнүн эсептелгендигинин тууралыгына шектенүү келип чыга турган болсо, ал өзүнүн аныктамасы менен иш боюнча өндүрүштү токтото турат жана материалды текшерип чыгуу үчүн өндүрүп алуучу органга жиберет. Иш боюнча өндүрүш өндүрүп алуучу орган төлөөнү кайра эсептеп чыккандан кийин же аны өндүрүп алуу жөнүндөгү арызды жогору турган орган ырастагандан кийин кайрадан башталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 12-октябрдагы Указынын редакциясында).

**245-статья. Арыз боюнча соттун чечими**

Сот недоимканы өндүрүп алуу жөнүндөгү талап закондуу болуп санала тургандыгын аныктап чыгып, сотко берилген каттоо актысына ылайык недоимщиктен мүлктү алып коюу жөнүндө, ал эми мүлк жок болгон кезде недоимканы төлөө үчүн бул мүлк жетишсиз болгон учурда недоимщикке башка кишилерден тийиштүү болгон акча суммаларын өндүрүп алууну жүргүзүү жөнүндө чечим чыгарат.

Эгерде каттоо актысына закон боюнча өндүрүп алуу чегерип которулбай турган мүлк киргизилген болсо, сот бул мүлктөн арестти алып таштайт.

Эгерде сот недоимканы өндүрүү жөнүндөгү талап закондуу эмес экендигин аныктаса, ал билдирилген талапты канааттандыруудан отказ кылат.

(1, 2-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 12-октябрдагы Указынын редакциясында).

**246-статья. Чечимди аткаруу**

Недоимканы өндүрүү жөнүндөгү соттун чечимин аткаруу тиешелүү өндүртүүчү орган тарабынан ССР Союзунун закондорунда каралган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 12-октябрдагы Указынын редакциясында).

# III. ӨЗГӨЧӨ ӨНДҮРҮШ

## 26-ГЛАВА

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**247-статья. Өзгөчө өндүрүш иретинде сот тарабынан каралуучу иштер**

Өзгөчө өндүрүш иретинде төмөнкү иштер каралат:

1) юридикалык мааниси бар болгон фактыларды аныктоо жөнүндө;

2) гражданинди дайынсыз жок деп табуу жана гражданинди өлгөн деп жарыялоо жөнүндө;

3) гражданинди аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп жана аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табуу жөнүндө;

4) нотариалдык иштерге же аларды жүзөгө ашыруудан отказ кылууга даттануулар;

5) көрсөтүүчүгө берилген жоголгон документтер боюнча (чакыруу өндүрүшү) укукту калыбына келтирүү жөнүндө;

6) граждандык абал актысынын книгаларында жазылгандардын туура эместигин аныктоо жөнүндө;

7) мүлктү ээси жок деп табуу жөнүндө;

(4-пункт Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**248-статья. Өзгөчө өндүрүштөгү иштерди кароонун тартиби**

Ушул Кодекстин 247-статьясында айтылган иштер, соттор тарабынан ССР Союзунун закондорунда жана ушул Кодекстин 26—33-главаларында белгиленген алып ташоолору жана кошумчалары менен ушул Кодекстеги эрежелер боюнча каралат.

Өзгөчө өндүрүштөгү иштерди сот арыз берүүчүнүн жана буга кызыкчылыгы болгон граждандардын, мамлекеттик башкаруу органдарынын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын катышуулары менен карайт.

Эгерде өзгөчө өндүрүш иретиндеги ишти караган кезде сотторго караштуу укук жөнүндө талаш-тартыштар келип чыкса, сот арызды кароосуз калтырат жана кызыкчылыгы болгон жактарга, алар доону жалпы негиздерде коюуга укуктуу экендигин түшүндүрөт.

(2, 3-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 27-ГЛАВА

## ЮРИДИКАЛЫК МААНИСИ БАР БОЛГОН ФАКТЫЛАРДЫ АНЫКТОО

**249-статья. Юридикалык мааниси бар болгон фактыларды аныктоо жөнүндөгү сот тарабынан каралуучу иштер**

Сот граждандардын же уюмдардын өздүк же мүлктүк укуктарынын келип чыгышына, өзгөрүшүнө же кыскарышына байланыштуу болгон фактыларды аныктайт.

Сот төмөндөгүлөрдү аныктоо жөнүндө иштерди карайт:

1) кишилердин тууган-туушкандык мамилелерин;

2) кишинин башка бирөөнүн багуусунда (иждивениесинде) болуу фактысын;

3) туугандыкты, бала кылып алууну, никени, ажырашууну жана өлүмдү каттоо фактысын;

4) эгерде, эрди-катындын биринин өлүп калышынын натыйжасында граждандык абал актыларын каттоо органдарында никени каттоо мүмкүн болбой калса, закондо белгиленген учурлардагы фактический нике мамилелеринде болуу фактысын;

5) документтеги жазылган аты, атасынын аты же фамилиясы бул кишинин паспорту же туулгандыгы жөнүндөгү күбөлүгү боюнча анын атына, атасынын атына же фамилиясына туура келишпеген укуктуулукту белгилөөчү документтер (партиялык, комсомолдук, профсоюздук билеттерден, аскердик документтерден, паспорттон жана граждандык абал актыларын каттоо органдары тарабынан бериле турган күбөлүктөрдөн тышкары), ушул кишиге таандык экендигинин фактысын;

6) курулушту өз менчиги укугунда ээлөө фактысын;

7) кырсык кокустугунун фактысын;

8) граждандык абал актыларын каттоо органдары өлүм окуясын каттоодон баш тарткан кезде, кишинин белгилүү убакта, белгилүү шарттарда өлгөндүгүнүн фактысын;



9) мурасты кабыл алуу жана мурастын ачылуу ордунун фактысын;

10) эгерде закондо аларды аныктоонун башка тартиптери каралбаса, юридикалык мааниси бар болгон башка фактыларды.

**250-статья. Юридикалык мааниси бар фактыларды аныктоо үчүн зарыл болгон шарттар**

Юридикалык мааниси бар болгон фактыларды күбөлөндүрүүчү (аныктоочу) тийиштүү документтерди арыз берүүчү башка жол менен алууга мүмкүн болбогон кезде же болбосо, жоголуп кеткен документтерди калыбына келтирүүгө мүмкүн болбогон кезде гана сот ошол фактыларды аныктайт.

**251-статья. Арызды берүү**

Юридикалык мааниси бар болгон фактыларды аныктоо жөнүндөгү иштер боюнча арыздар, курулушту менчик укугунда ээлөө фактысын аныктоо жөнүндө сотко курулуштун турган жери боюнча берилүүчү арыздан башкасы, сотко арыз берүүчүнүн турган жери боюнча берилет.

**252-статья. Арыздын мазмуну**

Арызда, бул фактыны аныктоо арыз ээсине кандай максат үчүн керек экендиги көрсөтүлүшү тийиш, ошондой эле арыз ээси тарабынан тийиштүү документтерди, алууга мүмкүнчүлүгү жоктугун же жоголуп кеткен документтерди калыбына келтирүүгө мүмкүн эместигин аныктай турган далилдер келтирилиши керек.

**253-статья. Арыз боюнча соттун чечими**

Сот фактыны аныкталды деп тапкан учурларда, ал өз чечиминде фактыны кандай максат үчүн аныкталгандыгын, ошондой эле фактыны кандай далилдердин негизинде аныкталды деп табылгандыгын көрсөтүүсү тийиш.

Граждандык абал актыларын каттоо органдарында каттоого же башка органдарда оформить этүүгө тийиш болгон фактынын аныкталгандыгы жөнүндөгү соттун чечими, бул органдар тарабынан берилүүчү документтердин ордуна жүрбөстөн, андай каттоолор жана оформить этүүлөр үчүн негиз болот.

## 28-ГЛАВА

# ГРАЖДАНИНДИ ДАЙЫНСЫЗ ЖОК ДЕП ТАБУУ ЖАНА ГРАЖДАНИНДИ ӨЛГӨН ДЕП ЖАРЫЯЛОО

### 254-статья. Арызды берүү

Граждананинди дайынсыз жок деп табуу жөнүндөгү же граждананинди өлгөн деп жарыялоо жөнүндөгү арыз, кызыкчылыгы болгон жактар тарабынан сотко, арыз ээсинин жашап турган жери боюнча берилет.

### 255-статья. Арыздын мазмуну

Арызда граждананинди дайынсыз жок деп табуу же аны өлгөн деп жарыялоо арыз ээсине кандай максат үчүн керек экендиги көрсөтүлүшү тийиш, ошондой эле гражданиндин дайынсыз жоктугун далилдөөчү жагдайлар, же болбосо дайынсыз жок болуп кеткен кишини өлүмгө дуушар кылуу коркунучунун же белгилүү бир кырсык кокустугунан анын өлгөндүгүн болжолдоого негизделүүчү жагдайлар көрсөтүлүшү тийиш.

### 256-статья. Судьянын арызды кабыл алгандан кийинки аракети

Судья ишти соттук кароого карата даярдаган кезде кайсы кишилер (тууган-туушкандары, кызматташтары жана башкалар) жок болгон киши жөнүндө маалымат бере ала тургандыгын тактайт, ошондой эле жок болгон кишинин белгилүү болгон акыркы жашап турган жери боюнча жана иштеген жери боюнча ал жөнүндө болгон маалымат тууралуу тийиштүү уюмдардан (үй башкармасынан, милиция органдарынан, эл депутаттарынын поселкалык, айылдык Советтеринин аткаруу комитеттеринен) сурайт.

Арыз кабыл алынгандан кийин судья, жок болгон кишинин мүлкүн сактоо үчүн, ошону менен бирдей эле анын мүлкүн башкаруу үчүн опекун дайындоону опека жана попечитель органына сунуш кыла алат.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 257-статья. Прокурордун катышуусунун милдеттүүлүгү

Граждананинди дайынсыз жок деп табуу жөнүндөгү граждананинди өлгөн деп жарыялоо жөнүндөгү ишти сот прокурордун милдеттүү түрдө катышуусу менен карайт.



### 258-статья. Арыз боюнча соттун чечими

Соттун граждананинди дайынсыз жок деп тапкан чечими, жок болгон кишинин мүлкүнүн турган орду боюнча ал мүлккө опека жана попечитель органынын опекун дайындашы үчүн негиз боло алат.

Соттун граждананинди өлгөн деп жарыялаган чечими, граждандык абал актыларын каттоо органынын бул гражданиндин өлгөндүгү жөнүндө жазуу (каттоо) граждандык абал актыларын каттоо книгасына киргизүү үчүн негиз боло алат.

### 259-статья. Дайынсыз жок деп же өлгөн деп табылган гражданиндин келишинин же турган жеринин билинишинин натыйжалары

Дайынсыз жок деп табылган же өлгөн деп жарыяланган граждании өзү келген же анын турган жери билинген учурда, сот жаңы чечими менен өзүнүн мурда чыгарган чечимин бузат.

Соттун жаңы чечими закондуу күчүнө киргенден кийин, ал гражданиндин мүлкүнөн опеканы алып салуу үчүн опека жана попечитель органына же өлгөндүк жөнүндө каттоону жокко чыгаруу үчүн граждандык абал актыларын каттоо органына жиберилет.

## 29-ГЛАВА

# ГРАЖДАНИНДИ АРАКЕТ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ ЖОК ЖЕ АРАКЕТ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮ ЧЕКТЕЛГЕН ДЕП ТАБУУ

### 260-статья. Арызды берүү

Жин оорусунун же акылы кем болуунун кесепетинен аракет жөндөмдүүлүгү жок же болбосо спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдалануунун кесепетинен аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу жөнүндөгү иш, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, прокурордун, опека жана попечитель органынын, психиатриялык дарылоо мекемесинин арызы боюнча, ошондой эле профсоюздук жана башка коомдук уюмдардын арызы боюнча башталышы мүмкүн.

Граждананинди аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу жөнүндөгү арыз сотко ушул гражданиндин жашап турган жери боюнча, ал эми, эгерде бул киши психиатриялык дарылоо мекемесин-

де жаткан болсо, анда дарылоо мекемесинин турган орду боюнча берилет.

**261-статья. Арыздын мазмуну.**

Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу жөнүндөгү арызда спирттик ичимдиктерди же наркотикалык заттарды кыянаттык менен пайдалануунун кесепетинен өзүнүн үй-бүлөсүн материалдык оор абалда калтырган аракеттер жөнүндө күбөлөндүрүүчү жагдайлар баяндалышы тийиш.

Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табуу жөнүндөгү арызда акылынан адашкандык жөнүндө аныктоочу жагдайлар, ошонун кесепетинен ал киши өзүнүн жасаган аракетинин маанисин түшүнө албагандыгы же аларды башкара албагандыгы баяндалышы тийиш.

**262-статья. Граждaниндин психикалык абалын аныктоо үчүн экспертиза дайындоо**

Граждaниндин жин оорусу же кем акылдыгы жөнүндө жетиштүү маалыматтар бар болгон кезде, судья ишти соттук кароого карата даярдоо иретинде анын психикалык абалын аныктоо үчүн соттук-психиатриялык экспертиза дайындайт.

Өзгөчө учурларда, кишинин аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табуу жөнүндө иш козголуп, ал киши ачыктан-ачык баш тарткан кезде, сот прокурордун жана психиатрдын катышуусу астында соттук заседаниеде граждaнинди соттук-психиатриялык экспертизага мажбурлап жиберүү жөнүндө аныктама чыгара алат.

**263-статья. Арызды кароо**

Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табуу жөнүндөгү ишти сот прокурор менен опека жана попечитель органынын өкүлүнүн милдеттүү катышуусу менен карайт. Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү жок деп табуу жөнүндөгү ишти карагaнда, эгерде анын ден соолугунун абалы боюнча катышууга мүмкүнчүлүгү болсо, ал соттук заседаниеге чакырылат.

Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу жөнүндөгү ишти сот, граждaниндин өзүнүн, ошондой эле прокурор менен опека жана попечитель органынын өкүлүнүн милдеттүү катышуусу менен карайт.

Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу жөнүндөгү ишти жүргүзүү боюнча сот чыгымдары арыз берүүчүдөн өндүрүлбөйт.



Арыз берген үй-бүлө мүчөлөрү граждaниндин аракет жөндөмдүүлүгүн мурдатан эле негизсиз чектөө же жокко чыгаруу максатында караөзгөйлүк менен аракеттенишкендигин сот аныктаса, алардан бардык соттук расходдорду өндүрөт.

**264-статья. Арыз боюнча соттун чечими**

Соттун, граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп тапкан чечими опека жана попечитель органы тарабынан аракет жөндөмдүүлүгү жок кишиге опекун, ал эми аракет жөндөмдүүлүгү чектелген кишиге попечитель дайындоо үчүн негиз болот.

**265-статья. Граждaнинди аракет жөндөмдүүлүгү бар деп табуу**

Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 15-статьясында көрсөтүлгөндөй учурларда, сот граждaниндин өзүнүн, анын попечителинин, ошондой эле ушул Кодекстин 260-статьясында айтылган жактардын жана мамлекеттик органдардын арызы боюнча граждaниндин аракет жөндөмдүүлүгүн чектөөнү жокко чыгаруу жөнүндө чечим чыгарат жана соттун чечиминин негизинде граждaниндин үстүнөн коюлган попечительство алынып ташталат.

Кыргыз ССРинин Граждандык кодексинин 16-статьясында көрсөтүлгөндөй учурларда, сот опекундун, ошондой эле ушул Кодекстин 260-статьясында айтылган жактардын жана мамлекеттик органдардын арызы боюнча, тийиштүү соттук-психиатриялык экспертизанын корутундусунун негизинде, оорусунан айыккан кишинин аракет жөндөмдүүлүгү бар деп табуу жөнүндө чечим чыгарат жана соттун чечиминин негизинде граждaниндин үстүнө коюлган опека алынып ташталат.

30-ГЛАВА

## НОТАРИАЛДЫК ИШТЕРГЕ ЖЕ АЛАРДЫ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУДАН ОТКАЗ КЫЛУУГА ДАТТАНУУ

**266-статья. Арызды берүү**

Жүзөгө ашырылган нотариалдык ишти же нотариалдык ишти жүзөгө ашыруудан отказ кылууну туура эмес деп эсептеген таламдаш адам бул жөнүндө мамлекеттик нотариалдык контора, эл депутаттарынын шаардык, поселкалык, айылдык Советинин аткаруу комитети жайгашкан

жердеги райондук (шаардык) эл сотуна даттанууга акылуу.

Ушул Кодекстин 66-жана 254-статьяларында көрсөтүлгөн кызмат адамдары тарабынан керээз каттардын жана ишенич каттардын туура эмес күбөлөндүрүлгөндүгүнө же аларды күбөлөндүрүүдөн отказ кылынгандыгына даттануулар ошол оорукана, стационардык башка дарылоо-профилактикалык мекеме, санаторий, карылар жана инвалиддер үчүн үй, экспедиция, госпиталь, аскердик-дарылоо мекемеси, аскердик бөлүк, бирикме, мекеме, аскердик окуу жайы, эркинен ажыратуу жайы жайгашкан жердеги сотко берилет.

СССРдин желеги астында сүзүп жүргөн деңиз кемесинин же ички сууларда сүзүүчү кеменин капитаны тарабынан керээз каттын туура эмес күбөлөндүрүлгөндүгүнө же аны күбөлөндүрүүдөн отказ кылынгандыгына даттануулар кеме катталган порт жайгашкан жердеги сотко берилет.

Даттануу жүзөгө ашырылган нотариалдык иш жөнүндө же нотариалдык ишти жүзөгө ашыруудан отказ кылынгандыгы жөнүндө даттануучуга белгилүү болгон күндөн тартып эсептеле турган он күндүк мөөнөттүн ичинде сотко берилет.

Жүзөгө ашырылган нотариалдык ишке негизделген укук жөнүндө таламдаш адамдардын ортосунда келип чыккан талаш ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондоруна ылайык доо өндүрүшү иретинде сот же арбитраж тарабынан каралат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы жана 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**267-статья. Арызды кароо**

Даттануу арыз берүүчүгө, даттануу келтирилип жаткан нотариалдык ишти жүзөгө ашырган же нотариалдык ишти жүзөгө ашыруудан отказ кылган мамлекеттик нотариуска же башка кызмат адамына билдирүү менен сот тарабынан каралат, бирок алардын келбей калышы ишти чечүү үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1975-жыл 14-ноябрдагы Указынын редакциясында).

**268-статья. Арыз боюнча соттун чечими**

Арыз берүүчүнүн арызын канааттандырган соттун чечими, ишке ашырылган нотариалдык аракетти жокко чыгарат же андай аракетти орундатууга милдеттендирет.





## КӨРСӨТҮҮЧҮГӨ БЕРИЛГЕН ЖОГОЛГОН ДОКУМЕНТТЕР БОЮНЧА УКУКТУ КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ (ЧАКЫРУУ ӨНДҮРҮШҮ)

**269-статья. Арызды берүү**

Көрсөтүүчүгө берилген документин жоготкон жак, закондо көрсөтүлгөн учурларда, атап айтканда мамлекеттик эмгек сактык кассасы тарабынан берилген көрсөтүп алма сактык книжкасын же мамлекеттик заемдордун облигацияларын сактоого кабыл алгандык жөнүндө сактоо күбөлүктү жоготкон кезде, жоголуп кеткен документти анык эмес деп табуу жөнүндө жана жоголуп кеткен документтер жөнүндө укукту калыбына келтирүү тууралу соттон сурай алат.

Көрсөтүүчүгө берилген жоголуп кеткен документти анык эмес деп табуу жөнүндөгү арыз сотко, документ берген мекеменин турган орду боюнча берилет.

**270-статья. Арыздын мазмуну**

Арызда, жоголуп кеткен документтин өзгөчө айырмалуу белгилери, документти берген мекеменин наамы көрсөтүлүп, ошондой эле документ жоготулган жагдайлар айтылышы тийиш.

**271-статья. Судьянын арызды кабыл алгандан кийинки аракеттери**

Судья арызды кабыл алгандан кийин документти берген мекемеге ал боюнча төлөөлөрдү же берүүлөрдү жүргүзүүгө тыюу салуу жөнүндө, ошондой эле арыз берүүчүнүн эсебинен жергиликтүү газетага жарыялоо жүргүзүү жөнүндө аныктама чыгарат.

Жарыялоодо төмөндөгүлөр жазылган болушу тийиш:

1) документтин жоголушу жөнүндө арыз берилген соттун наамы;

2) арыз берүүчүнүн аты-жөнү жана анын жашап турган жери;

3) документтин аты жана өзгөчө айырмалуу белгилери;

4) жоголгондугу жөнүндө билдирилген документти кармап турууучуга, жоголуу жарыяланган күндөн тартып үч айлык мөөнөттө сотко өзүнүн бул документке болгон укугу жөнүндөгү арызды берүүнү сунуш кылуу.

Аныктама чыгаруудан отказ кылгандыкка карата жай арыз берилиши же протест келтирилиши мүмкүн.

## 272-статья. Документти кармап туруучунун милдети

Жоголгондугу жөнүндө билдирилген документти кармап туруучу, жоголуу жарыяланган күндөн тартып үч айлык мөөнөт өткөнгө чейин документке болгон өзүнүн укугу жөнүндөгү арызды аныктаманы чыгарган сотко берүүгө жана документтин өзүн (нускасын) келтирүүгө милдеттүү.

## 273-статья. Документти кармап туруучудан арыз түшкөндөн кийинки соттун аракеттери

Документти кармап туруучудан арыз сотко жоголуу жарыяланган күндөн тартып үч айлык мөөнөт өткөнгө чейин түшкөн учурда, сот документти жоготкон киши тарабынан берилген арызды кароосуз калтырат жана документти берген мекеменин, ал боюнча төлөөлөрдү жана берүүлөрдү жүргүзүшүнө тыюу салуунун мөөнөтүн белгилейт.

Бул мөөнөт эки айдан ашык болууга тийиш эмес.

Сот, ошол эле убакта, арыз берүүчүгө бул документти алып алуу жөнүндө документти кармап туруучуга карата жалпы тартипте доо коюудагы анын укугун, ал эми документти кармап туруучуга — тыюу салуу чараларын кабыл алуудан келип чыккан зыяндарын арыз берүүчүдөн төлөтүп алуудагы анын укугун түшүндүрөт.

Ушул статьяда көрсөтүлгөн маселелер боюнча соттун аныктамасына жай арыз берилиши же протест келтирилиши мүмкүн.

## 274-статья. Жоголуп кеткен документти анык эмес деп табуу жөнүндөгү арызды кароо

Эгерде ушул Кодекстин 272-статьясында көрсөтүлгөндөй, документти кармап туруучудан арыз түшпөсө, жоголгон документти анык эмес деп табуу жөнүндөгү ишти сот, жоголуу жарыяланган күндөн тартып үч айлык мөөнөт өтүшү менен карайт.

Арыз берүүчүгө, ошондой эле жоголгон документти берген мекемеге ишти кароонун мөөнөтү жана орду жөнүндө билдирилет, бирок алардын келбей калышы ишти кароого тоскоол боло албайт.

## 275-статья. Арыз боюнча соттун чечими

Арыз берүүчүнүн суроосу канааттандырылган учурда, сот чечим чыгарат, аны менен жоголгон документти анык эмес деп табат. Бул чечим арыз берүүчүгө вкладды же



анык эмес деп табылгандын ордуна жаңы документ берүү үчүн негиз боло алат.

## 276-статья. Мүлктү негизсиз алуу же сактоо жөнүндө доо коюуга документти кармап туруучунун укугу

Документти кармап туруучу бул документке өзүнүн укугу жөнүндө кандайдыр бир себептер менен өз убагында билдирбей калса, соттун документти анык эмес деп табуу жөнүндөгү чечими закондуу күчүнө киргенден кийин, жоголгондун ордуна жаңы документти алуу укугу берилген кишиге мүлктү негизсиз алгандык жана сактагандык жөнүндө доо кое алат.

# 32-ГЛАВА

# ГРАЖДАНДЫК АБАЛ АКТЫЛАРЫН КАТТООДОГУ ТУУРА ЭМЕСТИКТИ АНЫКТОО

## 277-статья. Арызды берүү

Граждандык абал актыларын каттоо китептериндеги каттоодогу туура эместикти аныктоо жөнүндөгү арыз сотко, арыз берүүчүнүн жашап турган жери боюнча берилет.

Эгерде укук жөнүндө талаш-тартыштар жок болуп, жүргүзүлгөн каттоого ондоо киргизүүдөн граждандык абал актыларын каттоо органдары баш тартышса, граждандык абал актыларын каттоо китептериндеги каттоодогу туура эместиктерди аныктоо жөнүндөгү иштерди сот карайт.

## 278-статья. Арыздын мазмуну

Арызда граждандык абал актыларын каттоо китептериндеги туура эместиктер эмнеден тургандыгы, жүргүзүлгөн каттоону ондоо кайсы граждандык абал актыларын каттоо органы тарабынан жана качан отказ кылынгандыгы көрсөтүлүшү тийиш.

## 279-статья. Арыз боюнча соттун чечими

Граждандык абалды каттоо китептериндеги туура эместикти аныктаган соттун чечими закондуу күчүнө киргенден кийин, мындай каттоону ондоо үчүн граждандык абал актыларын каттоо органдарына негиз болот.

## 33-ГЛАВА

## МҮЛКТҮ ЭЭСИЗ ДЕП ТАБУУ

**280-статья. Арызды берүү**

Мүлктү ээсиз деп табуу жөнүндөгү арыз сотко, финансы органы, эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитети же колхоз тарабынан мүлктүн турган орду боюнча берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**281-статья. Арыздын мазмуну**

Арызда, кайсы мүлк ээсиз делип табылууга тийиш экендиги көрсөтүлүшү, ошондой эле мүлктүн ээсин аныктоого мүмкүн эместикти аныктай турган далилдер келтирилиши тийиш.

**282-статья. Арызды кабыл алгандан кийинки судьянын аракеттери**

Судья, ишти соттук кароого карата даярдаган кезде кайсы жактар (шериктеш менчик ээлери, чыныгы мүлктү ээлеген жана башкалар) мүлктүн кимге таандык экендиги жөнүндө маалымат бере аларын аныктайт, ошондой эле ал мүлк жөнүндө болгон маалыматтарды тийиштүү уюмдардан (үй башкармасынан, эл депутаттарынын поселкалык, айылдык Советтеринин аткаруу комитеттеринен, коммуналдык чарба уюмдарынан) сурайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**283-статья. Арыз боюнча соттун чечими**

Сот, мүлктүн ээси жок же ээси белгисиз деп аныктоо менен, мүлктү ээсиз деп табуу жөнүндө жана аны мамлекеттин же колхоздун менчигине өткөрүп берүү тууралуу чечим чыгарат.



# III БӨЛҮМ

# КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ ИШТЕРДИН ӨНДҮРҮШҮ

## 34-ГЛАВА

## СОТТУН ЧЕЧИМДЕРИНЕ ДАТТАНУУ ЖАНА ПРОТЕСТ КЕЛТИРҮҮ

**284-статья. Чечимге кассациялык даттануу жана протест келтирүү укугу**

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун чечимдеринен тышкары, Кыргыз ССРинин бардык сотторунун чечимдери тараптар жана ишке катышуучу башка жактар тарабынан кассациялык тартипте даттанылууга мүмкүн.

Прокурор же прокурордун орун басары, ошол ишке катышкандыгына же катышпагандыгына карабастан соттун законсуз же негизсиз чечимине протест келтирет. Прокурорлордун жардамчылары, башкармалардын жана бөлүмдөрдүн прокурорлору аларды кароодо өзүлөрү катышкан иштер боюнча гана протест келтире алышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелиндеги Указынын редакциясында).

**285-статья. Кассациялык арыз же протест келтирүүнүн тартиби**

Закондуу күчүнө кире элек чечимдерге кассациялык тартипте төмөнкүдөй даттанууга жана протест келтирүүгө мүмкүн:

1) райондук (шаардык) эл сотторунун чечимдерине тийиштүүлүгүнө жараша — Фрунзе шаардык сотуна, областтык сотко, ал эми республикага баш ийген райондордо жана шаарларда — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотуна;

2) Фрунзе шаардык сотунун, областтык соттун чечимдерине — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотуна.

Кассациялык арыздар жана протесттер чечим чыгарган сот аркылуу келтирилет. Арыздардын же протесттердин түздөн-түз кассациялык инстанцияга берилиши, ал арыздарды же протесттерди кароо үчүн тоскоолдук боло албайт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указынын редакциясында).

286-статья. Кассациялык арыз же протест берүүнүн мөөнөтү

Кассациялык арыз же протест сот тарабынан толук түрдө чечим чыгарылгандан кийин он күн ичинде берилүүгө мүмкүн.

Көрсөтүлгөн мөөнөт өтүп кеткенден кийин берилген арыз же протест каралбай калтырылат жана арызды же протестти берген жакка кайтарылып жиберилет.

286[1]-статья. Ишти кассациялык инстанцияда кароонун мөөнөттөрү

Областтык жана Фрунзе шаардык соттору кассациялык даттануу же протест боюнча келип түшкөн ишти ал келип түшкөндөн он күндөн кечиктирбестен кароого тийиш. Иш айрыкча татаал болгон учурда же башка өзгөчө учурларда тийиштүү соттун председатели бул мөөнөттү узарта алат, бирок он күндөн көп болууга тийиш эмес.

Кыргыз ССРинин Жогорку Соту кассациялык даттануу же протест боюнча келип түшкөн ишти ал келип түшкөндөн бир айдан кечиктирбестен кароого тийиш. Өзгөчө учурларда Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председатели же анын орун басарлары бул мөөнөттү узарта алат, бирок бир айдан көп болууга тийиш эмес.

Ишти кассациялык инстанцияда кароонун мөөнөтү узартылган учурда ишке катышуучу жактарга ишти кароонун күнү жөнүндө алдын-ала билдирилүүгө тийиш.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

287-статья. Ишти кассациялык инстанцияда карагандан кийин келип түшкөн кассациялык арыздын же протесттин каралышы

Белгиленген мөөнөттө же өтүп кеткен мөөнөттү калыбына келтиргенден кийин берилген кассациялык арыз же протест, ишти башка арыздар же протест боюнча карагандан кийин кассациялык инстанцияга келип түшкөн учурда, сот мындай арыздарды өзүнүн өндүрүшүнө кабыл алууга милдеттүү. Кассациялык инстанция мындай арызды же протестти карап чыгып, ушул арыз же протест боюнча аныктама мурунку чыгарылган аныктаманы өзгөртүүгө же бузууга алып келүүгө мүмкүн деген жыйынтыкка келген учурларда, кассациялык инстанция, аныктама чыгарып, ишти өзүнчө бөлөк сунуш (представление) менен соттун председателине жиберет, ал аныктаманын бирөөнө же экөөнө тең надзор иретинде протест келтирүү жөнүндөгү маселени чечет.



288-статья. Кассациялык арыздын же протесттин мазмуну

Кассациялык арызда же протестте төмөнкүлөр көрсөтүлүшү тийиш:

1) арыз же протест берилүүчү соттун наамы;
2) арыз же протест берүүчү жактын наамы;
3) даттанылып же протест келтирилип жаткан чечимдин жана бул чечимди кабыл алган соттун көрсөтүлүшү;
4) чечимдин туура эместигинин эмнеде экендиги жана арызы же протест келтирүүчү жактын суроосу;
5) арызга же протестке тиркелген кат жүзүндөгү материалдардын тизмеси.

Кассациялык арызга арыз берген жак же анын өкүлү тарабынан кол коюлат. Кассациялык протестке прокурор тарабынан кол коюлат.

Өкүл тарабынан берилген кассациялык арызга, эгерде иште чечимге даттануу келтирүүгө өкүлдүн полномочиесин күбөлөндүрүүчү ишеним кат жок болсо, өкүлдүн полномочиесин күбөлөндүрүүчү ишеним кат же башка документ тиркелүүгө тийиш.

289-статья. Кассациялык арыздын же протесттин копиялары

Кассациялык арыз же протест сотко ишке катышуучу жактардын саны боюнча копиялары менен келтирилет.

Зарыл болгон учурларда, эл судьясы же соттун председатели кассациялык арыз берүүчү жакты же протест келтирүүчү прокурорду, ишке катышуучу жактардын саны боюнча кассациялык арызга же протестке тиркелген кат жүзүндөгү материалдардын копияларын келтирүүгө милдеттендире алат.

290-статья. Кассациялык арызды же протестти кыймылсыз (кароосуз) калтыруу

Кассациялык арыз же протест, буларды берүүчү жактар тарабынан кол коюлбай, кайсы чечимге даттануу же протест келтирилип жаткандыгы көрсөтүлбөй же зарыл болгон бардык копиялар тиркелбей берилсе, ошондой эле арыз мамлекеттик пошлина төлөнбөй берилсе, эл судьясы же соттун председатели аныктама чыгарып, ал аныктама менен арызды же протестти кыймылсыз (кароосуз) калтырат жана арыз же протест келтирген жакка, кемчиликтерди оңдоо үчүн мөөнөт белгилейт.

Эгерде арыз же протест берген жак, аныктамада айтылган көрсөтмөлөрдү белгиленген мөөнөттө аткарса, арыз же протест сотко биринчи жолу тапшырылган күндө берилген болуп эсептелет. Мындай болбогон учурда, арыз же протест берилбеген болуп эсептелет жана арыз же протест берген жакка кайра кайтарылат.

### 291-с т а т ь я. Кассациялык арызды же протестти алгандан кийин биринчи инстанциядагы соттун аракеттери

Кассациялык арызды же протестти алгандан кийин эл судьясы же соттун председатели төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ишке катышуучу жактарга арыздын же протесттин жана аларга тиркелген кат жүзүндөгү материалдардын копияларын жиберүүгө;

2) ишке катышуучу жактарга кассациялык инстанциядагы сотто, иштин карала турган убакыты жана орду жөнүндө кабарлоого;

3) чечимге арызданууу жана протест келтирүү үчүн белгиленген мөөнөт өткөндөн кийин ишти кассациялык инстанциядагы сотко жиберүүгө.

Чечим законду күчүнө киргенге чейин, иш соттон эч ким тарабынан суратылып алынууга болбойт. Ишке катышуучу жактар жана прокурор иштин материалдары жана келип түшкөн арыздар же протест менен, сотто таанышууга акылуу.

### 292-с т а т ь я. Кассациялык арызга кошулуу

Кассациялык арыз берген жак тарабында болуп процесске катышкан катышуучулар (соучастники) жана үчүнчү жактар, ошол берилген арызга кошула алышат. Арызга кошулуу жөнүндөгү арызга мамлекеттик пошлина төлөнбөйт.

### 293-с т а т ь я. Кассациялык арызга же протестке түшүндүрүүлөр

Түшүндүрүүлөрдү аныктай турган документтерди тиркөө менен, ишке катышуучу жактар арызга же протестке түшүндүрүүлөр келтиришке акылуу. Зарыл болгон учурларда эл судьясы же соттун председатели, түшүндүрүүлөрдүн жана аларга тиркелген документтердин копияларын, ишке катышып жаткан жактардын саны боюнча келтиришке милдеттендире алышат. Көрсөтүлгөн копиялар ишке катышуучу жактарга берилет.



### 294-с т а т ь я. Кассациялык арыздан отказ этүү жана кассациялык протестти чакыртып алуу

Кассациялык арыз берген жак, ал арыздан отказ этүүгө акылуу. Бирок ушул Кодекстин 35-статьясында көрсөтүлгөн себептер боюнча, сот арыздан отказ этүүнү канааттандырбоого жана ишти кассациялык иретинде кароого акылуу. Кассациялык протестти келтирген прокурор, ошондой эле жогору турган прокурор, протестти сот тарабынан ишти кароо башталганга чейин чакыртып алууга акылуу.

Арыздан отказ этүүнү кабыл алгандыгы жөнүндө сот аныктама чыгарат, ал аныктама менен, эгерде чечимге башка жактар тарабынан даттануу же протест келтирилбесе, кассациялык өндүрүштү кыскартат.

Протест чакыртылып алынгандыгы жөнүндө ишке катышуучу жактарга билдирилет.

### 295-с т а т ь я. Доогердин доодон отказ этиши жана тараптардын тынышуу келишими

Кассациялык арыз же протест берилгенден кийин жасалган доогердин доодон отказы же тараптардын тынышуу келишими, кассациялык инстанцияга кат жүзүндө келтирилиши тийиш. Доогердин доодон отказ этишин кабыл алууга же тынышуу келишимин бекитүүгө чейин сот доогерге же тараптарга алардын мындай процессуалдык аракеттеринин натыйжаларын түшүндүрөт.

Доогердин доодон отказ этиши кабыл алынса же тараптардын тынышуу келишими бекитилсе, кассациялык инстанция иш боюнча чыгарылган чечимди бузат жана өндүрүштү кыскартат. Эгерде ушул Кодекстин 35-статьясынын экинчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер боюнча сот доодон отказ этүүнү же тынышуу келишимин канааттандырбаса (кабыл албаса), анда ал ишти кассациялык иретинде карай берет.

### 296-с т а т ь я. Ишти кароонун чектери

Ишти кассациялык иретинде кароодо сот иштеги болгон жана тараптар менен ишке катышуучу башка жактар тарабынан кошумча келтирилген материалдар боюнча, биринчи инстанциядагы соттун чечиминин, даттанылган бөлүгүнүн дагы, даттанылбаган бөлүгүнүн дагы ошондой эле арыз беришпеген жактар жөнүндө дагы закондуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет.

Сот кассациялык арыздын же протесттин доводдору ме-

нен байланыштуу эмес жана ишти толук көлөмдө текшерүүгө милдеттүү.

**296[1]-статья. Кассациялык инстанцияда коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүнүн катышуусу**

Ишти кассациялык тартипте кароого катышууга соттун аныктамасы боюнча иште тараптар болуп эсептелбеген коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрүнө жол берилет. Мында, эгерде алар биринчи инстанциядагы сотто катышышкан болсо, кайтадан полномочиелер талап кылынбайт.

Эгерде коомдук уюмдардын жана эмгек коллективдеринин өкүлдөрү биринчи инстанциядагы сотто катышпаган болсо, анда аларга соттук кароого катышууга ушул Кодекстин 148-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган тартипте жол берилет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**297-статья. Соттук заседаниедеги тартип**

Кассациялык инстанциядагы соттун заседаниесинде председателдик кылуучу, ушул Кодекстин 149 жана 150-статьяларын жетекчиликке алып, соттук заседаниеде тийиштүү тартипти камсыз кылууга карата зарыл болгон чараларды колдонот.

**298-статья. Иштин каралышынын башталышы**

Председателдик кылуучу соттук заседаниени ачат жана кайсы иш, кайсы соттун чечимине кимдин арызы же протести боюнча, каралууга жата тургандыгын жарыялайт. Председателдик кылуучу ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн кимисинин келгендигин тактайт, келгендердин өздүгүн аныктайт, ошондой эле кызмат адамдарынын жана өкүлдөрдүн полномочиелерин текшерет.

**299-статья. Соттун составын жарыялоо жана отвод келтирүү укугун түшүндүрүү**

Председателдик кылуучу соттун составын жарыялайт, прокурор жана котормочу катарында кимдер катышып жаткандыгын билдирет жана ишке катышуучу жактарга алардын отвод келтирүү укугун түшүндүрөт.

Отводдор үчүн негиздер, келтирилген отводду чечүү тартиби жана келтирилген мындай отводдорду канааттандыруунун натыйжалары ушул Кодекстин 19—25-статьялары менен аныкталат.



**300-статья. Ишке катышуучу жактарга, алардын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү**

Председателдик кылуучу ишке катышуучу жактарга, алардын процессуалдык укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.

**301-статья. Ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн соттук заседаниеге келбей калышынын натыйжалары**

Иштин карала турган орду жана убакыты жөнүндө тийиштүү түрдө кабарланбагандыктан ишке катышуучу жактардын же өкүлдөрдүн кимдир бирөөсү соттук заседаниеге келбей калган учурунда, сот ишти кароону кийинкиге калтырат.

Иштин карала турган орду жана убакыты жөнүндө тийиштүү түрдө кабарланган ушул статьяда көрсөтүлгөн жактардын келбей калышы, иштин каралышына тоскоолдук боло албайт. Бирок, сот ушундай учурларда да, келбей калуунун себептерин жүйөөлүү деп таап, иштин каралышын кийинкиге калтырууга акылуу.

Прокурордун же адвокаттын жүйөсүз себептер менен келбей калышы жөнүндө сот, тийиштүүлүгүнө жараша жогору турган прокурорго же адвокаттар коллегиясына билдирет.

**302-статья. Ишке катышуучу жактардын өтүнүчтөрүнүн жана арыздарынын сот тарабынан чечилиши**

Ишке катышуучу жактардын кассациялык инстанцияда иштин каралышына байланыштуу болгон бардык маселелер боюнча өтүнүчтөрү жана арыздары, ишке катышкан башка жактардын пикирлери жана прокурордун корутундусу угулгандан кийин сот тарабынан чечилет.

**303-статья. Жаңы материалдарды келтирүү жана суратып алуу**

Ишке катышуучу жактар кассациялык инстанциясынын заседаниесинин убагында, өздөрүнүн түшүндүрүүлөрүн ырастоочу же башка жактардын түшүндүрүүлөрүн жокко чыгаруучу жаңы материалдарды келтирүүгө акылуу.

Прокурор жана ишке катышкан жактар ушул материалдар менен, аларды ишке кошуу жөнүндөгү маселени сот чечкенге чейин, таанышууга акылуу.

**304-с т а т ь я. Ишти доклад жасоо**

Кассациялык инстанцияда иштин каралышы председателдик кылуучунун же соттун мүчөлөрүнүн биреөнүн доклады менен башталат.

Докладчы иштин жагдайларын, биринчи инстанциядагы соттун чечиминин мазмунун, кассациялык арыздын же протесттин жана буларга карата келип түшкөн түшүндүрүүлөрдүн доводдорун, кат жүзүндө сотко жаңы келтирилген материалдардын мазмунун баяндап айтып берет, ошондой эле чечимдин тууралыгын текшерүү үчүн сот эмнелерди карап чыгуу керек экендиги жөнүндө башка маалыматтарды да билдирет.

**305-с т а т ь я. Ишке катышуучу жактардын түшүнүктөрү**

Сот докладдан кийин, соттук заседаниеге келишкен ишке катышуучу жактардын жана өкүлдөрдүн түшүнүктөрүн угат, алар кассациялык арызда же протестте көрсөтүлбөгөн доводдорду айтууга да жана кошумча материалдарды келтирүүгө да акылуу.

Адегенде кассациялык арыз берген жак жана анын өкүлү, же, эгерде кассациялык протест келтирилсе прокурор чыгып сүйлөйт. Чечим эки тарап тарабынан даттанылса биринчи болуп доогер чыгып сүйлөйт.

Башка жактардын укуктарын жана закон тарабынан сакталуучу таламдарын коргоого алып сотко кайрылган мамлекеттик башкаруу органдарынын, профсоюздардын, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын уполномоченери же айрым граждандар, эгерде алар чечимге даттанышпаса, тараптардан жана үчүнчү жактардан кийин чыгып сүйлөшөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**306-с т а т ь я. Прокурордун корутундусу**

Прокурор чечимдин закондуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө корутундуну ишке катышуучу жактардын түшүнүктөрүнөн кийин берет.

**307-с т а т ь я. Аныктама чыгаруу**

Ишке катышуучу жактардын түшүнүктөрүнүн жана прокурордун корутундусунан кийин сот аныктама чыгарыш үчүн кеңешүүчү бөлмөгө кетет.



Судьялардын кеңешүүсү, аныктама чыгаруу жана аны жарыялоо, ушул Кодекстин 17, 191, 194-жана 197-статьяларында каралган тартипте жүргүзүлөт.

**308-с т а т ь я. Кассациялык инстанциянын полномочиелери**

Сот ишти кассациялык иретинде карап чыгып, өзүнүн аныктамасы менен төмөнкүлөргө акылуу:

1) чечимди өзгөртүүсүз, ал эми арызды же протестти канааттандырыуусуз калтырууга;

2) чечимди толук же жарым-жартылай бузууга жана ишти биринчи инстанциядагы сотко, судьялардын башка составында же ошол эле составында, жаңыдан кайра кароого жиберүүгө;

3) чечимди толук же жарым-жартылай бузууга жана иш боюнча өндүрүштү кыскартууга же болбосо арызды кароосуз калтырууга;

4) эгерде иш боюнча далилдерди жыйноонун же кошумча текшерүүнүн кереги жок болуп, биринчи инстанциядагы сот тарабынан иштин жагдайлары толук жана туура белгиленип, бирок материалдык закондун (укук) нормаларын колдонууда ката кетирилсе, ишти кайрадан жаңы кароого жибербестен, чечимди өзгөртүүгө же жаңы чечимди чыгарууга.

(3-пункту Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**309-с т а т ь я. Кассациялык иретинде соттун чечимин бузууга негиздер**

Кассациялык иретинде соттун чечимин бузууга жана биринчи инстанциядагы сотко ишти кайра жаңы кароого жиберүүгө төмөнкүлөр негиз болот:

1) иш үчүн мааниси бар жагдайлардын толук эмес ачылышы (айкындалышы);

2) сот иш үчүн мааниси бар жагдайларды аныкталды деп эсептегени менен, далилденбегендиги;

3) чечимде көрсөтүлүп жазылган соттун жыйынтыгынын иштин жагдайына туура келбегендиги;

4) материалдык закондун (укук) нормаларынын же процессуалдык закондун (укук) нормаларынын бузулушу же туура эмес колдонулушу.

Мазмуну жагынан туура чечим жалаң гана формалдуу ой-пикир боюнча бузулушу мүмкүн эмес.

**310-статья. Материалдык закондун нормаларынын бузулушу же туура эмес колдонулушу**

Материалдык закондун нормалары бузулган же туура эмес колдонулган деп төмөнкүлөр эсептелинет:

1) эгерде сот колдонулууга тийиш болгон законду колдонбосо;

2) эгерде сот колдонулууга тийиш болбогон законду колдонсо;

3) эгерде сот законду туура эмес түшүнсө.

**311-статья. Процессуалдык закондун нормаларынын бузулушу же туура эмес колдонулушу**

Процессуалдык закондун нормаларынын бузулушу же туура эмес колдонулушу, эгерде мындай бузуу же туура эмес колдонуу ишти туура эмес чечүүгө алып келген же алып келүүгө мүмкүн болгон шарттарда гана чечимди бузууга негиз боло алат.

Төмөндөгү бардык учурда чечим бузулууга жатат:

1) эгерде сот тарабынан иш законсуз составда каралган болсо;

2) эгерде иш сот тарабынан соттук заседаниенин убакыты жана орду жөнүндө кабарланбаган ишке катышуучу жактардын кимдир бирөөсүнүн катышуусусуз каралган болсо;

3) эгерде ишти кароодо сот өндүрүшү жүргүзүлүп жаткан тил жөнүндөгү жобо (тартип) бузулган болсо;

4) эгерде сот ишке катышуу үчүн тартылбаган жактардын укуктары жана милдеттери жөнүндө маселени чечкен болсо;

5) эгерде чечим чыгарууда судьялардын кеңешүүсүнүн жашырындуулугу жөнүндөгү жобо (тартип) бузулган болсо;

6) эгерде чечимге судьялардын кимдир бирөө кол койбосо, же эгерде чечимде көрсөтүлгөн судьялар тарабынан кол коюлбаган болсо;

7) эгерде ишти кароого катышкан соттун составына кирген судьялардан бөлөк судьялар тарабынан чечим чыгарылган болсо;

8) эгерде иште соттук заседаниесинин протоколу жок болсо.

**312-статья. Иш боюнча өндүрүштү кыскартуу же арызды кароосуз калтыруу менен чечимди бузуу**

Ушул Кодекстин 224-жана 226-статьяларында көрсөтүл-



төн негиздер боюнча кассациялык иретинде, иш боюнча өндүрүштү кыскартуу же арызды кароосуз калтыруу менен соттун чечими бузулууга жатат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**313-статья. Чечимди бузууга негиз болбогон закондун нормаларынын бузулушуна кассациялык инстанциянын көрсөтмөлөрү**

Кассациялык инстанция, ишти караган сот тарабынан чечимди бузууга негиз болбогон, закон нормаларын бузууну кетиргендигин тапса, ал бузууларды кассациялык аныктамада же атайын чыгарылган жеке аныктамада көрсөтүүсү тийиш.

**314-статья. Кассациялык инстанциядагы соттун аныктамасы**

Чечимдин тууралыгы жөнүндө маселени чече турган кассациялык инстанциянын токтому аныктама түрүндө чыгарылат.

Соттун аныктамасында төмөнкүлөр көрсөтүлүшү тийиш:

1) аныктаманын чыгарылган убагы жана орду;

2) аныктама чыгарган соттун наамы, соттун составы;

3) кассациялык инстанцияда ишти караганда корутунду берген прокурор жана катышкан башка жактар;

4) кассациялык арыз же протест келтирген жак;

5) чечимдин, кассациялык арыздын же протесттин, келтирилген материалдардын, кассациялык иретинде ишти кароого катышкан жактардын түшүнүктөрүнүн жана прокурордун корутундусунун кыскача мазмуну;

6) кассациялык инстанциядагы сот өзүнүн жыйынтыгына келгендигинин себептерин (мотивдерин) жана сот кайсы закондорду колдонгондугун көрсөтүү;

7) соттун токтому.

Кассациялык арызды же протестти отказ кылганда (канааттандырбаганда) сот өзүнүн аныктамасында кайсы мотивдер боюнча арызды же протесттин доводдору туура эмес деп табылгандыгын же чечимди бузууга негиз боло албай тургандыгын көрсөтүүгө милдеттүү.

Чечимди бузганда жана кайра жаңы кароого жибергенде, сот өзүнүн аныктамасында иштин кайсы жагдайларын аныктоого зарыл экендикти, кандай далилдерди сурatын алууга жата тургандыкты, ошондой эле биринчи инстанциядагы сот башка кандай аракеттерди иштей тургандыкты көрсөтүүгө милдеттүү.

**315-статья. Кассациялык инстанциядагы соттун аныктамасынын законду күчү**

Кассациялык инстанциядагы соттун аныктамасы даттанылууга жатпайт жана аны кабыл алуу мезгилинен баштап законду күчүнө кирет.

**316-статья. Кассациялык инстанциядагы соттун жай аныктамасы**

Ишти кассациялык иретинде карап жаткан сот ушул Кодекстин 218-статьясында каралган учурларда жай аныктама чыгарууга акылуу.

**317-статья. Кассациялык инстанциядагы соттун көрсөтмөлөрүнүн милдеттүүлүгү**

Ишти кассациялык тартипте карап жаткан соттун аныктамасында жазылган көрсөтмөлөр ошол ишти жаңыдан кайра карап жаткан сот үчүн милдеттүү болот.

Ишти кассациялык тартипте карап жаткан соттун чечимде аныкталбаган же ал тарабынан четтетилген жагдайларды аныктоого же далилденди деп эсептөөгө, тигил же бул далилдин туура же туура эместиги (анык же анык эместиги) жөнүндө, бир далилдин башка бир далилден артыкчылыгы жөнүндө, ошондой эле материалдык закондун кайсы нормасы колдонулууга тийиш экендигин жана ишти жаңыдан кароодо кандай чечим чыгарылууга тийиш экендиги жөнүндө маселелерди алдын ала чечүүгө укугу жок.

## 35-ГЛАВА

## СОТТУН АНЫКТАМАЛАРЫНА ДАТТАНУУ ЖАНА ПРОТЕСТ КЕЛТИРҮҮ

**318-статья. Биринчи инстанциядагы соттун аныктамаларына даттануу жана протест келтирүү**

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун аныктамаларынан тышкары, биринчи инстанциядагы соттун аныктамаларына, соттун чечиминен өзүнчө башка, тараптар жана ишке катышкан башка жактар тарабынан кассациялык инстанцияга даттанууга жана прокурор тарабынан протест келтирүүгө төмөнкү учурларда мүмкүн болот:

1) ушул Кодексте каралган учурларда;

2) качан соттун аныктамасы, иштин андан аркы кыймылына тоскоолдук кылган учурларда.

Биринчи инстанциядагы соттун калган аныктамаларына жай арыздар жана протесттер берилбейт, бирок мындай аныктамаларга карата арыздар (возражениелер) кассациялык арызга же протестке кошулуп жазылышы мүмкүн.

**319-статья. Жай арыздардын жана протесттердин берилүү жана каралуу тартиби**

Жай арыздардын жана протесттердин берилиши жана каралышы, ушул Кодекстин 34-главасынын тийиштүү статьяларында көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт.

**320-статья. Кассациялык инстанциянын полномочиелери**

Жай арызды же протестти караганда, кассациялык инстанциянын төмөнкүдөй укугу бар:

1) аныктаманы өзгөртүүсүз, ал эми арызды же протестти канааттандыруусуз калтырууга;

2) аныктаманы толук же жарым-жартылай бузууга жана маселени биринчи инстанциядагы сотко кайра жаңы кароого өткөрүп берүүгө;

3) аныктаманы толук же жарым-жартылай бузууга жана маселени негизинен чечүүгө.

**321-статья. Жай арыз же протест боюнча кабыл алынган кассациялык инстанциянын аныктамасынын законду күчү**

Жай арыз же протест боюнча кабыл алынган кассациялык инстанциядагы соттун аныктамасы даттанылууга жатпайт жана аны чыгаргандан кийин токтоосуз законду күчүнө кирет.

## IV БӨЛҮМ

# ЗАКОНДУУ КҮЧҮНӨ КИРГЕН ЧЕЧИМДЕРДИ, АНЫКТАМАЛАРДЫ ЖАНА ТОКТОМДОРДУ КАЙРА КАРАП ЧЫГУУ

## 36-ГЛАВА

## НАДЗОРДУК ИНСТАНЦИЯДАГЫ ИШТЕРДИН ӨНДҮРҮШҮ

**322-статья. Надзор иретинде кайра карап чыгууга мүмкүн болгон чечимдер, аныктамалар жана токтомдор**

Кыргыз ССРинин бардык сотторунун законду күчүнө кирген чечимдери, аныктамалары жана токтомдору, ушул

Кодекстин 323-статьясында көрсөтүлгөн кызмат адамдарынын протесттери боюнча соттук надзор иретинде кайра каралып чыгышы мүмкүн.

**323-статья. Протест келтирүүгө укугу бар адамдар**

Протест келтирүүгө төмөнкүлөрдүн укугу бар:

1) СССРдин Генеральный Прокурору — Кыргыз ССРинин ар кандай (бардык) сотунун чечимдерине, аныктамаларына жана токтомдоруна;

2) СССРдин Жогорку Сотунун Председатели — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленумунун жана Президиумунун токтомдоруна, ошондой эле биринчи инстанциядагы сот катарында иш жүргүзгөн граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясынын чечимдерине жана аныктамаларына;

3) СССРдин Генеральный Прокурорунун Орунбасарлары — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленумунун токтомдорунан тышкары, Кыргыз СССРинин ар кандай сотунун чечимдерине, аныктамаларына жана токтомдоруна;

4) СССРдин Жогорку Сотунун Председателинин Орунбасарлары — Президиумдун токтомдоруна, ошондой эле — биринчи инстанциядагы сот катарында иш жүргүзгөн Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясынын чечимдерине жана аныктамаларына;

5) Кыргыз ССРинин Прокурору, Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председатели — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленумунун токтомдорунан тышкары, Кыргыз ССРинин ар кандай сотунун чечимдерине, аныктамаларына жана токтомдоруна;

6) Кыргыз ССРинин Прокурорунун орунбасарлары, Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председателинин орунбасарлары — Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Президиуму менен Пленумунун токтомдорунан тышкары, Кыргыз ССРинин ар кандай сотунун чечимдерине, аныктамаларына жана токтомдоруна;

7) областтын прокурору, областтык соттун председатели — райондук (шаардык) эл сотторунун чечимдерине жана аныктамаларына жана кассациялык иретинде иш караган областтык сотунун граждандык иштер боюнча соттук коллегиясынын аныктамаларына;

8) Фрунзе шаарынын прокурору, Фрунзе шаардык сотунун председатели — Фрунзе шаарынын райондук эл сотторунун чечимдерине жана аныктамаларына жана кассациялык тартипте иш караган Фрунзе шаардык сотунун граждандык иштер боюнча соттук коллегиясынын аныктамаларына.

(8-пункту Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указынын редакциясында).

**324-статья. Надзор иретинде протесттер боюнча ишти карай турган соттор**

Фрунзе шаардык сотунун президиуму, областтык соттун президиуму тийиштүүлүгүнө жараша бул соттордун кассациялык аныктамаларына, райондук (шаардык) эл сотторунун законду күчүнө кирген чечимдерине жана аныктамаларына болгон протесттер боюнча иштерди карайт.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясы республиканын бардык соттору тарабынан чыгарылган законду күчүнө кирген чечимдерине жана аныктамаларына болгон протесттер боюнча иштерди, эгерде бул чечимдер менен аныктамалар Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунда кассациялык жол менен каралбаган болсо, ошондой эле Фрунзе шаардык сотунун президиумунун жана областтык соттун президиумунун токтомдоруна болгон протесттер боюнча иштерди карайт.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Президиуму Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясынын чечимдерине жана аныктамаларына болгон протесттер боюнча иштерди карайт.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленуму Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Президиумунун токтомдоруна болгон протесттер боюнча иштерди карайт.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясынын составында, ишти биринчи же экинчи инстанция катарында же болбосо соттук надзор иретинде кароого катышкан соттун президиумунун мүчөсү, ошол эле ишти соттун президиумунун составында болуп кароого катыша албайт.

Эгерде ушул ишти биринчи же кассациялык инстанциядагы сотто кароодо Фрунзе шаардык сотунун президиумунун мүчөлөрүнүн көпчүлүгү, областтык соттун президиумунун мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышса, ал эми протест ушул соттун председатели тарабынан же тийиштүүлүгүнө жараша Фрунзе шаарынын прокурору же областтын прокуроru тарабынан келтирилсе, протест келтирген адам, ишти Кыргыз ССРинин Жогорку Сотуна надзор иретинде

протест келтирүү жөнүндөгү маселени кароо үчүн тиешесине жараша Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председателине же Кыргыз ССРинин Прокуроруна жиберет. Ушундай иш боюнча протест СССРдин Генеральный Прокурору тарабынан, Кыргыз ССРинин Прокурору тарабынан, Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председатели тарабынан же алардын орунбасарлары тарабынан келтирилген учурларда, иш соттук надзор иретинде кароо үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясына өткөрүлүп берилет.

Эгерде Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясынын составында ушул ишти биринчи же экинчи инстанция боюнча же болбосо, соттук надзор иретинде кароодо Жогорку Соттун Президиумунун мүчөлөрүнүн көпчүлүгү катышса, ал эми протест Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председателинин орунбасары тарабынан же Кыргыз ССРинин Прокурорунун орунбасары тарабынан келтирилсе, протест келтирген адам, ишти Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленумуна протест келтирүү жөнүндөгү маселени кароо үчүн тиешесине жараша Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председателине же Кыргыз ССРинин Прокуроруна жиберет. Ушундай иш боюнча протест СССРдин Генеральный Прокурору тарабынан, анын Орунбасарлары тарабынан, Кыргыз ССРинин Прокурору тарабынан же Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Председатели тарабынан келтирилген учурларда, иш Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленумуна кароо үчүн өткөрүлүп берилет.

(1,2-жана 6-пункттар Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указынын редакциясында).

### 325-статья. Иштерди суратып алуу

Ушул Кодекстин 323-статьясында көрсөтүлгөн кызмат адамдары, ошондой эле өздөрүнүн компетенциясынын чегинде райондук жана шаардык прокурорлор, надзор иретинде протест келтирүү үчүн негиздердин бар экендиги жөнүндө маселени чечүү үчүн, тийиштүү, соттордон граждандык иштерди суратып алууга акылуу.

Эгерде ишти суратып алган адамдын ушул чечимге, аныктамага же токтомго протест келтирүүгө акысы жок болсо, ал зарыл болгон учурларда, протест келтирүүгө акысы бар жогору турган кызмат адамына надзор иретинде протест келтирүү жөнүндөгү сунушу менен кайрылат.

Протест келтирүү үчүн негиздер болбосо, бул жөнүндө



надзор иретинде протест келтирүүнү сурап арыз менен кайрылган жакка (адамга) отказ этүүнүн себептери көрсөтүлүп кабар берилет.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 326-статья. Аткарууну токтото туруу

Надзор иретинде протест келтирүүгө укук берилген кызмат адамдары, надзор иретиндеги өндүрүштүн бүтүшүнө чейин, тийиштүү чечимдердин, аныктамалардын жана токтомдордун аткарылышын токтотуп тура алышат.

### 327-статья. Протест келтирүү

Протест келтирүүгө негиздер болгондо ушул Кодекстин 323-статьясында көрсөтүлгөн кызмат адамы протестти түзүп (жазып) жана иш менен бирге протестти тийиштүү сотко жиберет. Протестти түзгөндө жана бергенде, ушул Кодекстин 288-статьясында айтылган эрежелер колдонулат. Протест ишке катышкан жактардын саны боюнча копиялары менен келтирилет.

### 328-статья. Ишке катышуучу жактарды кабарлоо жана аларга протесттердин копияларын жиберүү

Тараптарга жана ишке катышуучу башка жактарга, алардын иши боюнча келтирилген протесттин копиялары жиберилет. Зарыл болгон учурларда, тараптар жана ишке катышуучу башка жактар, иштин карала турган убакыты жана орду жөнүндө кабарланышат.

Ишке катышуучу жактарга протесттин копиялары сот тарабынан жиберилет. Сот иштин кароо убактысын, ишке катышуучу жактар протестке карата өздөрүнүн жазуу түрүндөгү түшүндүрүүлөрүн жана кошумча материалдарын келтирүүгө мүмкүнчүлүктөрү болгондой эсеп менен белгилейт.

### 329-статья. Протестти чакыртып алуу

Надзор иретинде протест келтирген кызмат адамы сот ишти кароону баштаганга чейин аны чакыртып алууга акылуу. Прокурор тарабынан келтирилген протест жогору турган прокурор тарабынан да чакыртылып алынышы мүмкүн. Протесттин чакыртылып алынгандыгы жөнүндө сот ишке катышуучу жактарга билдирет. Иштин кароонун жүрүшүндө протест чакыртылып алынышы да, өзгөртүлүшү да мүмкүн эмес.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 330-с т а т ь я. Ишти кароонун чектери

Ишти надзор иретинде кароодо, сот иштеги болгон жана кошумча келтирилген материалдар боюнча чечимдин, аныктаманын жана токтомдун протест келтирилген бөлүгүнүн дагы, протест келтирилбеген бөлүгүнүн дагы, ошондой эле протестте көрсөтүлбөгөн жактар жөнүндө дагы, закондуулугун жана негиздүүлүгүн текшерет.

Сот протесттин доводдору менен байланыштуу эмес жана ишти толук көлөмдө текшерүүгө милдеттүү.

### 331-с т а т ь я. Протестти кароонун тартиби

Протестти надзор иретинде кароодо, ушул статьяда көрсөтүлгөн толуктоолор жана алып таштоолор менен, ушул Кодекстин 297, 298, 299, 300, 302, 304-статьяларында белгиленген эрежелер колдонулат.

Закондуу күчүнө кирген чечимге, аныктамага же токтомго протест боюнча иш надзордук инстанция тарабынан протест берилген иш келип түшкөндөн жыйырма күндөн кечиктирилбестен соттук заседаниеде, ал эми Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунда — бир айдан кечиктирилбестен каралат.

Соттун президиумунда, иш, ушул ишти кароого мурда катышпаган соттун председатели же анын тапшыруусу боюнча президиумдун мүчөсү же соттун мүчөсү тарабынан доклад кылынат.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленумунда иш Председатель тарабынан же анын орунбасары же Председателдин тапшыруусу боюнча соттун мүчөсү тарабынан доклад кылынат.

Иштин карала турган убакыты жана орду жөнүндө кабарланган ишке катышуучу жактардын соттук заседаниеге келбей калышы ишти кароого тоскоолдук боло албайт.

Ишке катышуучу жактар жана алардын өкүлдөрү, эгерде алар иштин карала турган убакыты жана орду жөнүндө кабарланышса жана соттук заседаниеге келишсе, түшүндүрүүлөрүн иш доклад кылынгандан кийин беришет.

Соттун Президиумунда же Пленумунда бардык маселелер добуштун көпчүлүгү боюнча чечилет. Протестти канааттандыруу үчүн жана канааттандырбоо үчүн берилген добуштар тең болуп калганда, протест канааттандырылбаган болуп эсептелет.



Соттун Президиуму же Пленуму токтом чыгарат, ага Президиумдун же Пленумдун заседаниесинде председателдик кылуучу тарабынан кол коюлат.

(2- бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указы менен киргизилген).

### 332-с т а т ь я. Соттук надзор иретинде ишти кароодо прокурордун катышуусу

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясы тарабынан ишти надзор иретинде кароодо прокурор катышат, ал өзү же жогору турган прокурор тарабынан келтирилген протестти кубаттайт же соттун Председателинин же анын орунбасарынын протести боюнча каралып жаткан иш боюнча корутунду берет.

Фрунзе шаардык сотунун президиуму тарабынан иштерди кароодо Фрунзе шаарынын прокурорунун катышуусу милдеттүү. Областтык соттун президиуму тарабынан иштерди кароодо областтын прокурорунун катышуусу милдеттүү.

Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Президиуму тарабынан иштерди кароодо Кыргыз ССРинин Прокурорунун же анын орунбасарынын катышуусу, ал эми Кыргыз ССРинин Пленуму тарабынан иштерди кароодо — Кыргыз ССРинин Прокурорунун катышуусу милдеттүү.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указы менен киргизилген).

### 333-с т а т ь я. Ишти надзор иретинде карап жаткан соттун полномочиелери

Сот ишти надзор иретинде карап чыгып, өзүнүн аныктамасы же токтому менен төмөнкүлөргө акылуу:

1) чечимди, аныктаманы же токтомду өзгөртүүсүз, ал эми протестти канааттандыруусуз калтырууга;

2) чечимди, аныктаманы же токтомду толук же жарым-жартылай бузууга жана ишти биринчи же кассациялык инстанциядагы сотко кайрадан жаңы кароого жиберүүгө;

3) чечимди, аныктаманы же токтомду толук же жарым-жартылай бузууга жана иш боюнча өндүрүштү кыскартууга же болбосо арызды кароосуз калтырууга;

4) иш боюнча мурда чыгарылган чечимдердин, аныктамалардын же токтомдордун ичинен бирөөнү күчүндө калтырууга;

5) эгерде иш боюнча далилдерди жыйноонун же ко-

шумча текшерүүнүн керектиги жок болуп, биринчи инстанциядагы сот тарабынан иштин жагдайлары толук жана туура белгиленип, бирок материалдык закондун нормаларын колдонууда ката кетирилсе, ишти кайрадан жаңы карооого жибербестен чечимди, аныктаманы же токтомду өзгөртүүгө же жаңы чечим чыгарууга.

(3-пункту Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**334-статья. Надзор иретинде соттун чечимдерин, аныктамаларын же токтомдорун бузууга негиздер**

Надзор иретинде соттун чечимдерин, аныктамаларын же токтомдорун бузууга алардын негизсиздиги же материалдык жана процессуалдык закондун нормаларынын орчундуу бузулушу негиз болот.

Надзор иретинде соттун чечими, аныктамасы же токтому, ушул Кодекстин 224-жана 226-статьяларында көрсөтүлгөн негиздер боюнча, иштин өндүрүшүн кыскартуу менен же арызды кароосуз калтыруу менен бузулууга жатат.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**335-статья. Ишти соттук надзор иретинде карап жаткан соттун көрсөтмөлөрүнүн милдеттүүлүгү**

Ишти соттук надзор иретинде карап жаткан соттун аныктамасында же токтомунда жазылган көрсөтмөлөр бул ишти жаңыдан карай турган сот үчүн милдеттүү болот.

Ишти соттук надзор иретинде карап жаткан соттун чечимде аныкталбаган же ал тарабынан четтетилген жагдайларды аныктоого же далилдендя деп эсептөөгө, тигил же бул далилдин туура же туура эместиги (анык же анык эместиги) жөнүндө, бир далилдин башка бир далилден артыкчылыгы жөнүндө, ошондой эле материалдык закондун кайсы нормасы колдонулууга тийиш экендиги жана ишти жаңыдан кароодо кандай чечим чыгарылууга тийиш экендиги жөнүндө маселелерди алдын ала чечүүгө укугу жок.

Ушундай эле ишти соттук надзор иретинде кароодо соттун, кассациялык аныктаманы бузуу менен, ишти экинчи жолу кароодо кассациялык инстанция тарабынан жасалууга мүмкүн боло турган корутундуларды алдын ала чечүүгө укугу жок.



**336-статья. Соттук надзор иретиндеги соттун жай аныктамалары, токтомдору**

Соттук надзор иретинде ишти карап жатып Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун Пленуму, Жогорку Соттун, областтык соттордун, Фрунзе шаардык сотунун президиумдары жана Кыргыз ССРинин Жогорку Сотунун граждандык иштер боюнча Соттук коллегиясы ушул Кодекстин 313-жана 316-статьялары тарабынан каралган негиздер болгон кезде жай аныктама же токтом чыгара алышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1979-жыл 20-мартындагы Указынын редакциясында).

**337-статья. Надзордук инстанциядагы соттун аныктамалары жана токтомдору**

Иштин надзор иретинде карап жатышкан соттордун аныктамаларынын жана токтомдорунун мазмуну жана натыйжалары ушул Кодекстин 314, 316 жана 317-статьяларында айтылган эрежелер менен аныкталат.

## 37-ГЛАВА

## ЗАКОНДУУ КҮЧҮНӨ КИРГЕН ЧЕЧИМДЕРДИ, АНЫКТАМАЛАРДЫ ЖАНА ТОКТОМДОРДУ ЖАҢЫ АЧЫЛГАН ЖАГДАЙЛАР БОЮНЧА КАЙРА КАРОО

**338-статья. Кайра кароонун негиздери**

Законду күчүнө кирген чечимдер, аныктамалар жана токтомдор жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра каралууга мүмкүн.

Чечимдерди, аныктамаларды жана токтомдорду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо үчүн төмөнкүлөр негиз боло алат:

1) арыз берүүчүгө белгилүү болбогон жана белгилүү болууга мүмкүн болбогон иш үчүн маанилүү жагдайлар;

2) законсуз же негизсиз чечимди чыгарууга алып келген күбөнүн билип туруп жалган көрсөтүүсүнүн, эксперттин билип туруп жалган корутундусунун, билип туруп жалган которуунун, документтердин же болбосо буюм далилдеринин жасалмалоосунун, соттун законду күчүнө кирген өкүмү тарабынан аныкталышы;

3) ушул ишти кароодо тараптардын, ишке катышуучу башка жактардын же болбосо алардын өкүлдөрүнүн кылмыштуу аракеттеринин же судьялардын кылмыштуу ара-

кеттеринин, соттун, закондуу күчүнө кирген, өкүмү тарабынан аныкталышы;

4) ушул чечимди, аныктаманы же токтомду кабыл алууга негиз болгон чечимдин, өкүмдүн, аныктаманын же токтомдун же башка органдын токтомунун бузулушу.

### 338[1]-статья. Чечимдерди, аныктамаларды жана токтомдорду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароочу соттор

Закондуу күчүнө кирген чечим бул чечимди чыгарган сот тарабынан жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра каралат. Биринчи инстанциядагы соттун чечимин өзгөрткөн же жаңы чечим чыгарган кассациялык же надзордук инстанциялардын аныктамаларын жана токтомдорун жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра карап чыгуу чечимди өзгөрткөн же жаңы чечим чыгарган сот тарабынан жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 339-статья. Арыз берүү

Чечимди, аныктаманы же токтомду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арыз же сунуш ишке катышкан жактар же прокурор тарабынан чечимди, аныктаманы же токтомду чыгарган сотко берилет. Ишке катышкан жактар тарабынан мындай арыз кайра кароо үчүн негиз болгон жагдайлар белгилүү болгон күндөн тартып үч ай ичинде берилиши мүмкүн.

### 340-статья. Арыз берүү үчүн мөөнөттү эсептөө

Арыз берүү үчүн мөөнөт төмөнкүдөй эсептелинет:

1) ушул Кодекстин 338-статьясынын 1-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда, иш үчүн орчундуу мааниси бар жагдайлардын ачылган күнүнөн тартып;

2) ушул Кодекстин 338-статьясынын 2-жана 3-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда, уголовный иш боюнча өкүмдүн закондуу күчүнө кирген күнүнөн тартып;

3) ушул Кодекстин 338-статьясынын 4-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда, кайра каралып жаткан чечим, аныктама же токтом негизделген өкүмгө, чечимге, аныктамага же токтомго өзүнүн мазмуну боюнча карама-каршы болгон соттун өкүмүнүн, чечиминин, аныктамасынын, токтомунун закондуу күчүнө кирген же мамлекеттик башкаруу органдын токтом чыгарган күнүнөн тартып.



### 341-статья. Арызды кароо

Закондуу күчүнө кирген чечимдерди, аныктамаларды жана токтомдорду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндөгү маселени чечүү чечимди, аныктаманы же токтомду чыгарган сотко тийиштүү болот.

Чечимди, аныктаманы же токтомду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндөгү арызды сот соттук заседаниеде карайт. Арыз берүүчү жана ишке катышуучу жактар заседаниенин убакыты жана орду жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калышы арызды кароого тоскоолдук болбойт.

### 342-статья. Ишти кайра кароо жөнүндө соттун аныктамасы

Сот чечимди, аныктаманы же токтомду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндөгү арызды карап чыгып, же болбосо арызды канааттандырып чечимди, аныктаманы же токтомду бузат, же болбосо кайра кароодон отказ кылат.

### 343-статья. Соттун аныктамасына даттануу

Соттун чечимди, аныктаманы же токтомду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндөгү арызды канааттандыргандыгы тууралу аныктамасы даттанылууга жатпайт.

Соттун чечимди, аныктаманы же токтомду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндөгү арызды канааттандырбагандыгы жөнүндөгү аныктамасына, ушул Кодекстин 319-321-статьяларында каралган тартипте даттанууга же протест келтирүүгө мүмкүн.

### 344-статья. Чечимди, аныктаманы же токтомду кайра кароо жөнүндөгү өтүнүчтү канааттандыруунун натыйжалары

Чечимди, аныктаманы же токтомду кайра кароо жөнүндөгү өтүнүчтү канааттандырган учурда, сот тарабынан иш жалпы негиздер боюнча каралат.

## V БӨЛҮМ

# АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮ

## 38-ГЛАВА

## ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**345-статья. Соттордун жана башка органдардын аткарылууга жаткан токтомдору**

Кодекстин ушул бөлүмүндө айтылган эрежелер боюнча төмөнкүлөр аткарылууга жатат:

1) граждандык иштер боюнча соттордун чечимдери, аныктамалары жана токтомдору;

2) уголовный иштер боюнча мүлктүк өндүрүү жагынан соттордун өкүмдөрү, аныктамалары жана токтомдору;

3) административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча мүлктүк өндүрүү жагынан судьянын же соттун токтомдору;

4) сот тарабынан бекитилген тынышуу келишимдери;

5) нотариалдык органдардын аткаруу надпистери (буйруктары);

6) закон тарабынан көрсөтүлгөн учурларда арбитраж органдарынын чечимдери;

7) СССРдин Соода-өнөр жай палатасынын алдындагы Деңиздик жана Тышкы соодалык арбитраж комиссияларынын жана айрым иштерди кароо үчүн атайын түзүлгөн арбитраждардын чечимдери;

8) төлөөчү тарабынан акцептелинип, мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөө кагаздары (талаптары);

9) третей сотторунун чечимдери;

10) эмгек талаштары боюнча комиссиялардын чечимдери;

11) ишканалардын, мекемелердин уюмдук профсоюздук комитетинин эмгек талаштары боюнча жана майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүгө, ошондой эле багуучунун (кормилец) өлүшүн келтирүүгө байланыштуу зыянды төлөө жөнүндөгү талаштар боюнча токтомдору;

12) закон тарабынан белгиленген учурларда, жашка жетпегендердин иштери боюнча комиссиянын акча өндүрүүлөр жөнүндөгү токтомдору;

13) мүлктүк өндүрүүлөр жөнүндө жолдоштук соттордун чечимдери;

14) закон тарабынан граждандардан талашсыз тартипте өндүрүүлөрдү жүргүзүү (колдонуу) укугу берилген административдик органдардын же кызмат адамдарынын токтомдору;

15) өздүк менчик укугунда граждандарга тийиштүү болгон экинчи там үйүн мажбурлап саттыруу жөнүндөгү эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечимдери;

16) эгин айдоолорун тепсеп-жедиргендик жана тигилген бак-дарактарды зыянга учураткандык үчүн мамлекеттик ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан, колхоздордон, кооперативдик башка уюмдардан, алардын бирикмелеринен, коомдук башка уюмдардан зыянды өндүрүү жөнүндөгү эл депутаттарынын шаардык, поселкалык жана айылдык Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечимдери;

17) закон тарабынан каралган учурларда чет өлкөлүк соттордун чечимдери.

(3, 7, 15 жана 16-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелиндеги Указынын редакциясында).

**346-статья. Аткаруу документтери**

Аткаруу документтери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) соттордун чечимдеринин, өкүмдөрүнүн, аныктамаларынын жана токтомдорунун, сот тарабынан бекитилген тынышуу келишимдеринин, жолдоштук соттордун чечимдеринин, граждандардын ортосундагы талаштар боюнча третей сотторунун чечимдеринин, Тышкы соодалык арбитраж комиссиясынын жана айрым иштерди кароо үчүн атайын түзүлгөн арбитраждардын чечимдеринин, чет өлкөлүк соттордун чечимдеринин негизинде берилүүчү аткаруу барактары;

2) нотариалдык органдардын аткаруу надпистери (буйруктары);

3) закон тарабынан каралган учурларда арбитраждын чечимдеринин жана мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, кооперативдик уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын ортосундагы талаштар боюнча третей сотторунун чечимдеринин негизинде берилүүчү арбитраж органдарынын приказдары;

4) чечимдин закондуу күчүнө киргендиги жөнүндө Деңиздик арбитраж комиссиясынын председателинин надписи (буйругу);

5) эмгек талаштары боюнча комиссиянын чечимдерини же эмгек талаштары боюнча жана кызматкерлерге

майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүгө, ошондой эле багуучунун (кормилецтин) өлүшүн келтирүүгө байланыштуу зыянды төлөө жөнүндөгү талаштар боюнча ишканалардын, мекемелердин — уюмдук профсоюздук комитетинин токтомдорунун негизинде тарабынан берилүүчү күбөлүк каттар;

6) төлөөчү тарабынан акцептелинип, өз мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөө кагаздары (талаптары);

7) граждандардан талашсыз тартипте өндүрүүлөрдү жүргүзүү (колдонуу) жөнүндө административдик органдар тарабынан берилүүчү токтомдор;

8) жашка жетпегендердин иштери боюнча комиссия тарабынан акча өндүрүүлөр жөнүндө берилүүчү токтомдор;

9) өздүк менчик укугунда гражданинге тийиштүү болгон экинчи там үйүн мажбурлап саттыруу жөнүндөгү эл депутаттарынын райондук, шаардык, шаардагы райондук Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечимдери;

10) эгин айдоолорун тепсетип-жедиргендик жана тигилген бак-дарактарды зыянга учураткандык үчүн мамлекеттик ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан, колхоздордон, кооперативдик башка уюмдардан, алардын бирикмелеринен, коомдук башка уюмдардан зыянды өндүрүү жөнүндөгү эл депутаттарынын шаардык, поселкалык жана айылдык Советтеринин аткаруу комитеттеринин чечимдери.

(1, 3, 9-жана 10-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 347-статья. Аткаруу барагын берүү

Тезинен аткаруу учурунда гана аткаруу барагы чечим ди чыгарар замат эле токтоосуз берилет, ал эми калган бардык учурларда аткаруу барагы өндүртүп алуучуга сот тарабынан чечим закондуу күчүнө киргенден кийин берилет.

Аткаруу барагы өндүртүп алуучуга берилет же болбосо анын суроосу боюнча сот тарабынан түздөн-түз аткарылышы үчүн жиберилет.

Соттун өкүмү боюнча мүлктү конфискациялоо, мамлекеттин доходуна акча суммаларын өндүрүү, кылмыш менен мамлекеттик, кооперативдик жана башка коомдук мүлккө келтирилген зыянды өндүрүү, алименттерди өндүрүү, майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүгө



ошондой эле багуучунун (кормилецтин) өлүшүн келтирүүгө байланыштуу зыянды өндүрүү, кызматкерди законсуз бошотууда же которуштурууда же болбосо ишине кайра орноштуруу жөнүндөгү соттун чечимин аткарбоодо, күнөөлүү кызмат адамдарынан акча суммаларын өндүрүү учурларында, сот өз демилгеси боюнча аткаруу барагын аткарыш үчүн жибере алат, бул жөнүндө тийиштүүлүгүнө жараша финансылык органга же өндүртүп алуучуга кабар берет.

(3-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 348-статья. Бир чечим боюнча бир нече аткаруу барактарын берүү

Ар бир чечим боюнча бир аткаруу барагы берилет. Бирок эгерде аткарылышы ар кайсы жерлерде жүргүзүлүшү тийиш болсо, же болбосо, эгерде чечим бир нече доогерлердин пайдасына же бир нече жоопкерлерге каршы чыгарылган болсо, сот өндүртүп алуучулардын суроосу боюнча, кайсы жерде (аткаруу ордун) же болбосо чечимдин кайсы бөлүгү ушул аткаруу барак боюнча аткарылууга жата тургандыгын так көрсөтүү менен бир нече аткаруу барактарын бере алат.

Ортоктош жоопкерлерден акча суммаларын өндүрүү жөнүндөгү өкүмдүн же чечимдин негизинде өндүртүп алуучунун суроосу боюнча, ортоктош жоопкерлердин саны боюнча бир нече аткаруу барактары берилиши мүмкүн. Ар бир аткаруу барагында өндүрүүнүн жалпы суммасы көрсөтүлүүгө жана жоопкерлердин бардыгы, алардын ортоктош жоопкерчилигин белгилөө менен жазылууга тийиш.

### 349-статья. Аткаруу барагынын мазмуну

Аткаруу барагында төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) аткаруу барагын берген соттун наамы;
2) кайсы иш боюнча аткаруу барактын берилгендиги;
3) чечимдин чыгарылган убагы;
4) чечимдин корутунду бөлүгү (сөзмө-сөз);
5) чечимдин закондуу күчүнө кирген убагы;
6) аткаруу барактын берилген убагы;
7) өндүртүп алуучунун жана карыздакордун наамы жана алардын адрестери.

Башка аткаруу документтердин мазмуну тийиштүү закон тарабынан белгиленет.

**350-статья. Аткаруу документинин дубликатын берүү**

Аткаруу барагы жоголгон учурда чечим чыгарган сот дубликатын бере алат. Дубликат берүү жөнүндөгү арыз ишке катышкан жактарды кабарлоо менен соттук заседанинде каралат, бирок алардын келбей калышы дубликат берүү жөнүндөгү маселени чечүүгө тоскоолдук боло албайт. Дубликат берүү жөнүндөгү маселени чечүүдө сот мотивделген аныктама чыгарат, ал аныктамага жай арыз берилиши же протест келтирилиши мүмкүн.

**351-статья. Аткаруу документтин жоготкондук үчүн жоопкерчилик**

Берилген аткаруу баракты же башка аткаруу документти жоготкондугу үчүн күнөөлүү болгон кызмат адамына сот аткаруучунун сунушу боюнча, эгерде кызмат адамынын аракети уголовный жоопкерчиликти түзбөсө, сот 10 сомго чейинки өлчөмдө штраф салууга акылуу

**352-статья. Аткаруу документтерин аткарууга берүүнүн мөөнөттөрү**

Иш боюнча соттун чечими, бул иште тараптардын ичинен бирөө гана граждании болуп калса, ал чечим закондуу күчүнө кирген учурдан тартып мажбур кылуу менен аткарылууга үч жыл ичинде, ал эми бардык башка иштер боюнча, эгерде закон тарабынан башка мөөнөттөр көрсөтүлбөсө,— бир жыл ичинде берилиши мүмкүн.

Ушул Кодекстин 345-статьясында айтылган башка токтомдорду жана чечимдерди аткарууга берүүнүн мөөнөттөрү тийиштүү закондор тарабынан аныкталат.

Мезгил-мезгили менен төлөөлөрдү өндүрүү жөнүндөгү чечимдер боюнча ушул статьянын биринчи бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөр ар бир төлөө үчүн өзүнчө колдонулат жана алардын (мөөнөттүн) өтүшү ар бир төлөөнүн мөөнөтү пайда болгон күндөн тартып эсептелет.

**353-статья. Аткаруу документин берүү үчүн эскирүү мөөнөтүнүн үзүлүшү.**

Аткаруу документин, эгерде закон тарабынан башкача каралбаган болсо, аткарууга берүү менен эскерүү мөөнөтү үзүлөт.

Эгерде иш боюнча тараптардын бирөө же экөө тең граждандар болсо, эскерүү мөөнөтү, ошондой эле чечим карыздакор тарабынан жарым-жартылай аткарылышы менен да үзүлөт.

Үзүлүштөн кийин эскирүүнүн жүрүшү (өтүшү) жаңыдан башталат, бирок буга чейин өтүп кеткен убакыт жаңы мөөнөткө кошуп эсептелбейт. Аткаруу документи кайтарылып берилген учурда, алар боюнча толук же жарым-жартылай өндүрүү жүргүзүлбөгөн болсо, документти аткарууга берүү үчүн жаңы мөөнөттү эсептөө ошол документ өндүртүп алуучуга кайтарылып берилген күндөн тартып башталат.

**354-статья. Аткаруу документин аткарууга берүү үчүн өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү**

Аткаруу барагын же нотариустун аткаруу надписин аткарууга берүү үчүн өткөрүлгөн мөөнөт жүйөлүү себептер боюнча болгон деп сот тарабынан табылса, эгерде закон тарабынан башкача белгиленбесе, өндүртүп алуучуларга өткөрүлүп жиберилген мөөнөтү калыбына келтирилиши мүмкүн.

Өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү арыз чечим чыгарган сотко же аткаруучу жердеги сотко берилет. Арыз соттук заседаниеде каралат. Ишке катышуучу жактар заседаниенин убагы жана орду жөнүндө кабарланышат. Бирок, алардын келбей калышы өткөрүлүп жиберилген мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү маселени чечүү үчүн тоскоолдук боло албайт.

Мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндөгү маселе боюнча соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**355-статья. Сот аткаруучулары**

Ушул Кодекстин 345-статьясында айтылган соттордун жана башка органдардын токтомдорун аткаруу райондук (шаардык) эл сотторунун алдында туруучу сот аткаруучулар тарабынан жүргүзүлөт.

Сот аткаруучу өзүнүн демилгеси боюнча чечимдин тезирээк жана реалдуу аткарылышына карата бардык закондуу чараларды колдонууга жана тараптарга, алардын укуктарын жана закондуу кызыкчылыктарын сактоого активдүү жардамдашууга милдеттүү.

Соттук чечимдердин туура жана өз убагында аткарылышы үчүн контроль эл судьясы тарабынан иш жүзүнө ашырылат.

**356-статья. Соттук чечимдерди аткарууда коомчулуктун катышуусу**

Соттук чечимдерди аткаруу стадиясында коомдук уюм-

дардын жана эмгекчилер коллективинин өкүлдөрүнө, эгерде алардын катышуусу мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктардан келип чыкса жана соттук чечимдердин тезирээк жана туурараак аткарылышына көмөк (жардам) келтириши мүмкүн болсо, алардын катышуусуна жол берилет.

Коомчулуктун өкүлдөрүнүн соттук чечимдеринин аткарылышына катышуусуна, качан алардын тийиштүү полномочиелери болгондо гана жол берилет.

Коомчулуктун өкүлдөрү аткаруу өндүрүшүнүн материалдары менен таанышууга жана сот аткаруучу тарабынан аткаруу аракеттерин жүргүзүп жатканда катышууга акылуу.

357-статья. **Сот аткаруучуну отвод кылуу**

Ушул Кодекстин 19-статьясынын 2,3-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер бар болгон кезде сот аткаруучу чечимдерди аткарууга катыша албайт.

Билдирилген отводду чечүү тартиби ушул Кодекстин 23-жана 24-статьялары тарабынан аныкталат. Сот аткаруучуну отвод кылууну отказ этүү жөнүндөгү соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот. Бирок арыздын же протесттин берилиши аткаруу аракеттерин жүргүзүүнү токтото албайт.

Сот аткаруучуну отвод кылган учурда, аткаруу барагы судьянын аныктамасы боюнча ошол эле соттун башка сот аткаруучусуна берилет, же башка эл сотуна жиберилет.

358-статья. **Сот аткаруучунун аракеттеринин жалпы шарттары**

Сот аткаруучу ушул Кодекстин 5-статьясында айтылган жактардын арызы боюнча соттун чечимин аткарууга киришет. Ушул Кодекстин 347-статьясынын үчүнчү бөлүгүндө каралган учурларда сот аткаруучу судьянын сунушу боюнча аткарууга киришет.

Чечимдерди аткаруу карыздакор жашаган же иштеген жердеги, же болбосо анын мүлкү турган жердеги, ал эми эгерде, карыздакор юридикалык жак болсо, анын органы же мүлкү турган жердеги сотто иштеген сот аткаруучу тарабынан жүргүзүлөт. Зарыл болгон учурларда, сот аткаруучу аткаруу аракеттерин өзү тейлебеген участокто да, бирок бир шаардын же райондун аймагында жүргүзө берет.

Эгерде карыздакор башка соттун территориясына кетип калса жана анын адреси сот аткаруучуга белгилүү болсо, эл соту аткаруу документин карыздакордун жашап турган жериндеги сотко жиберет, бул жөнүндө өндүртүп алуучуга кабар берет.



Кечиктирүүгө болбогон учурларда гана жана сот аткаруучу иштеп турган соттун эл судьясынын уруксаты менен жумушсуз күндөрдө чечимдерди аткарууга жол берилет.

Түнкү убакытта, башкача айтканда, жергиликтүү убакыт боюнча 22 сааттан тартып саат 6 га чейин чечимдерди аткарууга жол берилбейт.

Өндүртүп алуучу жана карыздакор чечимди аткаруу боюнча сот аткаруучу тарабынан аракеттер жүргүзүлгөндө катышып турууга жана чечимдин аткарылып жатышына байланыштуу зарыл болгон справкаларды соттон алып турууга укугу бар.

359-статья. **Карыздакорду издөө**

Качан гана алимент өндүрүү жөнүндөгү, майыптык же ден соолукка башка залал келтирүүдөн, ошондой эле багуучунун (кормилецтин) өлүшүнөн болгон зыянды төлөө жөнүндөгү иштер боюнча, карыздакордун турган жери белгисиз болсо, судья карыздакорду милиция органы аркылуу издөө жөнүндө аныктама чыгарат.

Качан гана граждандардан мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын пайдасына өндүрүүлөр жөнүндөгү чечимдерди аткарганда, карыздакордун турган жери белгисиз болсо, сот карыздакорду милиция органы аркылуу издөө жөнүндө аныктама чыгарат.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

360-статья. **Сот аткаруучунун талаптарынын милдеттүүлүгү**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык сот өндүрүшүнүн негиздеринин 55-статьясына ылайык СССРдин бүткүл территориясында соттук чечимдерди аткаруу боюнча сот аткаруучунун талаптары бардык мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар, кызмат адамдары жана граждандар үчүн милдеттүү.

Чечимдерди аткарууда сот аткаруучуга каршылык көрсөтүлгөн учурда, бул жөнүндө сот аткаруучу калыс адамдардын катышуусу менен акт түзөт жана тоскоолдуктарды

жоюу үчүн бийлик органдарына жардамга кайрылат. Сот аткаруучу жана калыс адамдар тарабынан кол коюлган акт, сот аткаруучуга каршылык көрсөткөн адамдарды жоопко тартуу жөнүндөгү маселени чечүү үчүн эл судьясына тапшырылат.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**361-статья. Аткарууга жаткан чечимди түшүндүрүү**

Аткарууга жаткан чечим түшүнүксүз болгон учурда, сот аткаруучу ишти карап чечкен соттон, чечимди түшүндүрүп берүү жөнүндө сурашка акылуу. Чечимди түшүндүрүү ушул Кодекстин 207-статьясында көрсөтүлгөн эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

**362-статья. Чечимдин аткарылышынын мөөнөтүн узартуу же бир нече мөөнөткө бөлүү, чечимдин аткарылышынын жолун жана тартибин өзгөртүү**

Чечимдин аткарылышына кыйынчылык келтире турган же мүмкүндүк бербей турган жагдайлар болгондо, сот аткаруучу иш боюнча чечим чыгарган эл сотунун алдына чечимдин аткарылышынын мөөнөтүн узартуу же бир нече мөөнөткө бөлүү жөнүндө, ошондой эле чечимдин аткарылышынын жолун жана тартибин өзгөртүү жөнүндө маселе коюуга акылуу. Сот аткаруучунун мындай билдирүүсү ушул Кодекстин 208-статьясында белгиленген тартипте каралат.

**363-статья. Чечимди ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунуш**

Сот аткаруучу чечимди аткарууга киришүү менен чечимди ыктыярдуу аткаруу жөнүндө карыздакорго сунуш жиберет. Ыктыярдуу аткаруу үчүн беш күндөн ашпаган мөөнөт белгиленет. Эмгек акыны өндүрүү жөнүндөгү соттук чечимди ыктыярдуу аткаруу үчүн мөөнөт үч күндөн ашпоо керек. Граждандарды турак жайынан чыгаруу үчүн он күн мөөнөт белгиленет.

Сунуш карыздакорго ушул Кодекстин 10-главасында белгиленген эрежелер боюнча жеткирилет жана тапшырылат. Зарыл болгон учурларда сунушту тапшыруу менен катар сот аткаруучу карыздакордун мүлкүнө арест сала алат.

Мамлекеттик, кооперативдик жана коомдук мүлккө кылмыштан келтирилген зыянды калыбына келтирүү үчүн суммаларды өндүрүү кезинде, сот аткаруучу ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунуш келтирүү менен бирге, карыздакордун мүлкүнө арест салышы керек, ал эми зарыл болгон учурларда ал мүлктү алып коюшу тийиш.

Карыздакордун анык турган жери белгисиз болгон кезде, өндүртүп алуучу карыздакордун мүлкү турган жердеги соттон өкүл дайындоо жөнүндө сурай алат, анда ошол өкүлгө ыктыярдуу аткаруу жөнүндө сунуш тапшырылат.



**364-статья. Чечимди мажбурлоо түрүндө аткаруу**

Соттун чечимин мажбурлоо түрүндө аткаруу ушул Кодекстин 363-статьясына ылайык сот аткаруучу тарабынан карыздакорго ыктыярдуу аткаруу үчүн берилген мөөнөт өткөндөн кийин жүргүзүлөт.

**365-статья. Мажбурлоо түрүндө аткаруунун чаралары**

Мажбурлоо түрүндө аткаруунун чаралары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) өндүрүүнү карыздакордун мүлкүнө арест салуу жана сатуу жолу менен жүргүзүү;

2) өндүрүүнү карыздакордун эмгек акысына, пенсиясына, стипендиясына жана башка түрдөгү доходдоруна жүргүзүү;

3) өндүрүүнү карыздакордун башка бир жактарда болгон акча суммаларына жана мүлкүнө жүргүзүү;

4) соттун чечиминде көрсөтүлгөн белгилүү мүлк-заттарды карыздакордон алып алып өндүртүп алуучуга берүү;

5) законго ылайык чечимде көрсөтүлгөн башка чаралар.

**366-статья. Аткаруу өндүрүшүн токтото турууга судьянын милдети**

Судья төмөнкү учурларда аткаруу өндүрүшүн токтото турууга милдеттүү:

1) эгерде сот тарабынан аныкталган укук мамилеси укук кабыл алуучулукка жол бере турган болуп, карыздакор өлүп калса;

2) карыздакор аракет жөндөмдүүлүгүн жоготсо;

3) карыздакор СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн аракеттери бөлүгүндө жүрүп жаткан болсо жана СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн аракеттеги бөлүгүндө жүрүп жаткан өндүртүп алуучунун суроосу болсо;

4) мүлктү арესттен бошотуу жөнүндө доо келтирилсе;

5) эгерде талашууга закон тарабынан жол берилип,

аткаруу документинин тууралыгы карыздакор тарабынан соттук тартипте талашылып жатса;

6) административдик органдардын аракеттерине карата арыздар берилсе (ушул Кодекстин 239-статьясы);

7) закон тарабынан чечимдин аткарылышын токтото турууга укук берилген кызмат адамдарынын токтому боюнча.

**367-статья. Аткаруу өндүрүшүн токтото турууга судьянын укугу**

Судья төмөнкү учурларда аткаруу өндүрүшүн токтотуп тура алат:

1) карыздакор болгон юридикалык жак мындан ары жоюлган болсо;

2) СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн составында чыныгы мөөнөттү аскер кызматын аткарып жүргөн же кандайдыр бир мамлекеттик милдетти аткаруу үчүн чакырылган карыздакордун суроосу болсо;

3) карыздакор узакка созулган командировкада болсо;

4) карыздакор дарылануу мекемесинде болсо;

5) сот аткаруучунун аракетине арыздануу берилсе;

6) ушул Кодекстин 359-статьясында көрсөтүлгөн учурларда карыздакорго издөө жарыяланса.

**368-статья. Аткаруу өндүрүшүн токтото туруунун мөөнөттөрү**

Аткаруу өндүрүшү төмөнкүдөй мөөнөттөргө токтотулуп турулат:

1) ушул Кодекстин 366-статьясынын 1-жана 2-пункттарында жана 367-статьясынын 1-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда,— карыздакордун укук мамилесин кабыл алуучусун аныктаганга же аракет жөндөмдүүлүгүн жоготкон карыздакорго өкүл дайындаганга чейин;

2) ушул Кодекстин 366-статьясынын 3-пунктунда, 367-статьясынын 2, 3, 4, жана 6-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда,— СССРдин Куралдуу Күчтөрүнүн составында өндүртүп алуучунун же карыздакордун жүргөн убагы бүткөнгө чейин, мамлекеттик милдетти карыздакор тарабынан аткарып бүткөнгө чейин, кызматтык командировкадан кайтканга, дарылануу мекемесинен чыкканга чейин же карыздакорду издеп тапканга чейин;

3) ушул Кодекстин 366-статьясынын 4,5 жана 6-пункттарында, 367-статьянын 5-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда,— соттун чечиминин же аныктамасынын законду күчүнө киргенге чейин;



4) ушул Кодекстин 366-статьясынын 7-пунктунда көрсөтүлгөн учурда,— надзор иретиндеги өндүрүштүн бүтүшүнө чейин же токтотуп турууну бузуу жөнүндөгү тийиштүү кызмат адамынын буйругуна чейин.

Өндүртүп алуучунун арызы боюнча же судьянын демилгеси боюнча токтотуп турууну талап кылган жагдайлардын жоюлушунан кийин аткаруу өндүрүшү кайра жаныртылат.

**369-статья. Аткаруу өндүрүшүн кыскартуу**

Аткаруу өндүрүшү төмөнкү учурларда кыскартылат:

1) эгерде өндүртүп алуучу өндүрүүдөн отказ кылса;

2) эгерде өндүртүп алуучу менен карыздакор тынышуу келишимин түзүшсө;

3) эгерде өндүртүп алуучу же карыздакор болгон граждашин өлгөндөн кийин, чечим тарабынан аныкталган талаптар же милдеттер, ал өлгөн адамдын укук мамилесин кабыл алуучусуна өтүүгө жол берилбесе;

4) эгерде ушул түрдөгү өндүрүү үчүн закон тарабынан белгиленген эскирүү мөөнөтү өтүп кетсе;

5) эгерде аткаруу документи чечимдин же токтомдун негизинде берилген болуп, ал чечим же токтом бузулса.

Өндүртүп алуучу өндүрүүдөн отказ кылган кезде жана өндүртүп алуучу менен карыздакордун ортосунда тынышуу келишими түзүлгөн кезде, тиешесине жараша ушул Кодекстин 166-статьясында көрсөтүлгөн эрежелер колдонулат.

Аткаруу өндүрүшү кыскартылган учурларда сот аткаруучу тарабынан аткаруу боюнча колдонулган бардык чаралар бузулууга (алынып ташталууга) жатат. Кыскартылган аткаруу өндүрүшү кайра башталууга болбойт.

**370-статья. Өндүртүп алуучуга аткаруу документтерин кайтарып берүү**

Өндүрүү жүргүзүлбөгөн же толук эмес жүргүзүлгөн аткаруу документи төмөнкү учурларда өндүртүп алуучуга кайтарылып жиберилет:

1) өндүртүп алуучунун арызы боюнча;

2) эгерде өндүрүүнү жүргүзүүгө боло турган карыздакордун мүлкү же доходдору жок болсо;

3) эгерде өндүртүп алуучу, чечимди аткаруу убагында сатылбай калган карыздакордун мүлкүн өзүндө калтырууну (ушул Кодекстин 387-жана 393-статьялары), же карыздакордон алынып алынган соттун чечиминде көрсөтүлгөн мүлк-заттарды алууну отказ кылса;

4) эгерде ушул Кодекстин 359-статьясында көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, өндүртүп алуучу көрсөткөн адрес боюнча карыздакор жашабаса же иштебесе, же болбосо анын мүлкү болбосо.

Ушул статьянын 2, 3-жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн учурларда, сот аткаруучу тийиштүү акт түзөт, ал акт текшерилип жана эл судьясынын аныктамасы менен бекитилет.

Өндүртүп алуучуга аткаруу документин кайтарып жиберүү, ошол документти, закон тарабынан белгиленген мөөнөттүн чегинде, жаңыдан кайра аткаруу үчүн келтирүүгө (берүүгө) тоскоолдук болбойт.

**371-статья. Аткаруу өндүрүшүн токтото туруу же кыскартуу жана аткаруу документин өндүртүп алуучуга кайтарып жиберүү жөнүндөгү маселелерди кароо**

Аткаруу өндүрүшүн токтото туруу, аткаруу өндүрүшүн кыскартуу, аткаруу документин өндүртүп алуучуга кайтарып жиберүү жөнүндөгү маселелер, сот аткаруучу иште турган соттун судьясы тарабынан ишке катышкан жактарды кабарлоо менен каралат. Бирок бул жактардын келбей калышы айтылган маселелерди чечүү үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Аткаруу өндүрүшүн токтото туруу, аткаруу өндүрүшүн кыскартуу, аткаруу документин өндүртүп алуучуга кайтарып жиберүү жөнүндөгү судьянын аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**372-статья. Чечимди аткаруу боюнча расходдор**

Чечимди аткаруу кезинде карыздакордун мүлкүн сактоого жана ташууга, мүлктү сатык аркылуу (тоорук) сатуу жөнүндө жарыялоого, эксперттерге акы төлөөгө, сот аткаруучунун аткаруу жүргүзгөн жерге баргандагы жол расходду төлөөгө зарыл болгон расходдор сот аткаруучу иште турган соттун сметасы боюнча жүргүзүлөт.

Бул расходдор карыздакордон мамлекеттин пайдасына эл судьясынын аныктамасы боюнча өндүрүлөт. Мындай аныктамага жай арыз берилүүгө же протест келтирүүгө болот.



## 39-ГЛАВА
## ГРАЖДАНДАРГА КАРАТА БОЛГОН ЧЕЧИМДЕРДИ АТКАРУУ

**373-статья. Өндүрүүнү карыздакордун мүлкүнө жүргүзүү**

Граждандардан өндүрүү карыздакордун өздүк мүлкүнө, ошондой эле жалпы менчиктеги, эрди-катындын биргелешкен менчигиндеги, ошого барабар колхоздук короодогу айыл чарбасында жекече эмгектенген граждандардын чарбасындагы мүлктөгү анын үлүшүнө жүргүзүлөт.

Кылмыш тарабынан келтирилген зыянды калыбына келтирүү үчүн өндүрүүнү, эгерде уголовный иш боюнча соттун өкүмү менен, бул мүлктүн кылмыш жолу менен табылган каражатка алынгандыгы аныкталса, ошондой эле эрди-катындын биргелешкен менчигиндеги мүлккө жана колхоздук короонун, же айыл чарбасында жекече эмгектенген граждандардын чарбасындагы мүлкүнө жүргүзүүгө болот.

Карыздакордун мүлкү өндүрүлүүгө жаткан сумманы төлөө үчүн жетишсиз болгон кезде, карыздакордун колхоздук же жеке дыйкандык короодогу мүлктөгү үлүшүн аныктоо, сот аткаруучунун сунушу боюнча, карыздакорду жана кызыкчылыгы бар жактарды кабарлоо менен, сот тарабынан жүргүзүлөт.

Короодогу мүлктөгү карыздакордун үлүшү жөнүндөгү маселе боюнча соттун аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

Колхоздук же жеке дыйкан короосунун милдеттенмелери боюнча карызды өндүрүү короонун мүлкүнө жүргүзүлөт.

Эгерде өндүрүүнүн өлчөмү закон боюнча өндүрүү жүргүзүүгө жол берилген бир айлык эмгек акынын же башка эмгек акынын, пенсиянын же стипендиянын үлүшүнөн ашпаса, карыздакордун мүлкүнөн өндүрүүнү жүргүзүүгө болбойт.

(1,2-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**374-статья. Өндүрүүнү жүргүзүүгө болбогон мүлк**

Граждандарга карата болгон чечимдерди аткаруу кезинде, карыздакор жана анын иждивенесиндеги адамдар үчүн зарыл болгон тамак-аш продуктыларына, кийимдерине, үй-турмуштук жасалга жана эмеректерине, зарыл бол-

гон сандагы мал жана үй канаттууларына, ошондой эле ушул Кодексте берилген № 1 тиркемедеги тизмеге ылайык башка мүлктөргө өндүрүүнү жүргүзүүгө болбойт.

**375-с т а т ь я. Карыздакордун мүлкүнө арест салуу**

Карыздакордун мүлкүнө арест салуу мүлктү каттоону жүргүзүүдө жана ал мүлктү башкарууга тыюу салууну жарыялоодо турат (болот).

**376-с т а т ь я. Карыздакордун мүлкүн каттоо**

Сот аткаруучу өндүртүп алуучуга кесилип берилген сумманы жана аткаруу боюнча расходдорду төлөөнү камсыз кыла турган суммага жараша карыздакордун мүлкүн каттоону жүргүзөт. Каттоо жүргүзүлгөн мүлк-заттарды сот аткаруучу печаттап кое алат.

Карыздакордун мүлкүн каттоо карыздакордун жана калыс адамдардын катышуусунда жүргүзүлөт. Карыздакор жок болгон учурда, мүлктү каттоо анын үй-бүлөсүнүн жашка жеткен мүчөлөрүнүн кимдир бирөөнүн катышуусу менен, ал эми бул адамдар жок болсо — үй башкармасынын, эл депутаттарынын поселкалык же айылдык Советинин аткаруу комитеттеринин уполномочендеринин катышуусу менен жүргүзүлөт.

Мүлктү каттоо убагында карыздакор сот аткаруучуга, кайсы мүлк-заттарга биринчи кезекте өндүрүүнү жүргүзүү боло тургандыгын айтууга укуктуу. Эгерде ал чечимди аткарууга тоскоолдук кылбаса, сот аткаруучу мындай билдирүүнү (арызды) канааттандырууга милдеттүү.

Мүлктү башкарууга болбой тургандыгы жөнүндө сот аткаруучу тарабынан жарыялангандан кийин, ал катталган мүлккө арест салынган болуп эсептелет.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**377-с т а т ь я. Мүлккө арест салуу жөнүндөгү актынын мазмуну**

Мүлккө арест салуу жөнүндөгү актыда төмөнкүлөр көрсөтүлүшү тийиш:

1) актынын түзүлгөн убагы жана орду;
2) акт түзүүчү сот аткаруучунун, ошондой эле акт түзүлгөн убакта катышкан адамдардын ааамы;
3) соттун жана аткарылып жаткан чечимдин наамы;
4) өндүртүп алуучунун жана карыздакордун наамы;
5) актыга киргизилген ар бир мүлк-заттын аты, анын өзгөчө белгилери (салмагы, метри, пайдаланылган даражасы жана ошого окшогондор), ар бир мүлк-заттын өзүнчө бөлөк бааланышы жана бардык мүлктүн наркы;
6) эгерде жүргүзүлгөн болсо, мүлк-заттардын печатталышы;
7) эгерде мүлктү сактоо карыздакордун өзүнө жүктөлбөгөн болсо, мүлктү сактоого берилген жактын (адамдын) наамы жана анын адреси;
8) сот аткаруучунун аракеттерине арызданууунун тартибин жана мөөнөтүн карыздакорго, жана башка жактарга (адамдарга) түшүндүрүү жөнүндө, ошондой эле карыздакорго же мүлктү сактап туруучуга мүлктү сактоо боюнча алардын милдеттери жана сактоого берилген мүлктү растрата кылгандыгы, башкаларга бергендиги же жаап-жашыргандыгы үчүн жоопкерчилиги тууралу түшүндүрүү жөнүндө белги кылуу;
9) өндүртүп алуучунун, карыздакордун, каттоо жүргүзгөн убакта катышкан адамдардын пикирлери (замечаниелери) жана арыздары, алар боюнча сот аткаруучунун буйруктары.

Мүлккө арест салуу жөнүндөгү актыга сот аткаруучу, өндүртүп алуучу, карыздакор, мүлктү сактоочу жана ал актыны түзгөн кезде катышкан башка адамдар тарабынан кол коюлат.

**378-с т а т ь я. Мүлктү каттоонун актыларын карыздакорго, катталган мүлктү сактоочуга жана финансалык органга тапшыруу**

Мүлктү каттоонун актысынын копиялары карыздакорго жана катталган мүлктү сактоочуга берилет. Эгерде мүлктү каттоо соттун өкүмүнүн мүлктү конфискациялоодогу бөлүгүнүн негизинде, же болбосо мүлктү мамлекетке өткөрүп берүү жөнүндөгү чечимдин негизинде жүргүзүлсө, каттоо актысы ошондой эле тийиштүү финансалык органга жиберилет.

**379-с т а т ь я. Карыздакордун мүлкүн баалоо**

Карыздакордун мүлкүн баалоо пайдаланылган даражасын эске алуу менен мамлекеттик жана кооперативдик соодасын баалары боюнча сот аткаруучу тарабынан жүргүзүлөт. Каттоого киргизилген айыл чарба продукциясы, мал жана канаттуулар базар баасына ылайыктуу бааланышат.

Айрым мүлк-заттарды баалоодо кыйындыктар болгон учурда, ошондой эле эгерде, карыздакор же өндүртүп алуучу сот аткаруучу тарабынан жүргүзүлгөн баалоого

каршы чыкса, сот аткаруучу мүлктүн наркын аныктоо үчүн экспертти чакырат.

380-статья. Мүлктү сактоо

Карыздакордун мүлкү карыздакорго, өндүртүп алуучуга же сот аткаруучу тарабынан дайындалган башка адамдарга (жактарга) расписка аркылуу сактоого өткөрүлүп берилет.

Эгерде сактоочу карыздакор же анын үй-бүлөсүнүн мүчөсү болбосо, сактоо үчүн, белгиленген таксы боюнча акы алат. Мындан тышкары, ошол мүлктү пайдалангандыгынан чыныгы алган пайданы алып таштоо менен, мүлктү сактоо боюнча жумшалган чыныгы расходдору ага төлөнүп берилет.

Эгерде мүлктүн сапаты боюнча андан пайдалануу мүлктү жок кылууга же анын баалуулугун төмөндөтүүгө алып келбесе мүлктү сактоочу аны пайдалана алат.

381-статья. Карыздакордон алып алынган баалуулуктарды сактоо

Карыздакордон алынган валюталык баалуулуктар, алтындан, күмүштөн, платинадан жана платина группасындагы металлдардан, кымбат баалуу таштардан жана берметтен жасалган ювелирдик жана башка тиричилик буюмдары, ошондой эле мындай буюмдардын сыныктары сот аткаруучу тарабынан СССРдин Мамлекеттик банкынын мекемелерине сактоого тапшырылат.

Карыздакордон мамлекеттик заемдордун облигациялары алып алынат жана сот аткаруучу тарабынан жакын арадагы мамлекеттик эмгек сактык кассасына тапшырылат.

Өндүртүп алуучуга сот кесип берген сумманы жана аткаруу боюнча расходдорду төлөө үчүн зарыл болгон карыздакордон табылган акча суммалары карыздакордон алып алынат жана сот аткаруучу тарабынан, ал иштеген эл сотунун депозиттик счетуна төгүлөт.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

382-статья. Мүлктү сактоочунун жоопкерчилиги

Сактоого берилген мүлктү растрата кылган, берип жиберген (ар кандай жол менен) же жаап-жашырган учурда, зыян үчүн мүлктүк жоопкерчиликтен тышкары, сактоочу Кыргыз ССРнин Уголовный кодексинин 196-статьясы боюнча уголовный жоопкерчиликке жатат.



383-статья. Турак-жай курулуштарына арест салуу

Турак-жай курулушуна өндүрүүнү жүргүзгөн кезде сот аткаруучу курулуштун карыздакорго тииштүүлүгүн, курулуштун чыныгы-анык наркын, курулушка арест салынгандыгын жана курулуштун кандай салыктары бардыгын аныктайт.

Курулуштун карыздакорго тииштүүлүгүн аныктап билип алып сот аткаруучу, өндүрүүнүн өлчөмүнө жараша, курулушту бүт бойдон же анын бөлүгүн каттоого киргизет, ага арест салат жана арестти регистрациялоо жөнүндө эл депутаттарынын жергиликтүү Советинин аткаруу комитетине сунуш жиберет, ошондой эле бул жөнүндө курулуш турган жер боюнча нотариалдык конторага кабар берет.

Залог салынган курулушка арест салынгандыгы жөнүндө сот аткаруучу залогду кармап туруучуга токтоосуз түрдө кабарлайт.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

384-статья. Арест салынган мүлктү сатуу

Арест салынган карыздакордун мүлкүн сатуу, арест салуунун негизине жана мүлктүн түрлөрүнө жараша, сот аткаруучу, соода уюмдары, финансалык органдар жана кредиттик мекемелер тарабынан жүргүзүлөт.

385-статья. Мамлекетке берилүүчү мүлктү сатуу

Уголовный иш боюнча соттун өкүмүнүн мүлктү конфискациялоодогу бөлүгүнүн негизинде же болбосо мүлктү мамлекетке өткөрүп берүү жөнүндөгү чечимдин негизинде арест салынган карыздакордун мүлкү закон тарабынан белгиленген тартипте финансалык органдар аркылуу сатылат.

386-статья. Баалуулуктарды сатуу

Карыздакордон алынган жана СССРдин Мамлекеттик банкынын мекемелерине сактоого берилген валюталык баалуулуктар, алтындан, күмүштөн, платинадан жана платина группасындагы металлдардан, кымбат баалуу таштардан жана берметтен жасалган ювелирдик жана башка тиричилик буюмдары, ошондой эле мындай буюмдардын сыныктары бул баалуулуктар өткөрүлүп берилген СССРдин Мамлекеттик банкы же мамлекеттик ишкана, мекеме же уюм тарабынан, белгиленген баалар боюнча төлөнөт. Мамлекеттик заемдордун облигациялары мамлекеттик эмгек сактык кассалары тарабынан төлөнөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**387-статья. Комиссиялык негизде сатуу жолу менен мүлктү сатуу**

Ушул Кодекстин 385, 386 жана 388-статьяларында айтылган мүлктөн тышкары арест салынган мүлктү сатуу, мамлекеттик жана кооперативдик соода уюмдары аркылуу комиссиялык негизде сатуу жолу менен жүргүзүлөт.

Арест салынган мүлктү сатуу, анын турган жеринде жүргүзүлөт. Сатуу максатында мүлктү башка шаарга же районго ташып барууга, өндүртүп алуучу менен карыздакордун өз ара келишүүсү (макулдугу) боюнча жана алардын эсебинен жүргүзүүгө гана жол берилет.

Арест салынган мүлктү алып алуу жана аны сатуу үчүн өткөрүп берүү сот аткаруучу тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде, бирок арест салынгандан кийин беш күн өткөндөн кийин жана бир айдан кечиктирилбестен жүргүзүлөт. Ушул мөөнөт келип жеткенге чейин сот аткаруучунун контролу астында карыздакор, арест салуу жөнүндөгү актиде көрсөтүлгөн баадан төмөн болбогон баада мүлктү өзү сатып жиберүүгө акылуу.

Тез бузулууга жаткан продуктылар жана башка буюмдар сатуу үчүн токтоосуз алып алынат жана өткөрүлүп берилет.

Соода уюмдары тарабынан, аларга берилген карыздакордун мүлкүн сатуудан алынган суммалар сатуу күнүнөн тартып үч күн ичинде эл сотунун депозиттик счетуна төгүлөт. Сатуудан алган суммалардан соода уюмдары, закон тарабынан белгиленген өлчөмдө өздөрүнүн пайдасына комиссиялык акы кармап калышат.

Соода уюмдарында өткөрүлүп берилген күндөн тартып бир ай ичинде сатылбаган карыздакордун мүлкү, аны өзүнө калтырууну өндүртүп алуучу отказ кылган учурда өндүртүп алуучунун, карыздакордун же соода уюмунун талабы боюнча кайра бааланылышы мүмкүн. Кайра баалоо соода уюмунун уполномоченнинин катышуусу менен сот аткаруучу тарабынан жүргүзүлөт. Кайра баалоонун убактысы жана орду жөнүндө өндүртүп алуучу жана карыздакор кабарланышат, бирок алардын келбей калышы кайра баалоо жөнүндөгү маселени чечүү үчүн тоскоолдук боло албайт. Мындай учурда, өндүртүп алуучу жана карыздакор мүлккө жүргүзүлгөн кайра баалоо жөнүндө кабарланышат.

Эгерде мүлк ага кайра баа коюлгандан кийин эки ай



ичинде сатылбаса, өндүртүп алуучуга ошол мүлктү кайра бааланган суммада өзүнө калтырып калууга укук берилет. Өндүртүп алуучу мүлктөн отказ кылган учурда, ал карыздакорго кайтарылып берилет, ал эми аткаруу барагы болсо, эгерде өндүрүүнү жүргүзө турган карыздакордо башка мүлк же доход жок болсо, өндүртүп алуучуга кайтарылып берилет.

**388-статья. Турак-жай курулуштарын эл алдындагы сатыкта сатуу**

Карыздакорго тийиштүү болгон өндүрүү жүргүзүлгөн анын турак-жай курулушун сатуу, ушул Кодекстин 387-статьясында көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө эл алдында сатык (тоорук) жолу менен жүргүзүлөт.

**389-статья. Боло турган сатык жөнүндө кабар берүү**

Боло турган сатык жөнүндө, кеминде сатыкка он күн калганга чейин, сот аткаруучу жергиликтүү газетада билдирүү жарыялоо жолу менен, ошондой эле сатылууга жаткан курулуштун турган жеринде жана эл сотунда кулактандыруу илүү аркылуу кабар берет.

Билдирүү жарыялоодо жана кулактандырууларда, кандай курулуш сатыла тургандыгы, анын кимге тийиштүүлүгү, курулуштун канчага бааланганды (наркы), сатык кайсы жерде жана качан жүргүзүлө тургандыгы көрсөтүлүшү тийиш.

Залогго салынган курулуштун сатык жолу менен сатыла турган убакыты жана орду жөнүндө сот аткаруучу залог кармоочуну кабарлайт.

**390-статья. Сатыкка катышууга укугу жок жактар**

Сатыкка катышууга мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, кооперативдик уюмдар (колхоздордон тышкары), алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар, ошондой эле мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун жергиликтүү органдарынын, соттун, прокуратуранын, милициянын кызмат адамдарынын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүнүн, ошондой эле адвокаттардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн мүчөлөрүнүн укугу жок.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**391-статья. Сатыкты жүргүзүүнүн тартиби**

Сатыкка катышууну каалаган жактар аларга курулуп

алууга Кыргыз ССРинин Граждандык кодекси тарабынан каралган тосколдуктар жок экендиги жөнүндө подписка берүүгө жана да курулуштун баасынын он процентин сот аткаруучуга төгүп берүүгө милдеттүү.

Курулушту сатык аркылуу сатып алган жак тарабынан төгүлгөн сумма, сатып алуу баасынын эсебине кошулуп эсептелет. Сатыктын башка катышуучуларына, алар тарабынан алдын ала төгүлгөн суммалары сатык бүткөндөн кийин токтоосуз кайтарылат.

Сатык кылуу сатылып жаткан курулуштун арест салуу жөнүндө актиде көрсөтүлгөн баасынан тартып башталат. Сатыкта ким жогору баа сунуш кылса, ошол жакка курулуш сатылган болуп саналат.

Сатып алуучу сатык бүткөндөн кийин беш күндүн ичинде, сатык алдында төгүп берген суммасы кошуп эсептөө менен, ал тарабынан сатылып алынган курулуштун суммасын толук төгүп берүүгө милдеттүү.

Курулушту сатып алуучу тарабынан андан тийиш болгон бардык сумма белгиленген мөөнөттө төгүлбөгөн болсо, сатык алдында төгүлгөн сумма ага кайтарылып берилбейт жана мамлекеттин доходуна өтөт. Эгерде сатып алуучунун сатыкка катышууга укугу жок экендиги аныкталган учурда да, бул сумма мамлекеттин доходуна өтөт.

Курулушту сатып алуучу тарабынан андан тийиш болгон бардык сумма төлөнгөндөн кийин, сатып алуучуга сот аткаруучу болуп өткөн сатык жөнүндөгү актынын копиясын берет.

**392-статья. Сатыктын болбой калышын жарыялоо**

Сатык болбой калды деп сот аткаруучу төмөндөгүдөй учурларда жарыялайт:

1) эгерде сатыкка экиден кем сатып алуучулар келсе;

2) эгерде курулуштун алгачкы баасына карата келгендердин ичинен эч ким кошумча жасабаса;

3) эгерде сатып алуучу ал тарабынан сатылып алынган курулуштун толук суммасын беш күндүн ичинде төгүп бербесе.

**393-статья. Сатыктын болбой калышын жарыялоонун натыйжалары**

Сатыктын болбой калышын жарыялаган учурда өндүртүп алуучуга алгачкы баа менен курулушту өзүнчө калтырууга укук берилет.

Эгерде мындай суроо-арыз келип түшпөсө, сатыктын болбой калышын жарыялагандан тартып он күн өткөндөн кийин гана (андан эрте эмес) сот аткаруучу экинчи сатыкты дайындайт. Экинчи сатык, биринчи сатык үчүн белгиленген эрежелерди сактоо менен жарыяланат жана жүргүзүлөт, бирок жаңы баалоо менен же биринчи сунуш кылынган суммасынан башталат.

Экинчи сатыктын болбой калышын жарыялаган жана өндүртүп алуучу сатылып жаткан курулушту өзүнө калтырууну отказ кылган учурда, курулуштан арест алынып ташталат.

**394-статья. Сатыкты анык эмес деп табуу**

Эгерде сатык белгиленген эрежелерди бузуу менен жүргүзүлсө, эгерде сатыкка катышууга укугу жок жакка курулуш сатылган болсо, ошондой эле сот аткаруучу, өндүртүп алуучу же сатып алуучу тарабынан кыянатчылык келтирилсе, сатык жүргүзүлгөн күндөн тартып үч жыл ичинде сатык сот тарабынан анык эмес деп табылышы мүмкүн. Эгерде сатып алуучунун кыянатчылык келтирген аракети кылмыш болуп эсептелсе, айыптоо өкүмүн аткаруу үчүн закон менен белгиленген мөөнөт ичинде сатык сот тарабынан анык эмес деп табылышы мүмкүн. (Кыргыз ССРинин Уголовный кодексинин 44-статьясы).

Сатыкты анык эмес деп табуу жөнүндөгү аныктамага жай арыз берилиши же протест келтирилиши мүмкүн.

**395-статья. Өндүрүүнү карыздакордун эмгек акысына жүргүзүү**

Ушул Кодекстин 373-статьясынын 6-бөлүгүндө көрсөтүлгөн учурларда мезгил-мезгили менен жана башка төлөөлөрдү өндүрүү жөнүндөгү чечимди аткарган кезде, өндүрүү карыздакордун эмгек акысына жүргүзүлөт.

Карыздакордун мүлкү жок болгон же өндүрүлүүгө жаткан сумманы толук төлөө үчүн мүлкү жетишпеген кезде, өндүрүү ошондой эле карыздакордун эмгек акысына жүргүзүлөт.

**396-статья. Карыздакордун эмгек акысы жөнүндө маалыматтар**

Мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар ошондой эле граждандар сот аткаруучунун талабы боюнча жана ал тарабынан белгиленген мөөнөттө карыздакордун аларда иште тургандыгы жана бардык түрдөгү бир жолу берүүлөрдү кошуп анык бир айдагы эмгек акысынын суммасы канча экендиги жөнүндө

кабар берүүгө милдеттүү. Ушундай эле тартипте сот аткаруучу карыздакорго автордук укукту, ачуунун жана ойлоп чыгаруунун укугунан жана рационализатордук сунуштардан пайдалангандык үчүн ага берилүүгө жаткан акы жөнүндө маалыматтарды суратып алат.

Балдарга алименттер өндүрүү жөнүндөгү иш боюнча карыздакор иштеген жерин же турган ордун өзгөрткөндүгү, ошондой эле кошумча иштеп табуусу (совместителдик боюнча жана башка иштеп табуусу) жөнүндө сот аткаруучусуна үч күндүк мөөнөттүн ичинде билдирүүгө милдеттүү.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1968-жыл 3-июлдагы жана 1981-жыл 22-апрелдеги Указдарынын редакциясында).

**397-статья. Карыздакордун эмгек акысынан жана башка түрдөгү доходдорунан кармап калуунун өлчөмүн эсептөө**

Эмгек акысынан жана ага теңелген башка төлөөлөрдөн жана берүүлөрдөн кармап калуунун өлчөмү, карыздакор эмгек акысы боюнча төлөй турган налогдорду алып таштагандан кийин, карыздакорго начисление кылынган (берилүүгө жаткан) суммадан эсептелет.

**398-статья. Карыздакордун эмгек акысынан жана башка түрдөгү доходдорунан кармап калуунун өлчөмү**

Карыздакордун ай сайын алган эмгек акысынын жана ага теңелген башка төлөөлөрдүн жана берүүлөрдүн суммасынан, өндүрүүгө жаткан сумманы толук төлөөгө чейин, аткаруу барактары боюнча кармап калуу төмөнкүдөй болушу мүмкүн:

1) алимент, майыптык же ден соолукка башка залал, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүгө байланыштуу зыянды калыбына келтирүүнү жана мамлекеттик, кооперативдик, коомдук же өздүк мүлккө кылмыш тарабынан келтирилген зыянды калыбына келтирүүнү өндүрүүдө — элүү процент;

2) өндүрүүлөрдүн баардык башка түрлөрү боюнча, эгерде закон тарабынан башкача каралбаган болсо — жыйырма процент.

Эмгек акысына бир нече аткаруу документтери боюнча өндүрүүнү жүргүзгөндө, ар дайым (жок дегенде) жумушчуга жана кызматчыга эмгек акынын элүү процентин сакталышы тийиш.



**399-статья. Түзөтүү жумуштарын өтөп жаткан карыздакордун эмгек акысына өндүрүүнү жүргүзүү**

Соттун өкүмү боюнча түзөтүү жумуштарын эркинен ажыратылбастан өтөп жаткан карыздакордун эмгек акысынан өндүрүү, өкүм боюнча жүргүзүлүп жаткан кармап калууну эсепке албастан ушул Кодекстин 397-жана 398-статьяларында айтылган эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**400-статья. Карыздакордун эмгек акысынан тышкары башка доходдоруна өндүрүүнү жүргүзүү.**

Эмгек акысына өндүрүүнү жүргүзүү эрежелери, ошондой эле карыздакорго берилүүгө тийиш болгон төмөндөгүлөрдөн да өндүрүүнү жүргүзгөндө колдонулат:

1) колхоздогу эмгеги үчүн доходуна;

2) автор тарабынан өзүнүн автордук укугун, автордук күбөлүк берилген ачуунун жана ойлоп чыгаруунун укугунан пайдалангандык жана рационализатордук сунуш үчүн автордук акыга;

3) окуучулардын стипендияларына;

4) майыптык же ден соолукка башка залал, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүгө байланыштуу зыянды калыбына келтирүүнүн суммаларына.

Пенсияга өндүрүүнү жүргүзүү пенсиялар жөнүндөгү законго ылайык жүргүзүлөт.

**401-статья. Социалдык камсыздандыруу боюнча жана колхоздордун өз ара жардам кассалары тарабынан төлөнүп турган пособиелерге өндүрүүнү жүргүзүү**

Эмгекке жөндөмдүүлүгүн убактылуу жойгон кезде социалдык камсыздандыруу боюнча төлөнүп турган пособиелерге, ошондой эле колхоздордун өз ара жардам кассалары тарабынан төлөнө (берилe) турган пособиелерге алимент өндүрүү жөнүндөгү жана майыптык же ден соолукка башка залал, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүгө байланыштуу зыянды калыбына келтирүү жөнүндөгү соттун чечими боюнча гана өндүрүүнү жүргүзүүгө болот.

### 402-статья. Өндүрүү жүргүзүүгө болбой турган суммалар

Карыздакорго төмөнкүлөр катарында берилүүгө тийиш болгон суммаларга өндүрүүнү жүргүзүүгө болбойт:

1) кызматкер иштен бошогондо төлөнүүчү пособиеге жана пайдаланбаган отпуска үчүн компенсацияга. Эгерде алимент төлөөчү адам иштен бошогондо бир нече жылдын отпускаларын кошконго байланыштуу, пайдаланбаган отпусканын бир нече айы үчүн компенсация алса, алименттерди өндүрүү жөнүндөгү иштер боюнча пайдаланбаган отпуск үчүн компенсацияга өндүрүү жүргүзүүгө жол берилет;

2) кызматкерге тийиштүү болгон инструменттин эскириши үчүн компенсациялык төлөөлөргө жана эмгек жөнүндөгү закону ылайык башка компенсацияларга;

3) кызматтык командировкага, башка жерге ишке которууга, кабыл алууга же жиберүүгө байланыштуу кызматкерге төлөнүүчү суммаларга;

4) бир жолу берилүүчү мүнөздөгү сыйлыктарга;

5) көп балалуу жана жалгыз бой энелердин мамлекеттик пособиелерине, бала төрөгөндүк үчүн пособиелерге;

6) өлгөн адамды көмүүгө карата социалдык камсыздандыруу боюнча төлөнүүчү пособиелерге.

(1-пункту Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

### 403-статья. Карыздакордун эмгек акысына жана башка түрдөгү доходдоруна өндүрүүнү жүргүзүүнүн тартиби

Сот аткаруучу соттун чечимине ылайык кармоолорду жүргүзүүнү жана каралган суммаларды өндүртүп алуучуга которуп турууну сунуш кылуу менен аткаруу документин карыздакор иштеп жаткан же болбосо төлөө акысын, пенсия, стипендия же пособие алып жаткан мекемеге, ишканага же уюмга жиберет.

Карыздакор иштен бошогондо мекеме, ишкана же уюм жүргүзүлгөн кармоолор жөнүндө, эгерде белгилүү болсо карыздакордун жаңы иштеген ишинин орду жөнүндө белги жасап туруп аткаруу документин сот аткаруучуга кайтарып жиберет.

Мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин коомдук башка уюмдардын пайдасына граждандардан акча суммаларын өндүрүү карыздакордун закон боюнча өндүрүү жүргүзүлүүгө жол берилген бир айлык эмгек акысынын үлүшүнөн ашпаса, өндүрүү жөнүндөгү аткаруу документтери, аткаруу үчүн тикеденттике карыздакор иштеп жаткан же болбосо төлөө акысын, пенсия же стипендия алып жаткан ишканага, мекемеге, жана уюмга өндүртүп алуучулар тарабынан жиберилет.

Соттун чечими боюнча балдарга алименттерди кармоону жүргүзүп жаткан ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясы алименттерди төлөөчү адамдын иштен кеткендиги жөнүндө, ошондой эле эгерде администрацияга белгилүү болсо, анын иштеген же турган жаңы орду жөнүндө чечимдин аткарылып жаткан жериндеги соттук аткаруучуга жана алименттерди алуучу адамга үч күндүк мөөнөттүн ичинде билдирүүгө тийиш.

(3, 4-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1966-жыл 28-январдагы жана 1968-жыл 3-июндагы Указдары менен киргизилген).

### 404-статья. Эмгек акыдан кармоолордун тууралыгы үчүн контроль

Сот аткаруучу карыздакордун эмгек акысынан жана башка түрдөгү доходдорунан кармоолордун жана кармалган сумманы өндүртүп алуучуга которуунун (жиберүүнүн) тууралыгы жана өз убагында жүргүзүлгөндүгү үчүн контролду системалык түрдө ишке ашырып турат.

### 405-статья. Башка жактардын колунда турган карыздакордун акча суммаларына жана мүлкүнө өндүрүүнү жүргүзүү

Башка жактардын колунда турган карыздакордун акча суммаларына жана мүлкүнө өндүрүүнү жүргүзгөн кезде сот аткаруучу ошол жактарга, аларда карыздакорго тийиштүү болгон кандайдыр бир мүлктөрдүн бар же жок экендиги жана эмненин негизинде жана кайсы мөөнөттүн ичинде алар карыздакорго кандайдыр бир суммаларды төлөп берүүгө милдеттүү же милдеттүү эмес экендиги жөнүндө запрос (суроо) жиберет.

Ушуну менен бирге, сот аткаруучунун запросун алган убактан тартып аларда болгон карыздакордун мүлкүнө же акча суммаларына өндүрүлүүгө жаткан сумма өлчөмүндө арест салынгандык жөнүндө жана өндүрүлүүгө жаткан сумманы толук төлөгөнгө чейин, алар карыздакорго берилe турган бардык төлөөлөрдү өндүртүп алуучуга же эл сотунун депозиттик счетуна которуп турууга милдеттүү экендиги жөнүндө жогоруда көрсөтүлгөн жактарга кабар берилет.

**406-статья. Башка жактардын колунда турган мүлккө арест салуу**

Башка жактардын колунда карыздакордун мүлкү бар экендиги жөнүндө кабар алуу менен сот аткаруучу ошол мүлккө арест салат.

Эгерде карыздакордун мүлкүнүн башка жактардын колунда болушу алардын ортосундагы договор менен шартталган учурда, договордон келип чыккан укуктарды башка жактар үчүн сактоо мүмкүнчүлүгү жөнүндөгү жана мүлктү алып алуу жөнүндөгү маселе сот тарабынан чечилет.

**407-статья. Граждандардын вкладдарына өндүрүүнү жүргүзүү**

Мамлекеттик эмгек сактык кассаларындагы жана СССРдин Мамлекеттик банкындагы граждандардын вкладдарына өндүрүүнү, закондуу күчүнө кирген соттун өкүмүнүн, же уголовный иштен пайда болгон граждандык доону канааттандырган соттун чечиминин, же алимент өндүрүү (өндүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүн болгон эмгек акысы же башка мүлкү жок болгондо), же эрди-катындын биргелешкен мүлкү болгон вкладды бөлүү жөнүндөгү доо боюнча соттун чечиминин негизинде жүргүзүүгө болот.

Мындай учурларда эл судьясы, СССРдин закондору тарабынан белгиленген тартипте, карыздакордун вкладынын бар экендиги жөнүндө тийиштүү кредиттик мекемелерден суратып алууга акылуу.

Айтылган кредит мекемелериндеги граждандардын вкладдарын конфискациялоо закондуу күчүнө кирген өкүмдүн же законго ылайык мүлктү конфискациялоо жөнүндөгү чыгарылган токтомдун негизинде жүргүзүлүшү мүмкүн.

**408-статья. Белгилүү мүлк-заттарды өткөрүп берүү боюнча чечимдерди аткаруу**

Соттун чечиминде көрсөтүлгөн белгилүү мүлк-заттарды өндүртүп алуучуга кесип берген убакта, сот аткаруучу ал мүлк-заттарды карыздакордон алып алууну жүргүзөт жана аларды өндүртүп алуучуга өткөрүп берет.

Карыздакорду белгилүү аракеттерди иштөөгө милдеттендирүүчү, мүлктү же акча суммасын өткөрүп берүүгө байланышпаган чечимди аткарбаган кезде, сот аткаруучу чечимдин аткарылбагандыгы жөнүндө акт түзөт.

Эгерде ушул Кодекстин 203-статьясында көрсөтүлгөн чечимди аткарбоонун натыйжалары соттун чечиминде айтылса, түзөлгөн акт сот аткаруучу тарабынан аткарылуучу жериндеги судьяга жиберилет, ал судья карыздакор тарабынан белгилүү аракеттер аткарылбагандыкка байланыштуу чечимде айтылган натыйжаларды колдонуу жөнүндө аныктама чыгарат.

Эгерде чечимде, аны аткарбоонун натыйжалары көрсөтүлбөсө, түзүлгөн акт аткарылуучу жериндеги сотко жиберилет, ал сот ушул Кодекстин 208-статьясында айтылган эрежелер боюнча чечимди аткаруунун тартиби жөнүндөгү маселени чечет.

Карыздакорду белгилүү аракеттерди иштөөгө милдеттендирүүчү чечимди сот тарабынан белгиленген мөөнөттө аткарбаган кезде, эгерде алар карыздакор тарабынан гана иштелүүгө мүмкүн болсо (ушул Кодекстин 203-статьясы), түзүлгөн акт сот аткаруучу тарабынан аткарылуучу жериндеги сотко жиберилет. Чечимди аткарбоо жөнүндөгү маселе соттук заседаниеде чечилет. Заседаниенин убакыты жана орду жөнүндө өндүртүп алуучуга жана карыздакорго кабар берилет, бирок алардын келбей калышы чечимди аткарбоо жөнүндөгү маселени кароо үчүн тоскоолдук болбойт. Сот, карыздакор тарабынан чечимдин аткарылбагандыгын аныктап, карыздакорго 50 сомго чейинки өлчөмдө штраф сала алат жана ага чечимди аткаруу үчүн жаңы мөөнөт белгилейт. Карыздакордон штраф мамлекеттин доходуна өндүрүлөт.

Чечимди аткаруу үчүн белгиленген мөөнөттөрдү карыздакор кайталап (экинчи) бузган жана кийин да бузган кезде, ушул статьянын 4-бөлүгүндө көрсөтүлгөн чаралар сот тарабынан кайрадан жаңыдан колдонула берилет. Бирок штрафтын жалпы суммасы 300 сомдон ашып кетүүгө тийиш эмес. Штрафты төлөө соттун чечими тарабынан көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу милдетинен карыздакорду бошотпойт.

Ушул статьяда айтылган маселелер боюнча аныктамага жеке арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

**410-статья. Сот аткаруучунун талаптарын аткарбоонун натыйжалары**

Ушул Кодекстин 396, 403-жана 405-статьяларында айтылган талаптардын аткарылбагандыгы жүйөөсүз себептер боюнча болгон деп сот тарабынан табылган учурда, тийиштүү ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын күнөөлүү кызмат адамдары же граждандар, сот аткаруучунун сунушу боюнча, сот тарабынан 10 сомго чейинки өлчөмдө штрафка тартылышат.

Ошондой эле, өндүртүп алуучу тийиштүү ишканага, мекемеге жана уюмга карыздакордон кармалууга жаткан, бирок ушул ишкананын, мекеменин же уюмдун күнөөсү боюнча кармалбай калган сумманы өндүрүп алуу жөнүндө доо келтирүүгө акылуу.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**411-статья. Ишине кайра коюу жөнүндөгү чечимдерди аткарбоонун натыйжалары**

Закопсуз иштен бошотулган же которуштурулган кызматкерди ишине кайра коюу жөнүндө соттун чечими ишкананын, мекеменин, уюмдун администрациясы тарабынан аткарылбаган учурда, сот, ушул Кодекстин 208-статьясында каралган тартипте, чечим чыккан күндөн тартып аны аткарган күнгө чейинки бардык убакыт үчүн кызматкерге орточо эмгек акысын же эмгек акысынын айырмасын төлөө жөнүндө аныктама чыгарат.

Соттун чечимин аткарбагандыкка байланыштуу кызматкерге акча суммасын төлөөдөн келтирилген зыян ишкананын, мекеменин, уюмдун же караштуулугу жагынан жогору турган органдын доосу боюнча, ошондой эле соттун демилгеси же прокурордун арызы боюнча ишине кайра коюу жөнүндөгү соттун чечимин аткарбаган күнөөлүү кызмат адамынан өндүрүлүшү мүмкүн. Мындай учурларда кызмат адамынан өндүрүлүүчү суммалардын өлчөмү эмгек жөнүндөгү закон тарабынан аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 40-ГЛАВА

## МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАЛАРГА, МЕКЕМЕЛЕРГЕ, УЮМДАРГА, КОЛХОЗДОРГО, КООПЕРАТИВДИК БАШКА УЮМДАРГА АЛАРДЫН БИРИКМЕЛЕРИНЕ КООМДУК БАШКА УЮМДАРГА КАРАТА ЧЕЧИМДЕРДИ АТКАРУУ

**412-статья. Жалпы эрежелерди колдонуу**

Мамлекеттик ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга, колхоздорго, кооперативдик башка уюмдарга алардын бирикмелерине коомдук башка уюмдарга карата чечимдерди аткаруу Кодекстин ушул главасында көрсөтүлгөн



алып таштоолор жана толуктоолор менен, ушул Кодекстин эрежелери боюнча жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**413-статья. Акча каражаттарына өндүрүүнү жүргүзүү**

Мамлекеттик ишканалардан, мекемелерден, уюмдардан, колхоздордон, кооперативдик башка уюмдардан, алардын бирикмелеринен, коомдук башка уюмдардан аткаруу барактары боюнча өндүрүү, биринчи кезекте карыздакордун кредиттик мекемелерде болгон акча каражаттарына, ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген эрежелер боюнча жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**414-статья. Акча каражаттарына өндүрүүнү жүргүзүүнүн тартиби**

Кредиттик мекемелерде счеттору бар мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, кооперативдик башка уюмдар, алардын бирикмелери, коомдук башка уюмдар кредиттик мекемелерде болгон карыздакорлордун акча каражаттарына өндүрүүнү жүргүзгөн убакта, аткаруу документтерин түздөн-түз кредиттик мекемелерге, ССР Союзунун закондору тарабынан белгиленген тартип боюнча каражаттарды мажбурлоо менен кармоо үчүн беришет.

Мамлекеттик бюджетте турган мекемелердин жана мамлекеттик башка уюмдардын, эгерде алардын сметасынын эсебинен карыздарды төлөөгө мүмкүн болбосо, алардын карыздарын төлөөгө каражаттарды берүүнүн шарттары жана тартиби ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан аныкталат.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**415-статья. Мамлекеттик мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын мүлкүнө өндүрүүнү жүргүзүү**

Мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын карызды төлөө үчүн жетиштүү акча каражаттары болбогон учурда, өндүрүүнү өнөр жайдан, имараттардан, курулуштардан, жабдуулардан жана негизги каражаттарга жаткан башка мүлктөн, үрөн жана фураждык

фондулардан, ошондой эле ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын нормалдуу иш жүргүзүшү үчүн зарыл болгон чектерде обороттук башка фондулардан тышкары карыздакорго тиешелүү болгон мүлккө жүргүзүүгө мүмкүн болот.

Мамлекеттик бюджетте турган ишканалардын, мекемелердин, жана уюмдардын мүлкүнө өндүрүүнү жүргүзүүгө жол берилбейт.

Кредиттик мекемелердин претензиялары боюнча, алар тарабынан берилген ссудаларды кайтаруу жөнүндөгү өндүрүүнү жүргүзүүнүн тартиби ССР Союзунун закондору тарабынан аныкталат.

(1, 2-бөлүмдөрү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**416-статья. Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын жана алардын бирикмелеринин мүлкүнө өндүрүүнү жүргүзүү**

Колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын жана алардын бирикмелеринин карызды төлөө үчүн жетиштүү акча каражаттары болбогон кезде, өндүрүүнү өнөр жайдан, маданияттык-турмуш мекемелеринен, имараттардан, курулуштардан, тракторлордон, комбайндардан, башка машиналардан, транспорттук каражаттардан жана негизги каражаттарга жаткан башка мүлктөн, үрөн жана фураждык фондулардан, ошондой эле күйүүчү материалдардан, жер семирткичтерден жана колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын жана алардын бирикмелеринин нормалдуу иш жүргүзүшү үчүн зарыл болгон обороттук башка фондулардан тышкары алларга тиешелүү мүлккө жүргүзүүгө мүмкүн болот.

Кредиттик мекемелердин претензиялары боюнча алар тарабынан берилген ссудаларды кайтаруу жөнүндөгү өндүрүүнү жүргүзүүнүн тартиби ССР Союзунун закондору тарабынан аныкталат.

**417-статья. Профсоюздук жана коомдук башка уюмдардын мүлкүнө өндүрүүнү жүргүзүү**

Профсоюздук жана коомдук башка уюмдардын карызды төлөө үчүн жетиштүү акча каражаттары болбогон кезде, өндүрүүнү ишканалардан, имараттардан, курулуштардан, жабдуулардан жана ишканалардын, санаторийлердин, дем алуу үйлөрүнүн, маданият дворецтеринин, клубдардын, стадиондордун жана пионер лагерлеринин негизги



каражаттарына жаткан башка мүлктөн, маданий-агартуу фондулардан тышкары, ошондой эле Кыргыз ССРинин закону боюнча өндүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүн болбогон коомдук уюмдардын башка мүлктөрүнөн тышкары, аларга тиешелүү мүлккө жүргүзүүгө мүмкүн болот.

Кредиттик мекемелердин претензиялары боюнча алар тарабынан берилген ссудаларды кайтаруу жөнүндөгү өндүрүүнү жүргүзүүнүн тартиби ССР Союзунун закондору тарабынан аныкталат.

**418-статья. Мүлкту сатуу**

Мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын мүлкүн сатуу ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**419-статья. Уюмдарды жойгондо өндүрүүнүн тартиби**

Мамлекеттик ишкананы, мекемени, уюмду, колхозду, кооперативдик башка уюмду, алардын бирикмелерин, коомдук башка уюмду жойгон кезде карызды өндүрүү ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

## 41-ГЛАВА

## ӨНДҮРҮЛГӨН СУММАЛАРДЫ ӨНДҮРТҮП АЛУУЧУЛАРДЫН АРАСЫНДА БӨЛҮШТҮРҮҮ

**420-статья. Өндүрүлгөн суммаларды өндүртүп алуучуларга берүү**

Карыздакордон өндүрүлгөн суммадан биринчи кезекте аткаруу боюнча расходдор төлөнөт, калган сумма өндүртүп алуучулардын талабын канааттандырууга берилет. Бардык талаптарды канааттандыргандан кийин калган сумма карыздакорго кайтарылат.

Карыздакордон өндүрүлгөн жана өндүртүп алуучуларга берилүүгө жаткан суммалар сот аткаруучу тарабынан соттун депозиттик счетуна төгүлөт, андан кийин белгиленген тартипте берилүүгө же которулууга жатат.

Мамлекеттин доходуна которулууга тийиш болгон суммалар сот аткаруучу тарабынан түздөн-түз СССРдин Мамлекеттик Банкынын тийиштүү мекемесине төгүлөт.

Чет мамлекеттерде жашаган жактардын пайдасына өндүрүлгөн суммалар өндүртүп алуучуга белгиленген тартипте которулуп жиберилет.

**421-статья. Өндүрүүгө кошулуу**

Өндүрүүнү жүргүзгөн кезде башка иштер боюнча аткаруу документтери бар жактар өндүрүүгө кошула алышат.

**422-статья. Өндүртүп алуучулардын талаптарын канааттандыруунун кезектүүлүгү**

Карыздакордон өндүрүлгөн сумма аткаруу документтери боюнча бардык талаптарды канааттандыруу үчүн жетишсиз болуп калган кезде ал сумма ушул Кодекстин 423—430-статьяларында белгиленген кезектүүлүк тартибинде өндүртүп алуучулардын ортосунда бөлүштүрүлөт.

Ар бир кийинки кезектегинин талаптары мурунку (алдыңкы) кезектегинин талаптары толук төлөнгөндөн кийин канааттандырылат. Өндүрүлгөн сумма бирдей кезектегилердин бардык талаптарын толук канааттандыруу үчүн жетишсиз болуп калган кезде ал тараптар ар бир өндүрүп алуучуга тийиштүү суммага пропорциялуу канааааттандырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1982-жыл 2-февралындагы Указынын редакциясында).

**423-статья. Биринчи кезектеги өндүрүүлөр**

Биринчи кезекте алименттерди өндүртүп алуу боюнча талаптар; эмгектик укук мамилелеринен келип чыгуучу жумушчулар менен кызматчылардын талаптары; колхозчулардын колхоздогу эмгегине байланыштуу алардын мүчөлөрүнүн талаптары; адвокаттардын юридикалык жардам көрсөткөндүгүнө акы төлөө жөнүндөгү талаптар; чыгармаларды пайдалангандык үчүн, автордук күбөлүк берилген ачуу, ойлоп табуу, рационализатордук сунуш жана күбөлүк берилген өнөр жайлык үлгү үчүн авторлорго тийиштүү сыйлыкты төлөп берүү жөнүндөгү талаптар; майып болуудан же ден соолукка башка залал келтирүүдөн келип чыккан зыяндын ордун толтуруу боюнча, ошондой эле багуучусунан ажырагандыкка байланыштуу талаптар канааттандырылат.

Көрсөтүлгөн талаптар толук канааттандырылгандан



кийин социалдык камсыздандыруу боюнча талаптар жана кылмыш же административдик укук бузуу менен граждандардын мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча алардын талаптары канааттандырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1982-жыл 2-февралындагы Указынын редакциясында).

**424-статья. Экинчи кезектеги өндүрүүлөр**

Экинчи кезекте бюджетке налогдор жана налог эмес төлөөлөр боюнча талаптар; милдеттүү камсыздандыруу боюнча мамлекеттик камсыздандыруу органдарынын талаптары; кылмыш кылуу же административдик укук бузуу менен мамлекеттик ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга, колхоздорго, башка кооперативдик уюмдарга, алардын бирикмелерине, башка коомдук уюмдарга келтирилген зыяндын ордун толтуруу боюнча талаптар канааттандырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1982-жыл 2-февралындагы Указынын редакциясында).

**425-статья. Үчүнчү кезектеги өндүрүүлөр.**

Үчүнчү кезектеги залогго салынган мүлктүн наркынан өндүрүп алуу жөнүндөгү залог менен камсыз кылынган талаптар канааттандырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1982-жыл 2-февралындагы Указынын редакциясында),

**426-статья. Төртүнчү кезектеги өндүрүүлөр**

Залог менен камсыз болунбаган мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, колхоздордун, кооперативдик башка уюмдардын, алардын бирикмелеринин, коомдук башка уюмдардын талаптары төртүнчү кезекте канааттандырылат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**427-статья. Бешинчи кезектеги өндүрүүлөр**

Бардык башка талаптар бешинчи кезекте канааттандырылат.

**428-статья. Залогго салынган мүлккө өндүрүүнү жүргүзүү**

Карыздакорго келтирилген бардык талаптарды толук канааттандыруу үчүн, карыздакордун залог менен камсыз кылынбаган башка мүлкү жетишсиз болуп калган кезде өндүрүүнү залогго салынган мүлккө жүргүзүүгө болот.

Залогго салынган мүлктү өзүндө калтырылган залог кармоочу, анын талаптарына караганда артыкчылыктан пайдаланган талаптарды, ал мүлктүн турган наркынан ашпаган өлчөмдө канааттандырууга милдеттүү.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1982-жыл 2-февралындагы Указынын редакциясында).

**429-статья. Өндүрүүнүн өзгөчө эрежелери**

ССР Союзунун закондору тарабынан темир жол, деңиз, дарыя, аба транспортунун уюмдарынын, байланыштын жана кредит мекемелеринин ишине байланыштуу өндүрүп алуу жөнүндөгү талаптарды артыкча канааттандыруу тууралу эрежелер белгилениши мүмкүн. ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан айрым учурларда башка талаптарды артыкча канааттандыруу жөнүндө эрежелер белгилениши мүмкүн.

Мамлекеттик ишканалар, мекемелер, уюмдар, колхоздор, башка кооперативдик уюмдар, алардын бирикмелери, башка коомдук уюмдар тарабынан кредит мекемелеринде ачыла турган счеттордон өндүрүп алуу жөнүндөгү талаптарды канааттандыруунун кезеги СССР Министрлер Совети тарабынан белгиленет.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1982-жыл 2-февралындагы Указынын редакциясында).

**430-статья. Соттун өкүмүнүн мүлктү конфискациялоо бөлүгүнүн аткарылышынын кезектүүлүгү**

Соттун өкүмүнүн мүлктү конфискациялоо бөлүгүн аткаруу кезинде карыздакордун мүлкүн сатуу, соттолгондун мүлкүнө алдын ала тергөө органдары же сот тарабынан арест салынганга чейин карыздакорго карата пайда болгон бардык талаптарды канааттандыргандан кийин жүргүзүлөт.

Алимент өндүрүү жөнүндөгү жана майыптык же ден соолукка башка залал, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүдөн болгон зыянды өндүрүү жөнүндөгү талаптар, эгерде алар соттолгондун мүлкүнө арест салынгандан кийин пайда болгон учурда да канааттандырылат.

(1-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**431-статья. Сот аткаруучу тарабынан түзүлүүчү расчет**

Бир нече өндүртүп алуучулар болгондо жана карыздакордон өндүрүлгөн сумма бардык талаптарды толук канааттандыруу (төлөө) үчүн жетишпесе, сот аткаруучу өндүртүп алуучулар ортосунда акчаны бөлүштүрүүнүн расчетун түзөт жана аны эл судьясына бекитүүгө тапшырат.

Сот аткаруучунун расчетун бекитүү же өзгөртүү жөнүндөгү судьянын аныктамасына жай арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.



## 42-ГЛАВА

## СОТТУН ЧЕЧИМИН АТКАРУУДА ӨНДҮРТҮП АЛУУЧУНУН КАРЫЗДАКОРДУН ЖАНА БАШКА ЖАКТАРДЫН УКУКТАРЫН КОРГОО

**432-статья. Сот аткаруучунун аракеттерине даттануу жана протест келтирүү**

Чечимди аткаруу боюнча сот аткаруучунун аракеттерине же мындай аракеттерди жүргүзүүгө отказ кылгандыгына өндүртүп алуучу же карыздакор тарабынан арызданууга, ал эми прокурор тарабынан протест келтирүүгө болот. Арыз жана протест сот аткаруучу иште турган сотко, даттанылып жаткан аракеттерди жасаган күндөн тартып же аракеттерди жүргүзүүнүн убакыты жана орду жөнүндө кабар берилбей, качан ал аракеттер көрсөтүлгөн жактарга белгилүү болгон күндөн тартып он күн ичинде берилет.

Сот аткаруучунун аракеттерине арыздар жана протесттер соттук заседаниеде каралат. Өндүртүп алуучу, карыздакор жана протест келтирген прокурор заседаниенин убакыты жана орду жөнүндө кабарланышат, бирок алардын келбей калышы сот алдында коюлган маселени чечүү үчүн тоскоолдук болбойт.

Сот аткаруучунун аракеттери жөнүндөгү маселе боюнча соттун аныктамасына жай арыз берилиши же протест келтирилиши мүмкүн.

**433-статья. Чечимди аткарууда башка жактардын укуктарын коргоо**

Мүлккө арест салуу жүргүзүүдө сот аткаруучу тарабынан арестти сөзсүз алып таштоого негиз болгон законду ошончолук бузуу кетирилген учурда, мүлктүн карыздакорго же башка жактарга тийиштүүлүгүнө карабастан карыздакордун же ошол жактардын арестти алып таштоо (бузуу) жөнүндөгү арыздары ушул Кодек-

стин 432-статьясы менен белгиленген тартипте сот тарабынан каралат.

Мындай арыздар арест салынган мүлктү сатып жибергенге чейин берилиши мүмкүн.

Өндүрүү жүргүзүлүп жаткан мүлктүн кимге тийиштүүлүгүнө байланыштуу башка жактар тарабынан келтирилген граждандык укук жөнүндөгү талаш сот тарабынан доо өндүрүшүнүн эрежелери боюнча (мүлктү арасттен бошотуу жөнүндөгү доолор) каралат.

Мүлктү арасттен бошотуу жөнүндөгү доолор, ээлери тарабынан да жана карыздакорго тийиштүү болбогон мүлктү ээлеп тургандар тарабынан да келтирилиши мүмкүн.

Мүлктү арасттен бошотуу жөнүндөгү доолор карыздакорго жана өндүртүп алуучуга келтирилет. Эгерде мүлккө арест салуу мүлктү конфискациялоого байланыштуу жүргүзүлсө, жоопкер катарында соттолгон жана тийиштүү финансы органы тартылат. Эгерде арест салынган мүлк сатылып кеткен болсо, доо мүлк өткөзүлгөн жактарга да келтирилет.

Сатылып кеткен мүлктү кайтарып берүү жөнүндөгү доо канааттандырылган учурда, мүлктү алуучунун (сатып алуучунун), өндүртүп алуучунун жана карыздакордун ортосундагы талаштар сот тарабынан доо тартибинде каралат.

Судья, кызыкчылыгы бар жактардын арыздарына карабастан, ушул статьянын биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн жагдайларды аныктаса, мүлккө салынган арестти бузууга (алып таштоого) милдеттүү.

## 434-статья. Чечимдин аткарылышын кайтаруу

Аткаруу жүргүзүлгөн чечим бузулган жана ишти жаңы карагандан кийин доого толук же жарым-жартылай отказ берүү жөнүндө чечим чыгарылган, же болбосо иш боюнча өндүрүштү кыскартуу же доону кароосуз калтыруу жөнүндө аныктама чыгарылган учурда, жоопкерге бузулган чечим боюнча, андан өндүрүлүп алынгандардын бардыгы кайра кайтарылып берилүүгө жатат (чечимдин аткарылышын кайтаруу).

## 435-статья. Чечимдин аткарылышын кайтаруу жөнүндөгү маселенин биринчи инстанциядагы сот тарабынан чечилиши

Ишти жаңыдан кайра кароо үчүн берилген сот өзүнүн демилгеси боюнча аткарылышты кайтаруу жөнүндөгү маселени кароого жана аны иш боюнча өндүрүш бүтүп жаткан жаңы чечимде же аныктамада чечүүгө милдеттүү.

Эгерде ишти жаңыдан кайра караган сот бузулган чечимдин аткарылышын кайтаруу жөнүндөгү маселени чечпеген учурда, жоопкер доонун эскирүү мөөнөтүнүн аралыгында (чегинде) ошол сотко аткарылышты кайтаруу жөнүндө арыз берүүгө акылуу. Бул арыз, ишке катышкан жактарды кабарлоо менен, соттук заседаниеде каралат. Бирок бул жактардын келбей калышы, сот алдында коюлган маселени чечүү үчүн тоскоолдук болбойт.

Аткарылышты кайтаруу жөнүндөгү маселе боюнча соттун аныктамасына жеке арыз берүүгө же протест келтирүүгө болот.

## 436-статья. Чечимдин аткарылышын кайтаруу жөнүндөгү маселенин кассациялык же надзордук инстанциядагы сот тарабынан чечилиши

Ишти кассациялык арыз же протест боюнча же надзор иретиндеги протест боюнча карап жаткан сот, эгерде ал өзүнүн аныктамасы же токтому менен талашты биротоло чече турган болсо же иш боюнча өндүрүштү кыскарта турган болсо же доону кароосуз калтыра турган болсо, чечимдин аткарылышын кайтаруу жөнүндөгү маселени чечүүгө же болбосо аны биринчи инстанциядагы соттун чечишине берүүгө милдеттүү.

Эгерде жогору турган соттун аныктамасында же токтомунда аткарылышты кайтаруу жөнүндөгү маселе боюнча эч кандай көрсөтмөлөр жок болсо, жоопкер тийиштүү арызды биринчи инстанциядагы сотко берүүгө акылуу, ал сот бул арызды ушул Кодекстин 435-статьясында айтылган эрежелер боюнча карайт жана чечет.

Надзор иретиндеги эмгектик укук мамилесинен келип чыккан талаптар боюнча акча суммаларын өндүрүү жөнүндөгү, колхоздогу эмгеги үчүн доходдорду өндүрүү жөнүндөгү, автордук укукту, автордук күбөлүк кат берилген, ачуу, ойлоп чыгаруунун укугун жана рационализатордук сунушту пайдалангандык үчүн акы өндүрүү жөнүндөгү, алимент өндүрүү жөнүндөгү, майыптык же ден соолукка башка залал, ошондой эле багуучунун өлүшүн келтирүүдөн келген зыянды калыбына келтирүүнү өндүрүү жөнүндөгү иштер боюнча чечимдер надзор иретинде бузулган учурда, эгерде бузулган чечим доогер тарабынан жалган айтылган маалыматтарга же ал тарабынан келтирилген

жасалма документтерге негизделген болсо, аткарылышты кайтарууга жол берилет.

Алимент өндүрүү жөнүндөгү, иштер боюнча чечим кассациялык тартипте бузулган учурда аткарылышты кай-тарууга жол берилет качан гана чечимди бузуу доогер тарабынан жалган айтылган маалыматтарга же ал тара-бынан келтирилген жасалма документтерге негизделген болсо.

## VI БӨЛҮМ

# ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ГРАЖДАНДАРДЫН ЖАНА ГРАЖДАНДЫГЫ ЖОК АДАМДАРДЫН ГРАЖДАНДЫК-ПРОЦЕССУАЛДЫК УКУКТАРЫ. ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МАМЛЕКЕТТЕРГЕ ДОО КОЮУ, ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СОТТОРДУН СОТТУК ТАПШЫРМАЛАРЫ ЖАНА ЧЕЧИМДЕРИ. ЭЛ АРАЛЫК ДОГОВОРЛОР

**437-статья. Чет өлкөлүк граждандардын, чет өлкөлүк ишканалардын жана уюмдардын граждандык-процессуалдык укуктары**

Чет өлкөлүк граждандар сотторго кайрылууга укуктуу болушат жана граждандык-процессуалдык укуктардан советтик граждандар менен бирдей пайдалана алышат.

Чет өлкөлүк ишканалар жана уюмдар Кыргыз ССРинин сотторуна кайрылууга укуктуу болушат жана өздөрүнүн кызыкчылыктарын сактоо (коргоо) үчүн граждандык-процессуалдык укуктардан пайдалана алышат.

ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 59-статьясына ылайык СССР Министрлер Совети тарабынан советтик граждандардын, ишканалардын же уюмдардын граждандык-процессуалдык укуктарына атайын чектөө койгон мамлекеттердин граждандарына, ишканаларына жана уюмдарына карата жооп катарында чектөөлөр белгилениши мүмкүн.

**438-статья. Граждандыгы жок адамдардын граждандык-процессуалдык укуктары**

Граждандыгы жок адамдар Кыргыз ССРинин сотторуна кайрылууга укуктары бар жана советтик граждандар



менен бирдей эле граждандык-процессуалдык укуктардан пайдаланышат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августундагы Указынын редакциясында).

**438[1]-статья. Чет өлкөлүк граждандар, граждандыгы жок адамдар, чет өлкөлүк ишканалар жана уюмдар катышкан талаштар боюнча, ошондой эле тараптардын бири гана чет өлкөдө жашаган талаштар боюнча Кыргыз ССРинин соттору тарабынан карала турган граждандык иштер**

Чет өлкөлүк граждандар, граждандыгы жок адамдар,
чет өлкөлүк ишканалар жана уюмдар катышышкан та-
лаштар боюнча, ошондой эле тараптардын бири гана чет
өлкөдө жашаган талаштар боюнча Кыргыз ССРинин сот-
тору тарабынан карала турган граждандык иштер ССР
Союзунун законлору менен аныкталат, ал эми ССР Сою-
зунун законлорунда каралбаган учурларда,— ушул Кодекс
тарабынан белгиленген кайсыл сотто карала тургандыктын
эрежелерине ылайык аныкталат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жыл 31-августундагы Указынын редакциясында).

**439-статья. Чет өлкөлүк мамлекеттерге доо коюу. Дипломаттык иммунитет**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын граж-
дандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 61-статьясына
ылайык чет өлкөлүк мамлекетке доо келтирүүгө, доону
камсыз кылууга жана өндүрүүнү чет өлкөлүк мамлекеттин
СССРдеги болгон мүлкүнө жүргүзүүгө тийиштүү мамле-
кеттин компетенттүү органдарынын макулдугу болгондо
гана жол берилет.

СССРде аккредиттелген чет өлкөлүк мамлекеттердин
өкүлдөрү жана тийиштүү закондордо жана СССРдин эл
аралык договорлорунда көрсөтүлгөн башка адамдар, эл
аралык укук нормалары тарабынан же СССРдин эл ара-
лык договорлору тарабынан аныкталган чектерде гана
граждандык иштер боюнча советтик соттун юрисдикция-
сына жатышат.

Чет өлкөлүк мамлекетте совет мамлекетине, анын мүл-
күнө же совет мамлекетинин өкүлдөрүнө, СССРдеги чет
өлкөлүк мамлекеттерге, алардын мүлкүнө же чет өлкөлүк
мамлекетердин өкүлдөрүнө ушул статьяга ылайык камсыз

кылынып жаткан ушундай эле соттук эч кимдин тийбестиги камсыз кылынбаган учурларда СССР Министрлер Советы тарабынан же укугу бар башка орган тарабынан ошол мамлекетке, анын мүлкүнө же ошол мамлекеттин өкүлүнө карата жооп катарында чара аракеттерин колдонуу буйругу берилиши мүмкүн.

(2-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**440-статья. Чет өлкөлүк соттордун соттук тапшырмаларын аткаруу жана Кыргыз ССРинин сотторунун чет өлкөлүк сотторго тапшырмалар менен кайрылышы**

Кыргыз ССРинин соттору аларга белгиленген тартипте берилген чет өлкөлүк соттордун кээ бир процессуалдык аракеттерди жүргүзүү жөнүндөгү (повесткаларды жана башка документтерди тапшыруу, тараптарды жана күбөлөрдү сурак кылуу, экспертиза жана жерине барып карап чыгууну жүргүзүү жана башкалар) тапшырмаларын төмөнкүлөрдөн тышкаркы учурларда аткарышат:

1) качан тапшырманы аткаруу СССРдин суверенитетине каршы келсе же СССРдин коопсуздугуна коркунуч келтирсе;

2) качан тапшырманы аткаруу соттун компетенциясына жатпаса.

Чет өлкөлүк соттордун кээ бир процессуалдык аракеттерди жүргүзүү жөнүндөгү тапшырмаларын аткаруу советтик закондордун негизинде жүргүзүлөт.

Кыргыз ССРинин соттору кээ бир процессуалдык аракеттерди аткаруу жөнүндө тапшырма менен чет өлкөлүк сотторго кайрыла алышат.

ССР Союзунун жана союздук республикалардын граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 62-статьясына ылайык Кыргыз ССРинин сотторунун чет өлкөлүк соттор менен байланышы ССР Союзунун жана Кыргыз ССРинин закондору тарабынан жана СССРдин жана Кыргыз ССРинин эл аралык договорлору тарабынан аныкталат.

(4-бөлүмү Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**441-статья. Чет өлкөлүк соттордун жана арбитраждардын чечимдерин аткаруу**

Чет өлкөлүк соттордун жана арбитраждардын чечимдеринин Кыргыз ССРинде аткарылышынын тартиби СССРдин тийиштүү эл аралык договорлору тарабынан аныкталат. Чет өлкөлүк соттун же арбитраждын чечимин мажбурлоо менен аткарууга, чечим закондуу күчүнө кирген убактан тартып үч жыл ичинде берилүүгө мүмкүн.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

**442-статья. Эл аралык договорлор**

ССР Союзунун жана союздук республикалардын Граждандык сот өндүрүшүнүн Негиздеринин 64-статьясына ылайык, СССРдин эл аралык договорунда граждандык сот өндүрүшү жөнүндөгү советтик закондордо көрсөтүлгөн эрежелерден башка эрежелер белгиленген болсо, анда эл аралык договорлордун эрежелери колдонулат.

Эгерде Кыргыз ССРинин эл аралык договорунда ушул Кодексте көрсөтүлгөндөн бөлөк эрежелер белгиленген болсо, Кыргыз ССРинин граждандык процессуалдык закондору туурасында ушундай эле тартип колдонулат.

(Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

# АТКАРУУ ДОКУМЕНТТЕРИ БОЮНЧА ӨНДҮРҮҮНҮ ЖҮРГҮЗҮҮГӨ МҮМКҮН БОЛБОЙ ТУРГАН МҮЛКТӨРДҮН ТҮРЛӨРҮНҮН

## ТИЗМЕСИ

Аткаруу документтери боюнча карыздакор жана анын багуусунда турган тийиштүү же жалпы менчиктеги анын үлүшү болгон төмөнкү түрлөрдөгү мүлктөргө жана мүлк-заттарына өндүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүн болбойт:

1. Үйдү курууга банк тарабынан берилген ссуданы өндүрүп алуу учурларынан тышкары, эгерде карыздакор жана анын үй-бүлөсү анда такай жашап турушса, негизги кесиби (иши) айыл чарбасы болгон адамдардын — чарбалык курулуштары менен турак үйүнө же анын айрым бөлүгүнө.

2. Негизги кесиби айыл чарбасы болгон адамдардын — жалгыз уюна, ую жок болсо — жалгыз кунаажынына; уюда, кунаажыны да жок чарбаларда — жалгыз эчкисине, коюна же чочкосуна; колхозчулардын мындан башка — колхоздун уставы тарабынан колхоздук короо (түтүн) үчүн белгиленген норманын жарымынын айланасындагы койлоруна, эчкилерине жана чочколоруна ошондой эле үй канаттууларына.

3. Жаңы тоютту даярдаганга чейин же жайытка чыгарганга чейин мал үчүн керек болгон тоютка.

4. Негизги кесиби айыл чарбасы болгон адамдардын — кезектеги себүүгө керек болгон үрөнүнө.

5. Карыздакор жана анын багуусунда болгон адамдар үчүн керектүү болгон төмөнкү үй жасалгаларына, эмеректерине, кийимдерине:

а) ар бир адам үчүн керек болгон кийимине: бир жайкы же күзгү пальтосуна, бир кышкы пальтосуна же тонуна, бир кышкы костюмуна (аялдары үчүн эки кышкы көйнөгүнө), бир жайкы костюмуна (аялдар үчүн эки жайкы көйнөгүнө), ар бир сезонго болгон бирден баш кийимине (аялдар үчүн мындан башка эки жайкы жоолугуна жана бир жылуу жоолугуна же шалы жоолугуна), көп убакыттар бою колдонулуп жүргөн жана баалуулугу жок болгон башка кийимине жана баш кийимине;



б) бут кийимдерине, ич кийимдерине, жууркан-төшөктөрүнө, пайдаланууда болгон кухня жана столовой (кымбат баалуу материалдардан жасалган предметтерден, ошондой эле көркөм баалуулугу бар предметтерден тышкары) эмеректерине;

в) мебелдерине — ар бир киши үчүн бирден кроватына, бирден стулуна, үй-бүлө үчүн бир стол, бир шкаф жана бир сандыкка;

г) балдардын бардык буюм-заттарына.

6. Эгерде карыздакордун негизги кесиби айыл чарбасы болсо, анда ага жана анын үй-бүлөсү үчүн бышыкчылыкка жете тургандай сандагы тамак-аш продуктыларына, ал эми калган учурларда карыздакордун бир айлык эмгек акысынын өлчөмүндөгү жалпы суммадагы, бирок жүз сомдон кем эмес болгон тамак-аш продуктыларына жана акчаларына.

7. Тамак-аш даярдоо жана от жагуу сезону бүткөнчө турак жайды жылытып туруу үчүн керек болгон отундарына.

8. Карыздакор соттун өкүмү тарабынан качан гана тийиштүү ишти иштөө укугунан ажыратылгандан же качан гана ал тарабынан инвентарь закончсуз промыселди иштөө үчүн колдонулгандан тышкары учурларда; карыздакордун профессионалдык ишин уланта берүү үчүн керектүү болгон инвентарларына (ошонун ичинде окуу куралдарына жана китептерине).

9. Эгерде карыздакор кооперативдин мүчөлүгүнүн составынан чыгарылбаса, кооперативдик уюмдарындагы айлык взносторуна.

10. Колхоздук короодогу же айыл чарбасында жекече эмгектенген граждандардын чарбасындагы биргелешкен мүлктөгү карыздакордун үлүшүн (энчисин) конфискациялаган учурда бул мүлктөн төмөнкүлөрдү чыгарып таштагандан кийин үлүштүн көлөмү аныкталат: короонун мүчөлөрү жашап турган чарбалык курулуштары бар турак үйдү, кезектеги себүү үчүн керек болгон үрөндөрдү, жалгыз уйду, ал эми ую жок болсо — бир кунаажынды (ал эми колхоздук короодо болсо, колхоздун уставы тарабынан белгиленген норманын жарымынын айланасында, ошондой эле койлорду, эчкилерди, чочколорду жана үй канаттууларын) жана калган мал үчүн керек болгон тоютту.

(2, 10-пункттары Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун 1981-жыл 22-апрелдеги Указынын редакциясында).

№ 2 ТИРКЕМЕ

## ЖОГОЛГОН СОТТУК ЖЕ АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

1-статья. Граждандык иш боюнча жоголгон соттук өндүрүш же аткаруу өндүрүшү ишке катышкан жактардын, прокурордун арызы боюнча, ошондой эл сотунун демилгеси боюнча сот тарабынан калыбына келтирилиши мүмкүн.

2-статья. Биринчи же жогору турган инстанциядагы соттун пикири боюнча калыбына келтирүү зарыл болгон жоготулган өндүрүш толук же жарым-жартылай калыбына келтирилет. Соттун чечими же өндүрүштү кыскартуу жөнүндөгү аныктамасы, эгерде алар иш боюнча чыгарылган болсо, алар милдеттүү түрдө калыбына келтирилиши тийиш.

3-статья. Жоголгон соттук өндүрүштү калыбына келтирүү жөнүндөгү арыз ишти караган сотко берилет, ал эми жоголгон аткаруу өндүрүшүн калыбына келтирүү жөнүндөгү арыз аткаруу жүргүзүлгөн жердеги сотко берилет.

4-статья. Арызда иш жөнүндө толук маалымат болууга тийиш. Арыз берүүчүдө сакталып калган жана ишке тиешеси бар документтер же белгиленген тартипте күбөлөндүрүлбөгөн болсо да, алардын копиялары арызга тиркелүүгө жатат.

5-статья. Сот ишти кароодо өндүрүштүн сакталып калган бөлүгүн, өндүрүш жоголуп кеткенге чейин граждандарга жана мекемелерге иштен алынып берилген документтерди, бул документтердин копияларын жана башка ишке тиешеси бар справкаларды жана кагаздарды пайдаланат.

Сот күбөлөр катарында процессуалдык аракеттерди жүргүзгөндө катышкан адамдарды, өкүлдөрдү, ал эми зарыл болгон учурларда — ишти караган, ал боюнча өндүрүш жоголгон соттун составына кирген адамдарды ошондой-эле соттун чечимин аткарган адамдарды суракка алууга мүмкүн.



6-статья. Жоголгон өндүрүштү калыбына так келтирүү үчүн жыйналган материалдар жетишсиз болсо, сот аныктамасы менен өндүрүштү калыбына келтирүү жөнүндөгү арызды кыскартат. Мындай учурда арыз берүүчү жалпы тартипте доо келтирүүгө акылуу.

7-статья. Жоголгон өндүрүштү калыбына келтирүү жөнүндөгү ишти кароодо сот тарабынан жумшалган расходдор мамлекеттин эсебинен жумшалат. Билип туруп жалган арыз бергенде соттук расходдор арыз берүүчүдөн өндүрүлөт.

## № 3 ТИРКЕМЕ

## ТРЕТЕЙ СОТУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

1-статья. Граждандар эмгектик жана үй-бүлөлүк мамилелерден келип чыккан талаштардан башкасын, өз ара ортолорунда пайда болгон ар кандай талаштарды третей сотуна (тараптардын чатагын текшерүү үчүн ортодон шайланган сот) кароого бере алышат.

Талаштарды теретей сотуна (третейлик жазуу) кароого берүү жөнүндөгү договор кат жүзүндөгү формада түзүлүшү тийиш.

2-статья. Третей соту ар качан талашка катышкандардын бардыгынын өзгөчө (өзүнчө) келишүүлөрү боюнча уюштурулат.

3-статья. Третей соту тараптардын кароосу боюнча бир судья составында же ар тараптан бирдей санда шайланган бир нече судья жана жалпы шайланган бир судья составында уюштурулат.

4-статья. Төмөнкүлөр третей сотунун мүчөлөрү боло алышпайт:

1) жашка жетпеген адамдар;
2) опекада же попечителде болгон адамдар;
3) соттун өкүмү боюнча, өкүмдө көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде сот жана прокуратура органдарында кызматта болуу укугунан жана адвокаттык ишти иштөөдөн ажыратылган адамдар;
4) уголовный жоопкерчиликке тартылган адамдар.

5-статья. Талашты третей сотуна (третейлик жазуу) кароого берүү жөнүндөгү договордо төмөнкүлөр көрсөтүлүшү тийиш:

1) тараптардын наамы жана алардын жашаган жери;
2) талаштын предмети;
3) шайланган судьялардын наамы;
4) талашты чечүү мөөнөтү;
5) договорду түзүүнүн орду жана убагы.

6-статья. Ишти карап бүткөнгө чейин судьяларды алмаштырууга жол берилбейт. Эгерде судьялардын кимдир бирөөсүнүн иштин бүтүшүнө кызыкчылыгы бар экендигин жана договор түзүлүп жатканда бул жагдай ага белгисиз болгондугун далилдей алса, ал тарап келишимден отказ кылууга акылуу.

7-статья. Судьялардын ичинен бирөө өлүп калган, башка жакка кетип калган же катуу оорун калган учурда, талашты чечүүнү болгон (калган) судьялардын составына берүү же жапагы катыша албай калган судьянын ордуна, аны шайланган тараптын дайындоосу боюнча жаңы судьяны шайлоо, тараптардын келишүүсүнө жараша болот, бул жөнүндө калган бардык судьялардын жана тараптардын колдорун коюу менен третейлик жазуусунун өзүнө көрсөтүлүп жазылат.

8-статья. Третей сотторунда иштерди кароо акысыз жүргүзүлөт.

9-статья. Талашты третей сотуна кароо үчүн берүү жөнүндөгү договорду түзүшкөн граждандардын, ушул Жобонун 6-статьясында көрсөтүлгөн учурлардан тышкары, третейлик жазууда( запись) каралган мөөнөт өткөнгө чейин андан отказ кылууга акысы жок.

10-статья. Третей соту Кыргыз ССРинин Граждандык-процессуалдык кодексинде айтылган сот өндүрүшүнүн эрежелери менен байланышы жок. Бирок сот, түшүнүктөрдү берүү үчүн тараптан сотко келүүдөн баш тарткан учурлардан тышкары, тараптардын түшүнүктөрүн укпай туруп иштерди чече албайт.

11-статья. Төмөнкү учурларда третей соту болбой калды деп табылат:

1) третейлик жазуусунда каралган мөөнөттүн өтүп кетишинин натыйжасында;
2) судьялардын ичинен кимдир-бирөөнүн отказ кылышынын же анын катышпай калышынын (ушул Жобонун 6-статьясы) натыйжасында;
3) эгерде иштин өндүрүшүндө кандайдыр бир тарапка карата уголовный жоопкерчиликти козгоого негиз бере турган жана иштин бүтүшүнө таасир тийгизе турган жагдай ачылса;
4) тараптардын ичинен бирөө өлүп калса.

12-статья. Третей сотунун чечими добуштардын көпчүлүгү боюнча кабыл алынат.

13-статья. Чечим жазуу түрүндө чыгарылат, анда милдеттүү түрдө төмөнкүлөр көрсөтүлүшү тийиш:

1) чечимди кабыл алуунун орду жана убагы жана третей сотунун составы;

2) сот ишин жүргүзүүгө негиз болгон третейлик жазуу (запись);

3) талашка катышкандардын бардыгынын наамы;

4) талаштын предмети;

5) третей сотунун өзүнүн корутундусуна келгендигинин мотивдери;

6) третей сотунун токтому.

14-статья. Чечимге бардык судьялар кол коюшат. Судьялардын ичинен кимдир бирөөнүн кол коюудан отказ кылышы жана өзгөчө пикир чечимдин өзүнө белгиленип жазылат.

15-статья. Чечим тараптарга соттун заседаниесинде жарыяланат, мында алар чечимдин өзүнө кол коюшат. Кол коюудан тарап отказ кылган же соттун заседаниесине ал жүйөсүз себептер менен келбей калган учурда ага чечим жарыяланган деп эсептелет да, бул жөнүндө чечимге председателдин белгиси коюлат.

16-статья. Ишти карап бүткөндөн кийин третей сотунун бардык өндүрүшү третей соту болуп өткөн жердеги райондук (шаардык) эл сотуна сактоо үчүн берилет.

17-статья. Өз эрки менен аткарылбаган третей сотунун чечими эл соту тарабынан берилүүчү аткаруу барагынын негизинде мажбурлоо жолу менен аткарылышы мүмкүн.

18-статья. Судья аткаруу барагын берүү убагында третей сотунун чечиминин законго каршы келерин же келбестигин жана аны чыгарып жатканда ушул Жободо каралган эрежелерди бузуулар жиберилген же жиберилбегендигин текшерет.

19-статья. Аткаруу барагын берүүдөгү эл судьясынын отказ кылышына отказ берилген күндөн тартып он күндүк мөөнөттө жай арыз берилиши же протест келтирилиши мүмкүн.

20-статья. Эл судьясынын аткаруу барагын берүүдөгү отказы жөнүндөгү аныктамасы законду күчүнө киргенден кийин талаш, ага кызыкчылыгы бар тараптын арызы боюнча сотто чечилиши мүмкүн,

МАЗМУНУ

I БӨЛҮМ

ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР


*1-глава.* Негизги жоболор . . . . . . . 6
*2-глава.* Соттун составы. Отводдор . . . . 12
*3-глава.* Караштуулук . . . . . . . 16
*4-глава.* Ишке катышуучу жактар . . . . 17
*5-глава.* Соттогу өкүлдүк . . . . . . . 23
*6-глава.* Далилдер . . . . . . . . 26
*7-глава.* Соттук расходдор . . . . . . 35
*8-глава.* Соттук штрафтар . . . . . . 44
*9-глава.* Процессуалдык мөөнөттөр . . . . 45
*10-глава.* Соттук кабарлоолор жана чакыруулар 47


II БӨЛҮМ

БИРИНЧИ ИНСТАНЦИЯДАГЫ СОТТО ИШТЕРДИН ӨНДҮРҮШҮ

1. Доо өндүрүшү


*11-глава.* Кайсы сотто карала тургандык . . . 50
*12-глава.* Доо коюу . . . . . . . . 55
*13-глава.* Доону камсыз кылуу . . . . . 58
*14-глава.* Соттук карашка граждандык иштерди даярдоо . . . . . . . . . . 60
*15-глава.* Соттук кароо . . . . . . . 62
*16-глава.* Соттун чечими . . . . . . . 76
*17-глава.* Соттун аныктамалары . . . . . 84
*18-глава.* Иш боюнча өндүрүштү токтотуу . . 86
*19-глава.* Иш боюнча өндүрүштү кыскартуу . . 87
*20-глава.* Арызды карабай калтыруу . . . . 88
*21-глава.* Протоколдор . . . . . . . . 89


2. АДМИНИСТРАТИВДИК УКУК МАМИЛЕЛЕРИНЕН КЕЛИП ЧЫГУУЧУ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ


*22-глава.* Жалпы жоболор . . . . . . . 91
*23-глава.* Шайлоочулардын тизмелериндеги туура эместиктерге карата арыздар . . . . 92
*24-глава.* Административдик органдардын же кызмат адамдарынын аракеттерине карата арыздар . . . . . . . . . . 93

25-глава. Налогдор, айылдык калктын өз ара салыгы жана мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу боюнча граждандардан недоимкаларды өндүрүү жөнүндөгү иштер . 95

## 3. ӨЗГӨЧӨ ӨНДҮРҮШ

26-глава. Жалпы жоболор . . . . . . . 97
27-глава. Юридикалык мааниси бар болгон фактыларды аныктоо . . . . . . . 98
28-глава. Гражда용ниндн дайынсыз жок деп табуу жана гражданинди өлгөн деп жарыялоо 100
29-глава. Граждаяинди аракет жөндөмдүүлүгү жок же аракет жөндөмдүүлүгү чектелген деп табуу . . . . . . . . 101
30-глава. Нотариалдык иштерге же аларды жүзөгө ашыруудан отказ кылууга даттануу 103
31-глава. Көрсөтүүчүгө берилген жоголгон документтер боюнча укукту калыбына келтирүү (чакыруу өндүрүшү) . . . . 105
32-глава. Граждандык абал актыларын каттоодогу туура эместикти аныктоо . . . 107
33-глава. Мүлктү ээсиз деп табуу . . . . 108

## III БӨЛҮМ

## КАССАЦИЯЛЫК ИНСТАНЦИЯДАГЫ ИШТЕРДИН ӨНДҮРҮШҮ

34-глава. Соттун чечимдерине даттануу жана протест келтирүү . . . . . . . . 109
35-глава. Соттун аныктамаларына даттануу жана протест келтирүү . . . . . . . 120

## IV БӨЛҮМ

## ЗАКОНДУУ КҮЧҮНӨ КИРГЕН ЧЕЧИМДЕРДИ, АНЫКТАМАЛАРДЫ ЖАНА ТОКТОМДОРДУ КАЙРА КАРАП ЧЫГУУ

36-глава. Надзордук инстанциядагы иштердин өндүрүшү . . . . . . . . . 121
37-глава. Закондуу күчүнө кирген чечимдерди, аныктамаларды жана токтомдорду жаңы ачылган жагдайлар боюнча кайра кароо . . . . . . . . . . 129

## V БӨЛҮМ

## АТКАРУУ ӨНДҮРҮШҮ

38-глава. Жалпы жоболор . . . . . . . . 132
39-глава. Граждандарга карата болгон чечимдерди аткаруу . . . . . . . . 145
40-глава. Мамлекеттик ишканаларга, мекемелерге, уюмдарга, колхоздорго, кооперативдик башка уюмдарга, алардын бирикмелерине, коомдук башка уюмдарга карата чечимдерди аткаруу . . . . . 160



41-глава. Өндүрүлгөн суммаларды өндүртүп алуучулардын арасында бөлүштүрүү . . 163
42-глава. Соттун чечимин аткарууда өндүртүп алуучунун, карыздакордун жана башка жактардын укуктарын коргоо . . . 167

## VI БӨЛҮМ

Чет өлкөлүк граждандардын жана граждандыгы жок адамдардын граждандык-процессуалдык укуктары. Чет өлкөлүк мамлекеттерге доо коюу, чет өлкөлүк соттордун соттук тапшырмалары жана чечимдери. Эл аралык договорлор . . 170
№ 1-тиркеме. Аткаруу документтери боюнча өндүрүүнү жүргүзүүгө мүмкүн болбой турган мүлктөрдүн түрлөрүнүн тизмеси . . . . 174
№ 2-тиркеме. Жоголгон соттук же аткаруу өндүрүшүн калыбына келтирүү . . . . . 176
№ 3-тиркеме. Третей соту жөнүндө жобо . . 178

*Пролетарии всех стран, соединяйтесь!*



# ГРАЖДАНСКИЙ ПРОЦЕССУАЛЬНЫЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

*(Издание третье, с изменениями и дополнениями)*
*на 1 января 1983 года*

# ЗАКОН КИРГИЗСКОЙ СОВЕТСКОЙ СОЦИАЛИСТИЧЕСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ГРАЖДАНСКОГО ПРОЦЕССУАЛЬНОГО КОДЕКСА КИРГИЗСКОЙ ССР

Верховный Совет Киргизской Советской Социалистической Республики постановляет:

Статья 1. Утвердить Гражданский процессуальный кодекс Киргизской Советской Социалистической Республики и ввести его в действие с 1 января 1965 года.

Статья 2. Поручить Президиуму Верховного Совета Киргизской ССР установить порядок введения в действие Гражданского процессуального кодекса Киргизской ССР и привести законодательство Киргизской ССР в соответствие с настоящим Кодексом.

Председатель Президиума Верховного Совета Киргизской ССР

Секретарь Президиума Верховного Совета Киргизской ССР

*30 июля 1964 г.*
*г. Фрунзе*

# ГРАЖДАНСКИЙ ПРОЦЕССУАЛЬНЫЙ КОДЕКС КИРГИЗСКОЙ ССР

## РАЗДЕЛ I

## ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

### ГЛАВА 1

### ОСНОВНЫЕ ПОЛОЖЕНИЯ

**Статья 1. Законодательство о гражданском судопроизводстве**

Порядок производства по гражданским делам во всех судах Киргизской ССР определяется Основами гражданского судопроизводства Союза ССР и союзных республик и издаваемыми в соответствии с ними другими законами Союза ССР и Гражданским процессуальным кодексом Киргизской ССР.

Законодательство о гражданском судопроизводстве устанавливает порядок рассмотрения дел по спорам, возникающим из гражданских, семейных, трудовых и колхозных правоотношений, дел, возникающих из административно-правовых отношений, и дел особого производства. Дела, возникающие из административно-правовых отношений, и дела особого производства рассматриваются по общим правилам судопроизводства за отдельными изъятиями, установленными законодательством Союза ССР и Киргизской ССР.

**Статья 2. Задачи гражданского судопроизводства**

Задачами советского гражданского судопроизводства являются правильное и быстрое рассмотрение и разрешение гражданских дел в целях охраны общественного строя СССР, социалистической системы хозяйства и социалистической собственности, защиты социально-экономических, политических и личных прав и свобод граждан, гарантированных Конституцией СССР, Конституцией Киргизской ССР и советскими законами, и охраняемых законом интересов граждан, а также прав и охраняемых законом интересов государственных предприятий, учреждений, организаций, колхозов, иных кооперативных организаций, их объединений, других общественных организаций.



Гражданское судопроизводство должно способствовать укреплению социалистической законности, предупреждению правонарушений, воспитанию граждан в духе неуклонного исполнения советских законов и уважения правил социалистического общежития.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 3. Порядок производства по гражданским делам**

Производство по гражданским делам в судах Киргизской ССР ведется по гражданским процессуальным законам Союза ССР и Киргизской ССР, действующим во время рассмотрения дела, совершения отдельных процессуальных действий или исполнения решения суда.

**Статья 4. Право на обращение в суд за судебной защитой**

Всякое заинтересованное лицо вправе в порядке, установленном законом, обратиться в суд за защитой нарушенного или оспариваемого права или охраняемого законом интереса.

Отказ от права на обращение в суд недействителен.

**Статья 5. Возбуждение гражданского дела в суде**

Суд приступает к рассмотрению гражданского дела:

1) по заявлению лица, обращающегося за защитой своего права или охраняемого законом интереса;

2) по заявлению прокурора;

3) по заявлению органов государственного управления, профсоюзов, государственных предприятий, учреждений, организаций, колхозов, иных кооперативных организаций, их объединений, других общественных организаций или отдельных граждан в случаях, когда по закону они могут обращаться в суд за защитой прав и интересов других лиц.

По делам искового производства подаются исковые заявления, по делам, вытекающим из административно-правовых отношений, и по делам особого производства — жалобы и заявления.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 6. Осуществление правосудия только судом и на началах равенства граждан перед законом и судом**

Правосудие по гражданским делам осуществляется

только судом и на началах равенства перед законом и судом всех граждан, независимо от их происхождения, социального и имущественного положения, расовой и национальной принадлежности, пола, образования, языка, отношения к религии, рода и характера занятий, места жительства и других обстоятельств.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 7. Участие народных заседателей и коллегиальность в рассмотрении дел**

Гражданские дела во всех судах рассматриваются судьями и народными заседателями, избранными в установленном законом порядке.

Рассмотрение гражданских дел во всех судах в первой инстанции производится в составе судьи и двух народных заседателей.

Народные заседатели при осуществлении правосудия пользуются всеми правами судьи. Народные заседатели пользуются равными правами с председательствующим в судебном заседании в решении всех вопросов, возникающих при рассмотрении дела и постановлении решения.

Рассмотрение дела в кассационном порядке осуществляется судами в составе трех членов суда, а в порядке судебного надзора — в составе не менее трех членов суда.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 8. Независимость судей и подчинение их только закону**

При осуществлении правосудия по гражданским делам судьи и народные заседатели независимы и подчиняются только закону. Судьи и народные заседатели разрешают гражданские дела на основе закона, в соответствии с социалистическим правосознанием, в условиях, исключающих постороннее воздействие на судей.

**Статья 9. Язык, на котором ведется судопроизводство**

Судопроизводство по гражданским делам ведется на киргизском языке или на языке большинства населения данной местности.

Лицам, не владеющим языком, на котором ведется судопроизводство, обеспечивается право делать заявления, давать объяснения и показания, выступать на суде и заявлять ходатайства на родном языке, а также пользоваться



услугами переводчика в порядке, установленном настоящим Кодексом.

Судебные документы, в соответствии с установленным законом порядком, вручаются лицам, участвующим в деле, в переводе на их родной язык, или на другой язык, которым они владеют.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 10. Гласность судебного разбирательства**

Разбирательство дел во всех судах открытое, за исключением случаев, когда это противоречит интересам охраны государственной тайны.

Закрытое судебное разбирательство, кроме того, допускается по мотивированному определению суда в целях предотвращения разглашения сведений об интимных сторонах жизни участвующих в деле лиц, а также обеспечения тайны усыновления.

При разбирательстве дела в закрытом судебном заседании присутствуют лица, участвующие в деле, их представители, представители общественных организаций и трудовых коллективов, если они допущены к участию в судебном разбирательстве, а в необходимых случаях также свидетели, эксперты и переводчики.

В зал судебного заседания не допускаются граждане моложе шестнадцати лет, если они не являются лицами, участвующими в деле, или свидетелями.

Слушание дела в закрытом заседании суда ведется с соблюдением всех правил судопроизводства. Решения судов во всех случаях провозглашаются публично.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 11. Разрешение дел на основании действующего законодательства**

Суд обязан разрешать дела на основании законов Союза ССР, союзных и автономных республик, указов Президиума Верховного Совета СССР, Президиумов Верховных Советов союзных и автономных республик, постановлений высших органов государственного управления Союза ССР, союзных и автономных республик. Суд применяет также акты, изданные другими органами государственной власти и управления в пределах предоставленной им компетенции.

Суд в соответствии с законом применяет нормы иностранного права.

В случае отсутствия закона, регулирующего спорное отношение, суд применяет закон, регулирующий сходные отношения, а при отсутствии такого закона суд исходит из общих начал и смысла советского законодательства.

**Статья 12. Надзор вышестоящих судов за судебной деятельностью**

В соответствии со статьей 13 Основ гражданского судопроизводства Союза ССР и союзных республик надзор за судебной деятельностью судов Киргизской ССР в пределах, установленных законом, осуществляет Верховный Суд Союза ССР.

Верховный Суд Киргизской ССР осуществляет надзор за судебной деятельностью всех судов Киргизской ССР.

Областной суд осуществляет надзор за судебной деятельностью районных (городских) народных судов, находящихся на территории данной области.

Фрунзенский городской суд осуществляет надзор за судебной деятельностью районных народных судов города Фрунзе.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 20 марта 1979 г., 22 апреля 1981 г.).

**Статья 13. Прокурорский надзор в гражданском судопроизводстве**

В соответствии со статьей 14 Основ гражданского судопроизводства Союза ССР и союзных республик надзор за точным и единообразным исполнением законов Союза ССР и Киргизской ССР осуществляется Генеральным Прокурором СССР и подчиненными ему Прокурором Киргизской ССР и нижестоящими прокурорами.

Прокурор обязан во всех стадиях гражданского судопроизводства своевременно принимать предусмотренные законом меры к устранению всяких нарушений закона, от кого бы эти нарушения не исходили.

Свои полномочия в гражданском судопроизводстве прокурор осуществляет независимо от каких бы то ни было органов и должностных лиц, подчиняясь только закону и руководствуясь указаниями Генерального Прокурора СССР.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 14. Обязательность решения, определения и постановления суда**

В соответствии со статьей 15 Основ гражданского судопроизводства Союза ССР и союзных республик вступившие в законную силу решение, определение и постановление суда обязательны для всех государственных предприятий, учреждений, организаций, колхозов, иных кооперативных организаций, их объединений, других общественных организаций, должностных лиц и граждан и подлежат исполнению на всей территории СССР.



Обязательность решения, определения и постановления не лишает заинтересованных лиц возможности обратиться в суд за защитой прав и охраняемых законом интересов, спор о которых судом не был рассмотрен и разрешен.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 15. Выяснение судом действительных обстоятельств дела, прав и обязанностей сторон**

Суд обязан, не ограничиваясь представленными материалами и объяснениями, принимать все предусмотренные законом меры для всестороннего, полного и объективного выяснения действительных обстоятельств дела, прав и обязанностей сторон.

Суд должен разъяснить лицам, участвующим в деле, их права и обязанности, предупреждать о последствиях совершения или несовершения процессуальных действий и оказывать лицам, участвующим в деле, содействие в осуществлении их прав.

## ГЛАВА 2

## СОСТАВ СУДА. ОТВОДЫ

**Статья 16. Коллегиальность рассмотрения гражданских дел**

Гражданские дела во всех судах рассматриваются коллегиально: в суде первой инстанции — в составе судьи и народных заседателей, в кассационной и надзорной инстанциях — в составе председательствующего и членов суда.

В случаях, когда настоящим Кодексом судье предоставлено право единолично разрешать отдельные вопросы, он действует от имени суда.

Вопросы, которые судья вправе разрешать единолично, могут также решаться судом в коллегиальном составе.

**Статья 17. Порядок разрешения вопросов судом**

Все вопросы, возникающие при разбирательстве дела, решаются судьями по большинству голосов. При решении

каждого вопроса никто из судей не вправе воздерживаться от голосования. Председательствующий голосует последним.

Судья или народный заседатель, не согласный с решением большинства, может изложить в письменном виде свое особое мнение. Особое мнение приобщается к делу, но в зале судебного заседания не оглашается.

Если дело, по которому имеется особое мнение, не было предметом рассмотрения суда второй инстанции, оно, по вступлении решения в законную силу, вместе с делом подлежит направлению председателю вышестоящего суда для решения вопроса об опротестовании решения.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 18. Отвод судьи, прокурора и других участников процесса**

Судья, народный заседатель, прокурор, секретарь судебного заседания, эксперт и переводчик не могут участвовать в рассмотрении дела и подлежат отводу, если они лично, прямо или косвенно заинтересованы в исходе дела или имеются иные обстоятельства, вызывающие сомнение в их беспристрастности.

**Статья 19. Основания для отвода судьи**

Судья или народный заседатель не может участвовать в рассмотрении дела:

1) если он при предыдущем рассмотрении данного дела участвовал в качестве свидетеля, эксперта, переводчика, представителя, прокурора, секретаря заседания;

2) если он является родственником сторон, других лиц, участвующих в деле, или представителей;

3) если он лично, прямо или косвенно заинтересован в исходе дела или если имеются иные обстоятельства, вызывающие сомнение в его беспристрастности.

В состав суда, рассматривающего гражданское дело, не могут входить лица, состоящие в родстве между собой.

**Статья 20. Недопустимость повторного участия судьи в рассмотрении дела**

Судья или народный заседатель, принимавший участие в рассмотрении гражданского дела в суде первой инстанции, не может участвовать в рассмотрении этого дела в суде кассационной инстанции или в порядке судебного надзора.



Судья, принимавший участие в рассмотрении дела в суде кассационной инстанции, не может участвовать в рассмотрении этого дела в суде первой инстанции или в порядке судебного надзора.

Судья, принимавший участие в рассмотрении дела в порядке судебного надзора, не может участвовать в рассмотрении того же дела в суде первой инстанции и в кассационной инстанции.

Участие судьи в рассмотрении дела в Судебной коллегии по гражданским делам и Президиуме Верховного Суда Киргизской ССР не является препятствием для участия его в заседании Пленума Верховного Суда Киргизской ССР по рассмотрению того же дела.

Участие в рассмотрении дела на Пленуме Верховного Суда Киргизской ССР не является препятствием для участия судьи в рассмотрении дела в составе Судебной коллегии по гражданским делам Верховного Суда Киргизской ССР.

**Статья 21. Основания для отвода прокурора, эксперта, переводчика, секретаря судебного заседания**

Основания для отвода, указанные в статье 19 настоящего Кодекса, распространяются также на прокурора, эксперта, переводчика и секретаря судебного заседания.

Эксперт, кроме того, не может участвовать в рассмотрении дела:

1) если он находится или находился в служебной или иной зависимости от сторон, других лиц, участвующих в деле, или представителей;

2) если он производил ревизию, материалы которой послужили основанием к возбуждению данного гражданского дела;

3) в случае, когда обнаружится его некомпетентность.

Участие прокурора, эксперта, переводчика и секретаря судебного заседания при предыдущем рассмотрении данного дела в качестве соответственно прокурора, эксперта, переводчика, секретаря судебного заседания не является основанием для их отвода.

**Статья 22. Основания для отвода представителя общественной организации или трудового коллектива**

Представитель общественной организации или трудового коллектива может быть отведен, если он лично, прямо

или косвенно заинтересован в исходе дела, или если имеются иные обстоятельства, вызывающие сомнение в его беспристрастности.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 23. Заявления об отводах**

При наличии обстоятельств, указанных в статьях 19-22 настоящего Кодекса, судья, народный заседатель, прокурор, представитель общественной организации или трудового коллектива, эксперт, переводчик, секретарь судебного заседания обязаны заявить самоотвод. По тем же основаниям отвод может быть заявлен лицами, участвующими в деле.

Отвод должен быть мотивированным и заявлен до начала рассмотрения дела по существу. Позднейшее заявление отвода допускается лишь в тех случаях, когда основание для него сделалось известным лицу, заявляющему отвод, после начала рассмотрения дела.

Если основание для отвода стало известно суду после начала рассмотрения дела, то суд обязан сообщить о нем в судебном заседании с целью разрешения вопроса об отводе.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).

**Статья 24. Порядок разрешения заявленного отвода**

В случае заявления отвода суд должен выслушать мнение лиц, участвующих в деле, а также заслушать лицо, которому заявлен отвод, если отводимый желает дать объяснение. Вопрос от отводе разрешается судом в совещательной комнате.

Вопрос об отводе судьи или народного заседателя разрешается остальными судьями в отсутствие отводимого. При равном количестве голосов, поданных за отвод и против отвода, судья или народный заседатель считается отведенным.

Отвод, заявленный нескольким судьям или всему составу суда, разрешается этим же судом в полном составе простым большинством голосов.

Вопрос об отводе прокурора, представителя общественной организации или трудового коллектива, эксперта, переводчика и секретаря судебного заседания разрешается судом, рассматривающим дело.

(Указ Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 22 апреля 1981 г.).



**Статья 25. Последствия удовлетворения заявления об отводе**

В случае отвода народного судьи, народного заседателя или всего состава суда при рассмотрении дела в районном (городском) народном суде дело рассматривается в том же суде, но в ином составе судей, либо передается на рассмотрение в другой районный (городской) народный суд, если в районном (городском) народном суде, где рассматривается дело, замена судьи становится невозможной.

В случае отвода члена суда, народного заседателя или всего состава суда при рассмотрении дела в Верховном Суде Киргизской ССР, областном, Фрунзенском городском суде дело рассматривается в том же суде, но в другом составе судей.

